2. **Об одобрении Национальной рамки квалификаций:** Постановление Правительства КР от 18 сентября 2020 года № 491 [Электронный ресурс] – Режим доступа: https://www.gov.kg/ru/npa/s/2709.
3. О дальнейшем совершенствовании системы послевузовского образования: Указ Президента Республики Узбекистан. № УП-4958 от 16 февраля 2017 г. [Электронный ресурс] – Режим доступа: https://lex.uz/docs/3119697.
4. Кодекс Республики Молдова о науке и инновациях от 15 июля 2004 года. -№ 259-XV. [Электронный ресурс] – Режим доступа: https://bizlex.ru/32-kodeks-respubliki-moldova-o-nauke-i-innovaciyah.html.
5. Закон Азербайджанской Республики от 19.06.2009 г. № 833-IIIQ «Об образовании» [Электронный ресурс] – Режим доступа: https://www.edu.gov.az/ru/pdf/72/4297 .
6. О высшем образовании: Закон Республики Грузия от 21 декабря 2004. -№ 688-вс. [Электронный ресурс] – Режим доступа: https://www.refworld.org.ru/docid/55d4434611f.html [последняя дата доступа 17 сентября 2021.
7. Соглашение о создании Содружества Независимых Государств, принятом 8 декабря 1991 года. [Электронный ресурс] – Режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/17536?cl=ru-ru.
8. Соглашение о сотрудничестве в области образования 15 мая 1992 года// Бюллетень международных договоров. -№ 6, - 1994. [Электронный ресурс] – Режим доступа: https://nic.gov.ru/ru/docs/foreign/collaboration/agreemenet_cooperation_1992.
9. Соглашение между Правительством Республики Беларусь, Правительством Республики Казахстан, Правительством Кыргызской Республики, Правительством Российской Федерации и Правительством Республики Таджикистан о взаимном признании и эквивалентности документо об образовании, ученых степенях и званиях от 24 ноября 1998 года (В редакции Протокола от 26 февраля 2002 года). [Электронный ресурс] – Режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/17477
10. Соглашение о механизме взаимного признания и установления эквивалентности документов об ученых степенях в государствах-членах Евразийского экономического сообщества (Душанбе, 27 сентября 2005 года). [Электронный ресурс] – Режим доступа: https://nic.gov.ru/ru/docs/foreign/confirmation/agreem_recog_EurAsEC_2005.

11. Соглашение о взаимном признании и эквивалентности документов об образовании, учёных степенях и учёных званиях в Евразийском экономическом сообществе от 31 мая 2013. [Электронный ресурс] – Режим доступа: https://ppt.ru/docs/soglasheniye/232483.
12. О развитии Евразийской экономической интеграции [Электронный ресурс] – Режим доступа: http://old.economy.gov.ru/minec/activity/sections/integration/20160711.
13. Соглашение между Правительством Кыргызской Республики и Правительством Республики Беларусь о сотрудничестве в области аттестации научных и научно-педагогических кадров высшей квалификации от 27 ноября 2006 года. [Электронный ресурс] – Режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/17821.
14. Соглашение между государственным учреждением Высшей аттестационной комиссии при Президенте Республики Таджикистан и Высшей аттестационной комиссией Кыргызской Республики о сотрудничестве в области аттестации научных и научно-педагогических кадров высшей квалификации от 2 февраля 2018 года. [Электронный ресурс] – Режим доступа: https://e-cis.info/cooperation/3753/86899/.
15. Концепция формирования единого (общего) образовательного пространства Содружества Независимых Государств: Утв. решением Совета глав правительств Содружества Независимых Государств о Концепции формирования единого (общего) образовательного пространства Содружества Независимых Государств от 17 января 1997 года. [Электронный ресурс] – Режим доступа: https://docs.cntd.ru/document/1902926.
16. Атабекова Н. К. Социальная политика Кыргызской Республики в конституционно-правовом аспекте. Монография. – Бишкек: Улуу тоолор, 2019.
17. Положение о диссертационном совете: утверждено постановлением Правительства Кыргызской Республики от 22 августа 2012 года N 578 (В редакции постановлений Правительства КР от 30 июля 2014 года № 425, 30 июля 2015 года № 542, 28 февраля 2017 года № 125, 9 марта 2020 года № 137). [Электронный ресурс] – Режим доступа: http://vak.kg/wp-content/uploads/2021/03/DS-2020-russk.pdf.
18. Положение о подготовке научно-педагогических и научных кадров в Кыргызской Республике: утверждено постановлением Правительства Кыргызской Республики от 16 июля 2018 года № 327. Электронный ресурс] – Режим доступа: http://vak.kg/wp-content/uploads/2020/07/343-_-_.pdf
19. Положение о порядке присуждения ученых степеней: утверждено постановлением Правительства Кыргызской Республики от 22 августа 2012 года N 578 (В редакции постановлений Правительства КР от 30 июля 2014 года № 425, 30 июля 2015 года № 542, 28 февраля 2017 года № 125, 9 марта 2020 года № 137). [Электронный ресурс] – Режим доступа: http://vak.kg/wp-content/uploads/2021/03/Uch.st.-2020-rus.pdf
20. Положение об экспертном совете: утверждено постановлением Правительства Кыргызской Республики от 22 августа 2012 года N 578 (В редакции постановлений Правительства КР от 30 июля 2014 года № 425, 30 июля 2015 года № 542, 28 февраля 2017 года № 125, 9 марта 2020 года № 137). [Электронный ресурс] – Режим доступа: http://vak.kg/wp-content/uploads/2021/03/YES-2020-russk.pdf.

## ГЕОЛОГИЯ GEOLOGY

УДК:504.05+624.131.1(575.2)

**Аманов Кадыр Аманович,**

*геология-минералогия илимдеринин кандидаты,*

*Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын*

*эмгек сиңирген кызматкери, эмгектин ардагери*

**Аманов Кадыр Аманович,**

*кандидат геолого-минералогических наук,*

*заслуженный работник Национальной академии наук Кыргызской Республики,*

*ветеран труда*

**Amanov Kadyr Amanovich,**

*candidate of geological and mineralogical sciences,*

*Honored Worker of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic, labor veteran*

**Молдогазиева Гулмира Такишевна,** *илимий кызматкер*

**Молдогазиева Гульмира Такишевна***, научный работник*

**Moldogazieva Gulmira Takichevna,** *researcher*

**Касиев Айбек Кермакунович,** *илимий кызматкер*

**Касиев Айбек Кермакунович,** *научный работник*

**Kasiev Aibek Kermakunovich,** *researcher*

**Кожобаев Канатбек Асекович**

*техника илимдеринин доктору, "Манас" Кыргыз-Түрк университетинин профессору,*

*Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү,*

*Кыргыз Республикасынын Инженердик академиясынын академиги*

**Кожобаев Канатбек Асекович**

*доктор технических наук, член- корреспондент НАН КР,*

*профессор Кыргызско-Турецкого университета "Манас",*

*академик Инженерной академии Кыргызской Республики*

**Kojobaev Kanatbek Asekovich,**

*doctor of technical sciences,*
*corresponding member of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic,*
*professor of the Kyrgyz-Turkish University "Manas",*
*academician of the engineering academy of the Kyrgyz Republic*

**"Эпилог"**

1. Макала толугу менен авторлордун өзүлөрү гана чогулткан алгачкы фактматериалдардын негизинде жазылды.
2. Макалада келтирилген маалыматтар, көбүн эсе, жергиликтүү элге керек болгондуктан, алар, ар бир кыргыз тургунуна түшүнүктүү болсун үчүн мүмкүн болушунча, жөнөкөй түрдө жана жалпак тилде берилди.

**"Эпилог"**

1. Статья полностью написана на основе фактматериалов, собранных только самими авторами.
2. Так как информация, представленная в статье, наиболее востребована местными жителями, она представлена в максимально простой форме и доступным языком, чтобы быть понятной каждому кыргызстанцу.

**"Epilogue"**

1. The article is completely written on the basis of factual materials collected only by the authors themselves.
2. Since the information provided in the article is most in demand by local residents, it is presented in the most simple form and in an accessible language to be understandable to every citizen of Kyrgyzstan.

*Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын*
*М.М.Адышев атындагы Геология институту*

*Институт геологии имени М.М.Адышева*
*Национальной академии наук Кыргызской Республики*

*Institute of Geology named after M.M. Adyshev of the National Academy*
*of Sciences of the Kyrgyz Republic*

# КЕМИНДЕ ИШТЕГЕН АК-ТҮЗ РУДНИГИНИН АЙЛАНА-ЧӨЙРӨГӨ ТИЙГИЗГЕН ТЕРС ТААСИРИНЕН КИЧИ-КЕМИН ӨРӨӨНҮНДӨ ЖАШАГАН АДАМДАРДЫН ӨМҮРҮ КАНЧАГА КЫСКАРГАН?

# НА СКОЛЬКО СОКРАТИЛАСЬ ПРОДОЛЖИТЕЛЬНОСТЬ ЖИЗНИ ЛЮДЕЙ, ПРОЖИВАЮЩИХ В КИЧИ-КЕМИНСКОЙ ДОЛИНЕ ИЗ-ЗА НЕГАТИВНОГО ВОЗДЕЙСТВИЯ РУДНИКА АК-ТЮЗ НА ОКРУЖАЮЩУЮ СРЕДУ В КЕМИНЕ

# HOW MUCH HAS THE LIFE EXPECTANCY OF PEOPLE LIVING IN THE KICHI-KEMIN VALLEY BEEN REDUCED DUE TO THE NEGATIVE IMPACT OF THE AK-TUZ MINE ON THE ENVIRONMENT?

**Аннотация.** Макалада көп жылдар мурда (1943-жылдан баштап) Кичи-Кемин өрөөнүнүн (Кыргызстан) жогору бийик тоолуу жагында тоо-кен өндүрүш иштерин жүргүзгөн Ак-Түз руднигинин жана ал токтогондон кийин (1995-ж) дагы бир нече чет элдик компаниялардын тынымсыз иштешинин айлана-чөйрөгө, анын ичинде, бөтөнчө, ошол өрөөндө жашаган адамдардын ден соолугуна тийгизген терс таасирлеринин негизинде пайда болгон, ондогон жылдар бою чечилбей келе жаткан Кичи-Кемин өрөөнүнүн курч экологиялык көйгөйлөрү тууралуу кыскача, бирок абдан маанилүү маселелер көтөрүлөт.

Жогоруда аталган тоо-кен ишканалардын өрөөндүн айлана-чөйрөсүнө жана, биринчи ирет, адамдардын ден соолугуна тийгизген таасирлери жөнүндө так маалыматтарды издеп табуу максатында ошол ишканалардын иштеп турган мезгилдеринде Кичи-Кемин өрөөнүндө жашап жүрүп, өлгөн миңдеген адамдардын жаш курактарын ар тараптан статистикалык иликтөө ыкмасын пайдаланып, авторлор төмөндөгүдөй жыйынтыкка келишкен: геоэкологиясы жагынан көйгөйлүү Кичи-Кемин өрөөнүндө жашаган адамдардын өмүрүнүн узактыгы кеминде 15-20 жылга кыскарган. Деги эле адамдардын ден соолугуна терс таасирин тийгизип жаткан ишканаларга экологиялык жактан баа берүүдө авторлордун статистикалык иликтөө ыкмасы ийгиликтүү пайдаланууга сунушталат.

**Негизги сөздөр**: *Ак-Түз кендигинин адамдардын ден-соолугуна тийгизген өтө терс таасири.*

**Аннотация.** В статье вкратце поднимаются вопросы об очень сложных (критических) экологических проблемах Кичи-Кеминской долины, возникших в результате воздействия на окружающую природную среду (ОПС) и на здоровье проживающих в этой долине людей многолетней (с 1943 г. по 1995 г.) беспрерывной горнодобывающей деятельности Ак-Тюзского рудника, а также ряда других иностранных компаний в верхней высокогорной части долины, и, к сожолению, до сих пор не решаемых властями, якобы из-за отсутствия убедительных доказательств о вредном воздействии предприятий на здоровье людей.

С целью найти конкретные данные о степени прямого воздействия вышеупомянутных предприятий на здоровье проживающих в Кичи-Кеминской долине людей, авторы использовали своеобразно уникальный метод многостороннего статистиче-

ского анализа возрастов всех умерших в долине (свыше 4 тысяч) людей за всё время деятельности горнорудных предприятий. В результате авторы статистически выявили, что продолжительность жизни людей, проживающих в экологически проблемной Кич-Кеминской долине, сокращается по меньшей мере на 15-20 лет. Применённый метод статистического анализа возрастов умерших людей рекомендуется к применению при экологической оценке степени вредного воздействия любого промышленного предприятия на ОПС, в т.ч. на здоровье человека.

**Ключевые слова:** *весма отрицательное воздействие Ак-Тюзского рудника на здоровье человека.*

**Abstract.** The article raises brief but very important questions about acute environmental problems and their impact on the health of the people of the Kichi-Kemin Valley, which have not been resolved for decades, arising from the constant negative impact on the environment of the Ak-Tuz mine, which has been extracting minerals (since 1943 .) in the upper reaches of the Kichi-Kemin valley (Kyrgyzstan) and foreign companies continuing production in the region after its closure (1995).

In order to obtain reliable information for the first time on the impact of the above-mentioned mining enterprises on the environment of the valley and on people's health, the authors, using the method of statistical research, based on the ages of thousands of people living in the Kichi-Kemin Valley during the period of operation of these enterprises, came to the following conclusion - The life expectancy of people living in the environmentally unfavorable Kichi-Kemin valley has decreased by at least 15-20 years. In general, for the environmental assessment of the activities of enterprises that have a negative impact on human health, we recommend using the method of statistical research.

**Key words:** *very negative impact of the Ak-Tuz mine on human health.*

Кичи-Кемин өрөөнү Кыргыз Республикасынын (КР) Чүй облусунун Кемин районунда орун алган. Ал физико-географиялык жактан Чүй өрөөнүнө анын түндүк-чыгыш тарабынан туташат.

Ошол Кичи-Кемин өрөөнүнүн жогорку бийик тоолуу жагында өткөн кылымдын 30-жылдарында советтик геологдор тарабынан Ак-Түз кендүү талаасы (орусча–рудное поле) табылып, анан анын чегинде (аймагында) бир нече ар түрдүү чоң-чоң кендүү жерлер (орусча–месторождение) ачылып, 1940-жылдардан баштап, биринин артынан бири, мурдагы Кыргыз тоо-кен-металлургиялык комбинаты (КТКМК) тарабынан казылып алына баштаган. Казып алуу, кенди иштетүү жана байытуу процесстерин ошол эле кен чыккан жерлерде курулган Ак-Түз кендиги (орусча–рудниги) жүргүзгөн. Ал өзүнүн кен байытуучу фабрикасы менен бирге жарым кылымга жакын убакытта иштеп туруп, гипсометриялык жактан өзүнөн төмөн жайгашкан Кичи-Кемин өрөөнүнүн экологиясына такай терс таасирин тийгизе берген [3,5,6,8], бирок ал мезгилдерде ошол өрөөндүн экологиясынын начар экендиги жөнүндө ачык маалымат бермек түгүл, эч ким ал жөнүндө ойлонуп да койгон эмес! Өрөөндүн экологиясы канчалык бузулганы ал кездерде эч ким тарабынан аныкталган да эмес. Кандайдыр бир изилдөө иштери тууралуу бир да маалымат жок. Ал эми жергиликтүү элдин айтууларына караганда, Ак-Түз рудниги иштегенден баштап Кичи-Кемин өрөөнүнүн экологиясына, анын ичинде,

ал жерде жашаган адамдардын ден соолугуна өтө терс таасирин тийгизип келатат.

Рудник иштей баштагандан бери эле, бөтөнчө, анын №2 калдык сактагычында (к/с) болгон кырсыктын (кырсык тууралуу маалымат бир аз кийинчерээк берилет) натыйжасында өрөөндүн катуу техногендик-геохимиялык булгануусунан кийин, адамдар өздөрүнүн ден-соолугунун өтө эле начарлай баштаганын сезишип, жергиликтүү, а түгүл жогорку малекеттик жана партиялык органдарга дагы арызданып кайрылып келишкен, бирок, тилекке каршы, канааттандырарлык жооп ала алышкан эмес.

Ак-Түз руднигинин таасиринен өрөөндүн ондогон, (тагыраак айтсак, 75-80) жылдар бою, такай булгана бергени аз келгенсип, 1964-жылдын 14-декабрында Ак-Түз руднигинин №2 к/с-да катастрофиялуу [3,7] кырсык (орусча-авария) болуп, анда сакталып турган, көлөмү 1 млн.$м^3$ болгон килкилдеген, ичинде далайлаган зыяндуу заттарды (коркунучтуулугу I жана II класстагы оор металлдар, дагы башка зыяндуу химиялык элементтер, алардын ичинде радиоэпкиндүү (орусча–радиактивдүү) элементтери да бар, өндүрүштө пайдаланылган органикалык уулуу заттар, кислоталар ж.б.у.с.) камтыган сууланган агылма кумдун (орусча–шлам) көлөмү 680 миң куб метрдей бөлүгү жарылган тосмодон (орусча–плотинадан) чоң басым менен агып чыгып, Кичи-Кемин дарыясына кошулуп бир далай суюлуп алып, сел сыяктуу Кичи-Кемин өрөөнүн каптап өткөнүнүн натыйжасында өрөөндүн көпчүлүк аймагы, бөтөнчө, сууну жээктей жайгашкан айылдардын аймактары, кооптуу, а түгүл коркунучтуу техногендик геохимиялык булганууга дуушар болгон [3-8].

Кичи-Кемин өрөөнүн мына ушундай өтө начар экологиялык абалга алып келген Ак-Түз руднигинин иштешинин, бөтөнчө, анын №2 к/с-нда болгон кырсыктын кесепеттеринин өрөөндө жашаган адамдардын ден соолугуна тийгизген терс таасирлерин [6,8] тыкыр изилдөө максатында КРдин Улуттук илимдер академиясынын (УИА) М.М. Адышев атындагы Геология институтунун геоэкология багытында эмгектенген кызматкерлери тарабынан илим-изилдөө тажрыйбасында биринчи жолу, салыштырмалуу ыкчам ыкма (орусча–метод) катарында Кичи-Кемин өрөөнүндө Ак-Түз рудниги жана башка дагы бир нече чет элдик тоо-кен ишканалар иштеп турган мезгилдерде (1943-2019-ж.ж.) жашап жүрүп өлгөн кишилердин жаш куракtары боюнча ар тараптуу статистикалык иликтөө (анализ) ыкмасы пайдаланылды. Ал үчүн Кичи-Кемин өрөөнүндө жайгашкан баардык 9 айылдын жана салыштыруу үчүн апреордуу (логика боюнча экологиясы таза) деп тандалып алынган, Кичи-Кемин өрөөнүнөн 50 км аралыкта жайгашкан, аны менен шамалдын багытыбы, же жер бетиндегиби, же жер астындагыбы суулардын генералдык агым багыттары боюнча эч бир түздөн-түз байланышы болбогон, ал эми гипсометриялык деңгээли, географиялык жана геоморфологиялык шарттары жагынан Кичи-Кемин өрөөнүнөн анчалык айырмаланбаган, Чүй облусунун Ысык-Ата районуна караштуу Юрьевка айылынын көрүстөндөрү боюнча 4000 ден ашык өлгөн адамдар тууралуу маалыматтар (фамилиясы, аты-жөнү, туулган жана өлгөн жылдары) жыйналган.

Айта кетишибиз керек: элетте салтка ылайык ар бир айылдын өздөрүнө гана тиешелүү көрүстөндөрү болот эмеспи. Ушундай мүмкүнчүлүктү пайдалануу менен статистикалык иликтөөлөр ар бир айыл боюнча өзүнчө, жалпы өрөөн боюнча өзүнчө жүргүзүлдү. Чо-

гулган маалыматтар өлгөндөрдүн жаш курактары боюнча төмөндөгүдөй 5 категорияга бөлүнүп, ар бир категориядагы өлгөндөрдүн саны жана пайызы эсептелип чыкты:

1) өлгөндөрдүн орточо курагы; 2)орточо куракка жетпегендер;

2) 18 жашка жетпегендер; 3) 50 жашка жетпегендер;

3) орточо республикалык жашоо курагына жетпегендер.

Алынган статистикалык маалыматтар төмөнкү таблицада берилди.

| Кезек № | Айылдын аты | 1950-2019-жылдар аралыгында өлгөндөрдүн | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жалпы саны | орточо курагы (жаш) | Орточо куракка жетпегендеринин | | 18 жашка жетпегендеринин | | 50 жашка жетпегендеринин | | Адамдын орточо республикалык жашоо курагында (71 жаш) жетпегендеринин | |
| | | | | саны | % | саны | % | саны | % | саны | % |
| 1 | Ак-Түз | 443 | 55 | 186 | 42 | 22 | 4.96 | 182 | 41.1 | 353 | 79.7 |
| 2 | Ильич | 290 | 59 | 127 | 43.79 | 13 | 4.48 | 81 | 27.93 | 194 | 66.89 |
| 3 | Жаңы-Жол | 152 | 58 | 52 | 34.2 | 3 | 1.97 | 46 | 30 | 111 | 73 |
| 4 | Кичи-Кемин | 955 | 60.5 | 432 | 45.2 | 31 | 3.25 | 284 | 30 | 615 | 64.8 |
| 5 | Боролдой | 799 | 58 | 263 | 32.92 | 29 | 3.63 | 263 | 32.92 | 501 | 62.7 |
| 6 | Бейшеке | 309 | 59 | 146 | 47 | 5 | 1.6 | 101 | 33 | 186 | 60 |
| 7 | Кара-Булак | 257 | 56 | 50 | 19.46 | 16 | 6.23 | 101 | 40 | 155 | 60 |
| 8 | Алтымыш | 109 | 55 | 48 | 44.04 | 9 | 8.26 | 45 | 41 | 71 | 65 |
| 9 | Жол-Булак | 262 | 58 | 121 | 46.18 | 9 | 3.44 | 95 | 36 | 163 | 62 |
| | Жалпысынан Кичи-Кемин өрөөнү боюнча орточо көрсөткүч | 3576 | 57,6 | 1425 | 40 | 137 | 3,8 | 1198 | 33,5 | 2149 | 60 |
| 10 | *Юрьевка | 474 | 74 | 271 | 57.17 | 6 | 1.27 | 82 | 17.30 | 232 | 48.95 |

*- априордуу таза деп тандап алынган көзөмөл объект

Кыргыз тоо-кен-металлургиялык комбинатынын Ак-Түз руднигинин жана башка тоо-кен ишкана, компаниялардын Ак-Түз кен талаасында (рудное поле) өндүрүш иштерин жүргүзүшкөн мезгилдерде (1938-2019-жылдар аралыгында) Кичи-Кемин өрөөнүндө жашап жүрүп өлгөндөрдүн ар бир айыл боюнча жана бүт өрөөн боюнча орточо курагы жана өмүрүнүн узактыгы жөнүндө статистикалык маалыматтар (4000 ден ашык киши эсепке алынган).

Таблицада келтирилген маалыматтар көрсөтүп тургандай, Кичи-Кемин өрөөнүндө жашаган элдин орточо жашоо курагы бар болгону 57-58 эле жаш экен, ал эми апреордуу деп тандап алынган Юрьевка айылында болсо 74 жаш. Өрөөн боюнча орточо жашоо курак (57-58 жаш) орточо республикалык жашоо куракка (71-72 жыл) салыштырганда 14 жашка кем болуп чыкты.

Ал эми өрөөн боюнча ошол орточо куракка жетпей өлгөндөрдүн саны жалпы өлгөндөрдүн дээрлик жарымына жакыны (40-45%) экени табылды, ал эми Юрьевка айылы боюнча алардын саны 57%, себеби бул айылда өлгөндөрдүн орточо курагы-(74 жаш) бир топ эле жогору да; өрөөн боюнча 18 жашка жетпей өлгөндөрдүн саны да көп эле–3-4%, а Юрьевка айылы боюнча ал 1,3%, башкача айтканда (б.а.), 3 эсе аз; өлгөндөрдүн 30-40%ы, б.а. үчтөн бири 50 жашка жетпей калгандар, а Юрьевкада болсо 17%-ы; өлгөндөрдүн 60-70%-ы; б.а., үчтөн экиси орточо республикалык жашоо курагына жетпей калгандар экени аныкталса, Юрьевка айылы боюнча 49%-ы гана.

Жогоруда келтирилген статистикалык фактар Кичи-Кемин өрөөнүндө экологиялык абалдын чынында эле өтө начар, ал эми элдин ден соолугу үчүн бөтөнчө коркунучтуу экенин көрсөтүп турат десек болот.

Айтмакчы, таблицанын акыркы оң тиктилкесиндеги (графасындагы) сандардын өйдөтөн төмөн көздөй, б.а., айылдардын Ак-Түздөн улам алыстаганы сайын, дээрлик бир тараптуу көзгө көрүнөөрлүк (20-25%-ча) азая баштаганы байкалат. Бул фактты Кичи-Кемин өрөөнүндө жайгашкан айылдардын аймактарынын 1964 жылы Ак-Түз руднигинин №2 к/с-нда болгон кырсыктын кесепетинен андан агып чыккан өндүрүш калдыктары менен булганышынын бара-бара азая баштаганы менен түшүндүрсө болот.

Бул факт келечекте бүт Кичи-Кемин өрөөнүнүн көйгөйлүү экологиялык абалын андан ары изилдөөдө же ага баа берүүдө чон мааниге ээ болушу мүмкүн, бөтөнчө, рекультивация иштери башталаар алдында.

**Жыйынтыктар**

1. Ак-Түз руднигинин жана дагы бир нече майдараак тоо-кен ишканалардын Кичи-Кемин өрөөнүндө 80 жылга жакын убакыт бою иштешинин өрөөндүн экологиясына, анын ичинде, бөтөнчө, ошол өрөөндө жашаган адамдардын ден-соолугуна тийгизген терс таасирлерин аныктоодо жана социалдык-экологиялык жактан баалоодо бирден бир ыңгайлуу, салыштырмалуу арзан жана ишенимдүү ыкма катарында ошол 80 жыл аралыгында өрөөндө жашап жүрүп өлгөн адамдардын жаш курактарын ар тараптуу статистикалык иликтөө ыкмасы пайдаланылды.

Бул ыкманы пайдалануу менен ар бир айыл боюнча өзүнчө, бүт өрөөн боюнча өзүнчө өлгөндөрдүн жаш курактары жагынан 5 тобу иликтенди. Натыйжада, таблицада келтирилген абдан кооптонууну туудура турган цифралар алынды. Бүт өрөөн боюнча алсак, өлгөндөрдүн орточо курагы 57-58 эле жаш экен, ошол орточо куракка да жетпей өлгөндөр жалпы өлгөндөрдүн санынын жарымына жакыны, өлгөндөрдүн 30-40%-ы 50 жашка жетпегендер болсо, 60-70%-ы, б.а., үчтөн экиси, орточо республикалык жашоо курагына (71жаш) жетпей өлгөндөр экени аныкталды.

2. Деги эле Кичи-Кемин өрөөнүндө иштеген тоо-кен мекемелердин ошол өрөөндө жашаган адамдардын ден соолугуна тийгизген терс таасирлеринен алардын өмүрүнүн узактыгы кеминде 15-20 жылга кыскара тургандыгы далилденди.

3. Авторлордун өздөрү издеп таап, изилдөөлөрүндө пайдаланылган деги эле өнөр-жай ишканалардын таасиринен өлгөн адамдардын жаш курактарын тыкыр статистикалык иликтөө ыкмасы Кичи-Кемин өрөөнүндөгүдөй экологиялык абалдарда ийгиликтүү пайдаланууга сунушталат.

4. Изилдөөлөрдүн негизинде алынган маалыматтарга жана фактыларга таянып, Кичи-Кемин өрөөнүнүн экологиялык абалы өтө начар, а түгүл коркунучтуу деңгээлде экенин ишенимдүү айтса болот.

5. Мындай коркунучтуу экологиялык абалды эл аралык стандарттарга ылайык жүргүзүлгөн рекультивация жолу менен гана жоюуга болот, болбосо– Кичи-Кемин өрөөнүндө жашаган ар бир адамдын өмүрүнүн узактыгы 15-20 жылга кыскара берет.

**Пайдаланылган адабий булактар**

а) ачык жарыялангандар:

1. *Аманов К.А, Кожобаев К.А. Молдогазиева Г. Т., Касиев А.К.* Экологические последствия разработки Ак-Тюзской группы месторождений в Кеминском районе Кыргызской Республики. Матер.межд.конфер. “Геодинамика, оруденение и геоэкологические проблемы Тянь-Шаня”. Бишкек: Илим, 2013.-266с, стр.28-35.

2. *Аманов К.А., Касиев А.К. Молдогазиева Г. Т Кожобаев К.А.* Влияние деятельности горнопромышленных комплексов на окружающую природную среду и на здоровье людей (на примере Кыргызского горно-металлургического комбината). Матер.межд. науч.-практ.конфер. “Совершенствование прогнозирования и управления стихийными бедствиями”. Бишкек: 2016, стр.104-108.

3. *Боконбаев К.Дж., Грошев А.К., Детыненко Л.А. и др.* Техногенная геохимия Кичи-Кеминской долины. Журнал “Гоехимия” АН СССР. М:1991, №7, стр.1004-1013.

4. *Боконбаев К.Дж.* Экологические проблемы горнорудного производства Кыргызской Республики. Рубрика«Горы Центрально-Азиатского региона. Кыргызская Республика». Горный журнал. Алматы, 2001, №10, стр.95-99.

5. *Кожобаев К.А.* Основные геоэкологические проблемы Кыргызской Республики. Журнал “Геоэкология”. М.: Наука, 2004, №1, стр.33-40.

6. *Кожобаев К.А. Аманов К.А., Сарногоев А.К. и др.* Тяжелые металлы и радионуклиды Кичи-Кеминской долины Кыргызской Республики. Матер. межд. конфер. «Тяжелые металлы и радионуклиды в окружающей среде». Казахстан, Семей. 2006. Т.1, -510с., стр. 227-233.

7. *Торгоев И.А., Алешин Ю.Г.* Экология горнопромышленного комплекса Кыргызстана. Бишкек: Илим, 2001. -182с., стр.134, табл.6.4.

**б) фонддогулар**

1. Промежуточный отчет о научно-исследовательской работе за 2004 г. по теме: «Исследование негативных геолого-геоэкологических процессов отдельных участков Чуйской и Ысык-Кульской впадин и разработка рекомендаций». (Исполнители: Кожобаев К.А.,Толстихин Г.М., Аманов К.А., и др.) Бишкек., 2004. -135с. Фонды Института геологии НАН КР.

2. Отчет (заключительный) о научно-исследовательской работе за 2004-2006 г.г. по теме «Исследование негативных геолого-геоэкологических процессов отдельных участков Чуйской и Ысык-Кульской впадин и разработка рекомендаций». (Исполнители: Кожобаев К.А., Аманов К.А., Утиров Ч.У. и др). Бишкек: 2006. Том 1. -223с. Фонды Института геологии НАН КР.

3. Отчет (промежуточный) по научно-исследовательской работе за 2018г. по теме «Геоэкологическое состояние отдельных проблемных территорий: бассейны рек Ала-Арча, Аламедин, Жумгал, крайняя восточная часть Чуйской впадины». (Исполнители: Кожобаев К.А., Аманов К.А., Санькова В.П. и др.). Бишкек, 2018. -116с. Фонды Института геологии НАН КР.

4. Отчет (окончательный) о научно-исследовательской работе за 2018-2020 г.г. по разделу «Геоэкологическое состояние отдельных проблемных территорий: бассейны рек Ала-Арча, Аламедин, Жумгал, крайняя восточная часть Чуйской впадины». (Исполнители: Кожобаев К.А., Аманов К.А., Санькова В.П. и др). Бишкек: 2020. -153с. Фонды Института геологии НАН КР.

**ТАРЫХ ИСТОРИЯ HISTORY**

***Каратаев О.К.,*** *профессор, т.и.д.,*
*Кыргыз УИАсынын жетектөөчү*
*илимий кызматкери*
***Эшназарова Замира Баймурзаевна,***
*Кыргыз УИАсынын Түштүк бөлүмү*

# БОЗ ҮЙДҮН КЕЛИП ЧЫГЫШЫНЫН ТАРЫХЫЙ-ЭКОЛОГИЯЛЫК ШАРТТАРЫ

# ИСТОРИКО-ЭКОЛОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ВОЗНИКНОВАНИЯ ЮРТЫ

# HISTORICAL AND ENVIRONMENTAL CONDITIONS FOR THE EMERGENCE OF THE YURT

**Аннотация. Боз үй** - Борбордук Орто Азия талааларында жашаган байыркы көчмөн эледердин негизги турак-жайы. Алардын ичинен түрк жана монгол элдери жашаган турак-жай жеңил жана ыңгайлуу келип, көчүп-конууга ылайыкталып, суукта жылуулугу, ысыкта салкындыгы менен айырмаланган. Б.з. I миң жылдыктын орто чендеринде түрк (кыргыз) көчмөндөрү тарабынан ал үйлөрдүн негизине эң чоң өзгөртүүлөр киргизилген. Кыргыздар жашоо-шартына ылайык боз үйдүн жүктөмө түрүн кабыл алышкан. Алачыктардын көчүрүп жүрүүгө ылайыктуу түрлөрүнүн андан аркы өнүктүрүлгөн түспөлү катары каралат. Боз үй өзүнүн жашоого ыңгайлуулугу жагынан көчмөндөрдүн керектөөлөрүн толук канааттандырган. Боз үйдү үй-бүлө мүчөлөрү бир саатын ичинде куруп, орнотo алышкан. Боз үй төөгө, атка жана автомашинага ыкчам жана ыңгайлуу жүктөлөт, чечилет. Көчүүгө жеңил, каалаган жайга тигүүгө ылайыкташкан, жаан суусун тез агызган, табияттын ар кандай таасирине чыдамдуу. Үйдүн түндүгү аркылуу жарык кирет, очокту колдонууга ыңгайлуу. Казак боз үйү кыргыздыкынан жапыздыгы менен айырмаланат. Монгол, бурят жана тувалардын боз үйлөрү ууктары түз жасалгандыктан андан да жапыз көрүнөт. Кыргыздын боз үйү чыгышты каратып курулат. Төр - үйдүн эшикке карама-каршы тушу. Анда жүк жыйылып, конок күтүлүп, адамдар жаткан. Эпчи жак - боз үйдүн кире беришиндеги оң тарабы. Эр жагы - үйдүн сол тарабы. Улага - үйдүн кире бериши.

**Негизги сөздөр:** *боз үй, кыргыздар, жүктөмө үй, маданият, этнос, Алай, этникалык алакалар, кереге.*

**Аннотация. Юрта** - переносное каркасное жилище с войлочным покрытием у тюркских и монголоязычных народов. Возможно, прообразом юрты в эпоху поздней бронзы XII-IX веках до нашей эры являлись жилища андроновцев. В середине I тысячелетия В Центральной Азии в основу юрты произошли большие изменения.

Юрта полностью удовлетворяет потребностям кочевника в силу своего удобства и практичности. Она быстро собирается и легко разбирается силами одной семьи в течение одного часа. Она легко перевозится на верблюдах, лошадях или автомашине, её войлочное покрытие не пропускает дождь, ветер и холод. Отверстие на вершине купола служит для дневного освещения и позволяет пользоваться очагом. Казахские юрты ниже киргизских из-за сильных ветров в степи. Монгольские, бурятские и тувинские юрты из-за прямых потолочных жердей ещё ниже. Киргизская юрта обычно обращена выходом на восток. Правая сторона (при взгляде снаружи) от входа женская (эпчи жак) с домашней утварью, левая — мужская (эр жак) для ружья, уздечки, седла и т. п., напротив входа почётное место (төр/tör), центр юрты - место для очага.

**Ключевые слова**: *юрта, кыргызы, каркасная юрта, культура, этнос, Алай, этнокультурные связи, кереге.*

**Abstrakt.** A yurt is a portable frame dwelling with a felt covering among the Turkic and Mongol-speaking peoples. Perhaps the prototype of the yurt in the Late Bronze Age of the 12th-9th centuries BC were the dwellings of the Andronovo people. In the middle of the 1st millennium in Central Asia, great changes occurred in the basis of the yurt. The yurt fully satisfies the needs of a nomad due to its convenience and practicality. It is quickly assembled and easily disassembled by one family within one hour. It is easily transported by camels, horses or cars; its felt covering does not allow rain, wind and cold to pass through. The hole at the top of the dome provides daylight and allows the use of the fireplace. Kazakh yurts are lower than Kyrgyz ones due to strong winds in the steppe. Mongolian, Buryat and Tuvan yurts are even lower due to straight ceiling poles.The Kyrgyzes yurt usually faces east. The right side (when viewed from the outside) of the entrance is female (epchi jak) with household utensils, the left is male (er zhak) for a gun, bridle, saddle, etc., opposite the entrance is a place of honor (tөр/tör), the center of the yurt is place for a hearth.

**Key words**: *yurt, Kyrgyz, frame yurt, culture, ethnicity, Alai, ethnocultural ties, kerege.*

Көчмөндөрдүн (номаддар) жашаган үйлөрүн изилдөөдөгү эң кызыктуу маселелердин бири талаа номаддарынын материалдык маданиятындагы жогорку жетишкендиктеринин бири - боз үйдүн генезисин изилдөө болуп саналат (Вайнштейн, 1976: 42). Түрк тилдүү элдерде – jurt Ата Мекенди, Ата Журтту туюнтат. Орус тилине “юрта” формасында өтүп, илимде бул термин менен Сибирдеги элдердин “чумалар”, алты кырдуу сруб үйлөр (жыгачтан кыналып курулган үйлөр), алачыктар, кийиз ж.б. үйлөрдүн жалпы аталыштары катары маалым. Боз үйдүн (кийиз үй) келип чыгышы боюнча ар кыл көз караштар, карама-каршы пикирлер бүгүнкү күнгө чейин жашап келери белгилүү. Ириде, боз үй жана анын башка түрлөрү узак тарыхый жана эволюциялык жолду басып өттү.

Классикалык кийиз үй конструкциясы тарабынан татаал курулуш, көптөгөн майда бөлүкчөлөргө ажырайт. Белгилүү болгондой, боз үй жашоо үчүн өтө ыңгайлуулугу менен айырмаланат. Ал бат курулат, бир үй бүлөнүн мүчөлөрүнүн күчү менен тез арада кайрадан жыйналат (Жуковская, 1986: 126-128). Боз үйдүн элементтери компактуу келет, бир атка, үйдүн көлөмү чоң болсо төөгө жүктөөгө болот. ***Боз үй*** - Борбордук Азия тоолору жана түздүктөрүндө жашаган байыртадан жашап келишкен көчмөн элдердин негизги турак-жайы болуп келген. Алардын ичинен түрк жана монгол элдери жашаган турак-жай жеңил жана ыңгайлуу келип, көчүп-конууга ылайыкталып, суукта жылуулугу, ысыкта салкындыгы менен айырмаланган. Б.з. I миң жылдыктын орто




*Француз ориенталисти Габриел Бонвало (Pierre Gabriel Édouard Bonvalot (1853-1933) алайлык кыргыздардын ичинде болуп, көргөндөрүн кагаз бетине түшүрүп тарткан гравюрасы. Алай. Гүлчө. 1887-жыл.*

чендеринде түрк (кыргыз) көчмөндөрү тарабынан ал үйлөрдүн негизине эң чоң өзгөртүүлөр киргизилген. Ал өзгөртүүлөрдүн негизгиси бүктөөгө жана жазууга боло турган тор көздүү кереге болгон. Керегенин жасалышы мал чарбачылыгы менен тоо-талааларда көчүп-конуп жүргөн көчмөн турмуштун зарылчылыгынан улам келип чыккан. Көчүүгө жеңил, каалаган жайга тигүүгө ылайыкташкан, жаан суусун тез агызган, табияттын ар кандай таасирине чыдамдуу боз үйдүн жыгаччылыгына (сөөгүнө): уук-кереге, босого-таяк (баш босого, аяк босого), түндүк, каалга кирет. Үзүк, туурдук, түндүк жабуу, эшик тыш, боз үйдүн өрө кийизин түзөт. Үйдүн ички-сырткы жасалгалары*: жабык баш боо, тегирич боо, үзүк боо, туурдук боо, жел боо, уук учтук, саканак таңгыч, кылдырооч, төтөгө канат чий, чыгдан* өңдүүлөрдөн турат да, алардын өзүлөрүнө тиешелүү көркөм оюмдары жана көчөттөрү түшүрүлөт. Боз үйдүн жүктөмө түрүн сайма алачык менен алачык сыяктуу көчүрүп жүрүүчү жайлардын андан ары өнүктүрүлгөн формасы деп болжолдоого болот. Тоолуу жерде жашаган көчмөн элдер бат чечип, жеңил жүктөп тез тигүүгө ыңгайлуу турак-жайга муктаж болгондуктан, боз үйдүн уук-керегеси ичке жыгачтардан жасалып, кийиз менен жабылган. Кийиздин кышында суукту, жайында ысыкты өткөрүүгө тоскоолдугу чоң (караңыз: Каратаев, Эралиев, 2005:71). Боз үйдүн жасалышы - боз үй негизинен жыгачтан, кийиз, чийден, боо-чуудан турат. Жыгачына: түндүк, уук, кереге жана босого кирет. Аны жыгач усталар талдан, кайыңдан жасашат. Тутуусу: түндүк жабуу, үзүк, туурдук, эшик. Алар адатта ак жүндөн жасалат. Боо-чуусу: түндүк жабуу боосу, жел боо, кырчоо, эшик боо, уук тизгич жана кереге чалгыч менен түндүк көтөрүлүп, ууктар сайылып, керегенин башына байлашат. Ууктар уук тизгич менен чалынып, керегенин сыртынан чий кыналат. Эшиктин боосу түндүктүн алкагы аркылуу баш босогого байланат. Анан туурдук менен үзүк жабылып, түндүк жабуу салынат (караңыз: Каратаев, Эралиев, 2005:71).

***Боз үй*** – кыргыздардын адабий тилиндеги айтылышы. Кыргыздардын чарбалык укладына, табияттын шарттарына ылайыкташкан, жашоого ыңгайлашкан жүктөмө үй. Жашоошартттын өзгөчөлүктөрүнө ыңгайлуу болгон үйдүн жүктөмө (орусча – разборный) түрүн пайдаланышкан кыргыздарда кымбат баалуу ак түстөгү кездеме менен оролгон “ак үй” деп аталган түрлөрү да болгон. Ак үй - мамлекет башчыларына, өзгөчө укуктуу элчилерге сыяктуу мыкчыгерлерге багышталып, салтанаттуу ж.б. шарттарда орнотулганы маалым. “Ак үй” демекчи, ага жумшалган эмгек, кеткен каражаттар менен да түшүндүрүлгөн. Кыргызстандын түштүк тарабында, кытайлык, өзбекстандык, Мургаб, Жерге-Тал кыргыздарында жүктөмө үй - “кыргыз үй” деп аталат. Бул аталыш өздү–өзгөдөн айырмалоо максатында, так айтканда кошуна жашаган каракалпак (XIX к. каракалпактар Фергана өрөөнүндө жыш жашашканы маалым), кулан-кыпчак, көчмөн-өзбек, казактардан айрымалануу максатында келип чыккан термин. Болжолу, кыргыз үйүнүн баштапкы аталышы - “кыргыз үй” болуу керек деген пикирлер бар. Бул пикир кошумча иликтөөлөргө жана тактоолорго муктаж. XIX к. аягы -XX к. баш чендеринде кыргыздарда “боз үй”, “кара үй”, “кыргыз үй” деп аталганын илимпоздор жазат (Махова, 1958: 138-172). “Боз үй” колунда бар, жетиштүү сандагы мал-жандык кармаган адамдарда боло турган. Боз үйлөр көбүн эсе эл жайлоого көчүп чыкканда тигилген. Күз жана кыш айларында кыштоодо калгандар кара кийизден жасалган төрт же беш канат жүктөмө түрүн - алачыкты колдонушкан. Чыгыш Памирдин мал баккан кыргыздары конус түрүндөгү (түндүгү жок) алачыктарды пайдаланышкан. Ал “сайма алачык” деп аталып, жапайы андардын ж.б. терилери менен жабылган (Юдахин, 1965: 46). “Сайма алачык” өтө примитивдүү ыкмалар менен жасалган, ага көп эмгек коротулбаган, аны тоонун катаал шарттарында гана пайдаланышкан. Ички Теңир-Тоо аймактарында жылкычылар “сайма алачык” сыяктуу курулган “отоону” жайлоо шартында колдонушкан (Юдахин, 1965: 583).



*Кыргыз көчү. Алай. К.-Г.Маннергеймдин тарткан сүрөтү. 1906-жж.*

Жаңы турмуш курушкан жаш үй бүлө алгач “отоодо” жашашкан. Кыргыздар колдонгон дагы бир үйдүн аты – “кош” деп аталган. “Кош” – убактылуу тигилген, көлөмү анчалык чоң эмес боз үй. Аны узак аралыкка көчүү шартында, жумушчулар үчүн же узакка (аскер жүрүшү) жүрүш жасоо учурунда тигилген (Юдахин, 1965: 410). Этнограф Ф.А.Фиельструп кыргыздардагы конус тибиндеги “кийиз

менен жабылган алачыгы", курулушу, түтүн чыга турган түндүк сыяктуу жыгач предмети тууралу эскерген (Фиельструп,1925).

К.И.Антипина кеңири таралган конус абалындагы ууктар менен жасалган алачыктарды сүрөттөп жазгандыгы, бул маселеге өз эмгектеринде токтолгондугу белгилүү (Антипина, 1962: 166). *Жапма алачык, буума алачык, сайма алачык* деп аталган үйлөр бир жерден экинчи бир жерге көчүүдө ыңгайлуу болгон. Алачык бир же эки кийиз менен жабылган (Абрамзон, 1990: 130). Алачыктын[1] *кепе, ак тигер, тегиртмек* деген аталыштары болгон. Мындан сырткары, кереге коюлбаган алачык ***"жолум үй"*** деп аталган.[2] Ч.Ч.Валиханов кыргыз-кайсактарда (казактар) жылкычылар жана сапарга чыккандар кеңири колдонушкан "кос" (кош), "жулум үйлөр" болгондугун жазган. Коштун боз үйдөн (казакча – киіз үй) айрымачылыгы, ууктар түз коюлуп, чангарак колдонулган эмес, үй коникалык формага келип калган (Валиханов, Т.III: 28). Кыргыздарда "күркө" деп аталган кепе алачык, кепе үй колдонулган. ***Күркө***. 1. Кепе алачык, кепе үй. 2. Жаш төлдү, бакма канаттууларды кийирип коюу үчүн ылыйыкталып жасалган кепече (КТТС, 2019. Т.II: 132). Бул кепече казактарда "күрке" деп аталат. "Күрке" – түтүн чыкчу жылчыгы жок үй (караңыз: Муканов, 1981: 213).

Информаторлордун айткан маалыматтарына караганда "жүктөмө үйдүн – "боз үй" деп аталып калышына жаратылыш жана климаттык шарттар негизги себеп болгон. Ак боз жүндүн тытылып жасалган кийиз жабуу күн-дүн нуруна, жамгыр ж.б. таасирине урунгандан кийин сырткы түсү бозомук тартып калган. Ошондон улам, эл оозунда "боз үй" деп аталып калгандыгын белгилешет.[3] Кыргыздардын үйлөрү тарыхый-географиялык шарттарга карата өзгөрүп турган (Абрамзон, 1991: 125). Боз үйдүн жасалгалары — боз үйдүн жасалышына жараша ак үй, кара үй деп экиге бөлүүгө болот. Адатта кара үйдү илгери колунда жоктор, ак үйдү колунда бардар байлар менен оокаттуулар тигишкен. Боз үй элдик кол өнөрчүлөрдүн эң мыкты чыгармалары менен кооздолгон, жыгач усталар керегенин саканактарына, ууктун алакандарына, түндүктүн чамгарактарына, алкагына сай салып, ар түрдүү оймо-чийме салышкан. Ал эми уздар ар түрдүү түстөгү жүн менен килемден калышпаган кооз оймо-чиймелүү чий чырмашкан. Туурдуктун башына, үзүктүн этегине ар түрдүү оюу салып, боорлорунун көпчүлүгүн түрлөнтүп согушкан (Каратаев, Эралиев, 2005: 71).

---

*[1]Алачык - бир жерден экинчи бир жерге көчүп-конууда, чарбалык иштер, мергенчилик үчүн курулган убактылуу турак-жай. Анын кыргыздарда жапма алачык, буума алачык, сайма алачык деген түрлөрү бар. Жапма алачыкка үзүк, буума алачыкка кийиз, тери, сайма алачыкка түндүк калтырышып, үстүн кийиз, тери менен жабышкан. Алачык байыртадан белгилүү турак-жай. Энесай кыргыздарында «алачых» конус образдуу убактылуу турак-жай болуп, үстүн көпчүлүк учурда кайыңдын кабыгы менен жабышкан. Күндүн аптабынан, жамгырдан коргонуу максатында үстү чөп ж.б. жабылган убактылуу «алачыхтар» колдонулган.*

*[2]Жолум үй - көлөмү кичирээк келген, жеңил боз үй. Жолум үй көбүнчө үч канат кереге, ага тете ууктардын санынан, түндүктөн турат. Айрым жерлерде жолум үй кереге, түндүксүз эле ууктан узунураак таяктардын бир учу жерге сайылып, түндүк ордуна бир кулачтай ичке талдын эки башы бириктирилип, көк менен байланып тигилет. Ал түндүк сымал тегерек талдын арасы баштан аяк кыл жип менен ачык оролот. Жерге сайылган таякчалардын экинчи учу оролгон жиптерге киргизилип, үстүнө эски үзүк же таар жабылат. Жолум үйдү жылкычы-малчылар, сапарга чыккандар, согушка аттанган жоокерлер урунган. Аталышы айтып тургандай, жолум үйдүн көчмөн шартта жашаган кыргыздардын турмушундагы ролу зор болгон.*

*[3] Информатор: Исираилов Мурзали ажы, 1947-ж. туулган, санжырачы, санжыра жыйноочу, Бөрү уруусу, Бабаке аталыгы, Байтору (Анда-Каражылкы), Күйөө-Таш айылы, Кара-Кулжа району.*



*Элсуорт Хантингтон (1876-1947) америкалык саякатчы-ориенталист.*

*Ош аймагы, 1903-ж.*

Боз үй казактарда – *киіз үй*, каракалпактарда – *кара үй, отау үй*, ногойлордо – *термэ,* туваларда – *өг*, башкырларда – *тирмэ*, түштүк алтайлыктарда – *чадыр*, теленгиттерде – *аланчык*, хакастарда – *иб*, монголдордо – *гэр* деп аталары малым. Кыргыз боз үйүнүн казак, каракалпак, башкыр, калмак-монгол, алтайлыктар, ногой ж.б. элдердин жүктөмө үйлөрүнөн бир топ айрымачылыктары бар. Жүктөмө боз үйдүн жасалыш технологиясы жана курулушундагы негизги жалпылыктар, окшоштуктар менен бирге, бир катар жергиликтүү, аймактык, географиялык-климаттык айрымачылыктары бар. Бул түрк-монгол тилдүү элдердин диний-философиялык ишенимдериндеги, өзгөчө жаратылыш (климаттык) шарттарындагы айрымачылыктар менен байланыштуу. Кыргыздарда боз үйдүн курулушу, ички жасалгалары жагынан да регионалдык (ареалдык) айрым өзгөчөлүктөрдү байкоого болорун таанымал этнограф К.И.Антипина изилдөөлөрүндө белгилеген (Антипина, 1962: 163). Эң кызыктуусу, кыргыздардын таасири астында тоолук тажиктер (“помирилер” же язгулем, вахан, ишкашимдиктер, ягнобдор ж.б.) жолум үйлөрдү колдонууну үйрөнүшкөн. Географиялык-климаттык шарттарга ылайык казактардын жана монголдордун боз үйлөрү жапыз жасалат. Калмактардын (ойроттор) кийиз үйүнүн ортосуна түркүк орнотулган. Түркүк - кийиз үйдү шамалдын соккон күчүнөн коргоп турган. Монголдор казактар сыяктуу кийиз үйдүн ууктарын өтө ийбей жасашкан. Ошондон улам, аталган элдердин кийиз үйлөрү жапыз көрүнгөн. (Материалы по истории сюнну: по китайским источникам / Предислов., пер. и примеч. В.С.Таскина.-М.: Наука, 1968. – С. 143).

Белгилүү болгондой, жүктөмө үйлөр жана анын ар кыл формалары көчмөн жана жарым көчмөн элдерде эзелтеден, болжолдогондо Андроново маданияты (б.з.ч. XVII-IX кк.)[4] доорунан бери пайдаланып келишет (А.Х. Маргулан, К.А.

[4]*Андронов маданияты (маданий-тарыхый жалпылык) - коло дооруна таандык б. з. ч. XVII—IX кылымдардагы Батыш Сибирди, Орто Азиянын батыш бөлүгүн, Түштүк Уралды кучагына алган өз ара жакын археологиялык маданияттар тобунун жалпы аталышы. Аталышы Ачинскке жакын Андроново айылынан, 1914-жылы А. Я. Тугаринов тарабынан алгачкы өлүк көмүү жерлери табылган жерден улам келип чыгат. Андронов маданияты 1927-жылы советтик археолог С. А. Теплоухов тарабынан белгиленген эле. Изилдөөлөрдү ошондой эле археолог К.В.Сальников жүргүзүп, 1948-жылы Андронов маданиятынын эстеликтеринин биринчи классификациясын сунуштаганы белгилүү. – О.К.*

Акишев, М.К. Кадырбаев, А. М. Оразбаев, 1966: 34, 151, 173). Арийне, Андроново маданияты доорунда адамдар жашаган үйлөрүн алгачкы формалары гана пайда боло баштаган. Жүктөмө үйлөр (разборные дома) б.з. V-VI кк. калыптанган деген илимдеги пикир басымдуулук кылып келери белгилүү. Б.з. V-VI кк. чейин жүктөмө үйлөр зарылчылыгы туулганда бир эле учурда ат (өгүз) арабага орнотулган үйлөр катары пайдаланылган. IX-XI кк. орус миниатюраларында Чыгыш Европанын түздүктөрүндө көчүп-конуп жүрүшкөн печенегдер, уздар, берендейлер, хазарлар ж.б. көчмөн түркий урууларынын кийиз үйлөрү арабаларда орнотулгандыгы чагылдырылганын белгилөө зарыл.

Адис-илимпоздордун (С.И.Вайнштейн, М.В.Крюков, В.П.Курылев, М.Муканов ж. б.) изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарында айтылган тыянактына көз салсак, бүгүнкү боз үй формасы боюнча узак убакыт бою сүргөн эволюциядан соң б.з. V-VI кк. Борбордук Азиянын түрк тилдүү урууларынын (элдер) чөйрөсүндө калыптанган. Боз үйдүн (кийиз үй) келип чыгышы жана эволюциясы боюнча алгачкы изилдөөлөрдү жана илимий тыянактарды XIX к. экинчи жарымында Н.Н.Харузин ишке ашырган. Автор көчмөндөрдүн кийиз үйү конус образдуу “чумдан” өнүгүп чыккандыгын, бүктөөгө жана жазууга боло турган тор көздүү кереге боз үй (кийиз үй) катары XVIII к. чегинде калыптанган деген пикирин ногойлордун кийиз үйүнүн келип чыгышына байланыштырган пикирин айткан (Харузин, 1896: 21). Н.Н.Харузиндин изилдөөлөрү өз доорундагы мыкты эмгектерден болуп саналат. Тилекке каршы илимпоз боз үйдүн генезисине терең көңүл бөлө алган эмес (Вайнштейн, 1976: 42). С.И.Вайнштейн “колдо болгон маалыматтарга таянсак, Чыгыш Европа жана ага чектеш аймактарды байырлаган сактар (скифтер) жана аларга чейинки жашаган башка уруулар конус образдуу (пирамида тибинде), учу шуштугуй келген жүктөмө үйлөр же төрт дөңгөлөктүү арабалардын үстүнө курулган кепелерде жашашкан” – деген ынанымдуу көз карашын жазган



*Орус армиясынын офицери К.-Г. Маннергейм жана атактуу француз ориенталисти Поль Пелльо Курманжан-датканын боз үйлөрүнүн биринде. Болжолу, 1906-ж. Алай*

(Вайнштейн, 1976: 44; Муканов, 1981: 199-201).

Борбордук Азия региондорунда жашаган адамдардын негизги чарбалык ишмердүүлүгү көчмөн жана жарым көчмөнчүлүк жашоосуна (жылкы, уй, кой, төө) ыңгайлашып калыптанган. Аңчылык менен бирге примитивдүү формадагы жер иштетүүчүлүк пайда боло баштаган. Чыгыш Түркстандын оазистеринде, анын ичинде Тарим дарыясынын бассейнинин чөлкөмдөрүндө отурукташууга өткөн жасалма ирригациялык жер иштетүү маданияты калыптана баштаган. Бул доордогу Борбордук Азияны жана Түштүк Сибирди байырлаган уруулар коло металлын жана темирди кайра иштетүүнү үйрөнүшкөн, дөңгөлөктүү арабаны ойлоп табышкан, жылкыны колго үйрөтүшкөн. Бул уруулар жарым сфералык, жогору жагы шуштугуй келген кийизден жасалган үйлөрдө жашашкан. Көчкөн учурда өгүздөр сүйрөгөн чоң арабанын үстүнө орнотулуп, үйдүн башка оокаттары менен бирге ташылган. Археологдор тарабынан калыбына келтирилген Борбордук Азиядагы “скифтерге чейин” жана “скифтер доорундагы” маданияттар байыркы Кытайда жаралган тарыхый жазма текстердеги маалыматтар менен толукталат (Кляшторный, Савинов, 2005: 13-14). Б.з.ч. XII, VIII, III кк. кытай жазма булактары түндүк тараптан келген “жапайы” уруулар жана алардын чарбасы, жашоо шарты ж.б. эскере баштэшат. Булар азыркы Забайкалье жана Монголиянын аймактарынан Ордоско көчүп келишип, Кытайга кол сала баштаган көчмөндөр – ***жунндар*** болушкан. Жунндардын жылкыларына кызыгышкан кытайлар алардын металлдан жасалган үч буттуу очоктору, коло казандары, көчүп-конуу мезгилдеринде арабанын үстүнө орнотулган ***кийиз үйлөрү*** тууралу жазышкан (Кляшторный, Савинов, 2005: 13-14). *Жунндар* көпчүлүк илимпоздордун пикирлеринде хунну (сюнну) уруулары менен тектеш жана алардын бабалары болушкан.

Борбордук жана Орто Азиянын “скифтер” дүйнөсүндө жашаган урууларда (болжолу, б.з.ч. I миң жылдыктын орто чендери) чум тибиндеги үйлөр менен катар жарым сферикалык формадагы шуштугуй алачыктар (ууктардын учтары жип менен байланып бекитилген) таралган. Мындай формадагы алачыктар Евразиянын малчылык менен жашаган элдеринде бүгүнкү күндөрү да пайдаланылат. Болжолу, ууктар бириккен жерге (түндүктүн орду) от үстүнө казан асышкан. Мындай формадагы алачыктын сүрөттөрү Тувадагы археологиялык казуулардан сон табылганы маалым (Вайнштейн, 1976: 45; Муканов, 1981: 202).

Н.Н.Харузин көчмөндөрдүн кийиз үйүнүн башаты конус образдуу “чумдан” өнүгүп чыккандыгын, бүктөөгө жана жазууга боло турган тор көздүү кереге боз үй (кийиз үй) катары XVIIIк. чегинде калыптанган, бул үйлөр монголдордун таасири астында келип чыккан деген пикирин айткан (Харузин, 1896: 21). Хуннулардын купол образдуу үйлөрүндө түндүктүн алгачкы формалары колдонула баштагандай. Үйлөрдүн чатырлары жаандан жана сууктан коргонуу максатында кийиздер менен жабылган (Вайнштейн, 1976: 45; Муканов, 1981: 201).

Этнограф Б.Х.Кармышева бүгүнкү кийиз үйлөрдүн башатында ууктары ийилген, жерге бекитилген, кийиз менен жабылган “карлук тибиндеги” үйлөр болот (Кармышева, 1956: 23). “Карлук тибиндеги” ийилген ууктардан жасалган кийиз үйдүн ууктары жерге сайылып, төбөсүндөгү учтары жип менен байланып бекитилген (Кармышева, 1956: 23-24). С.И.Вайнштейн тор көздүү керегеси бар, жарым сфера тибиндеги хуннулардын алачыктары – бүгүнкү боз үйдүн башталышында турган (Вайнштейн,

1976: 50). Мурда белгиленгендей С.И. Вайнштейндин тыянактары илимий негизге жакын жана көпчүлүк адис-илимпоздордун колдоосуна ээ болуп келет.



*Кыргыз боз үйүнүн ички жасалгасы*

Болжолу б. з. 105-ж. чендеринде кытай элчиси Чжан Цянь усундарга келген. Элчи усундарды чыгышка кайтып барып, кытайлар менен бирдикте хуннуларга (сюнну) каршы күрөшүүнү үн-дөгөн. Белгисиз себептерден усундар жиберген баалуу тартуулар Кытайга жетпей калган. Мунун негизинде гуньмо Кытайга жаңы элчилик жөнөтүп, кытай ханышасы Сицзюньду ага аялдыкка берүүнү өтүнгөн жана келишимдин тартуусу катары 1000 жылкыны калың катары кошо жиберген. Анын өтүнүчү аткарылган, бирок каныша кытай тилин таптакыр түшүнбөгөн кытай императорунун кызы *"кайгыга батып"* Гуньмонун ***"кенже зайыбы"*** гана болуп калган, ал эми Хунну шаньюйунун ошол эле учурдагы усундардын жашы улгайган гуньмосуна (куньмо) берген кызы ***"улуу зайыбы***" деп жарыяланган (Зуев, 1960:122). Башкача жашоо-турмушка көнгөн кытай канышасы талаа-түздө куса болуп, өз кайгысын ырларына төккөн, «***Сицзюнь кийиз менен капталган тегерек жапыз үйдө жашап, эт жеп, сүт ичкен усун падышасына»*** күйөөгө берип салды деп муңканган (Евтюхова, 1985: 85). Кытайлардын Ферганага жортуулу мезгилинде (б.з.ч.102-ж.) кытай өкмөтүнүн каалоосу боюнча усундар 2000 адамдан турган жардамчы отряд жөнөткөн, бирок алар күтүү абалында болушуп согуштук аракеттерге катышкан эмес (Каратаев, 2021:203). Кытай тарыхчысы Бань Гунун берген маалыматтары боюнча усундар да кийиз үйлөрдү жашоосунда пайдаланышкан (Бань Гу. Хан-шу. Т.11.-С.3760).

Көчмөндөр жашаган кийиз үйлөр кытай жазма булактарында, атактуу тарыхчылар Цыма Цянь ("Ши-цзи), Бань Гу ж.б. эмгектеринде эскерилет. Хань династиясынын (б.з.ч. III к.- б.з 220-ж) жашаган мезгилинен тарта түндүк тараптагы көчмөн ж.б. элдер тууралу туруктуу эскериле баштаган. Кытай авторлору көчмөн уруулардын жашаган үйлөрүн "цюнлу" деген иероглиф менен белгилешкен (Вайнштейн, 1976: 46, 47). "Цюнлу" иероглифи учу шуштугуй

(купол образдуу) келген, кийиз менен жабылган үйдүн сырткы көрүнүшүн туюнткан. Кытай хроникаларында түндүктөгү уруулардын үйлөрү б.з.ч. II к. эскериле баштайт. Бул жеңил үйлөр хань тилинде “хуайнаньцзы” же “варвар” урууларынын үйлөрү деп эскерилген. Сыма Цянь сюннулардын (хунну) жашоо-тиричилигин сүрөттөп жазууда көчмөндөрдүн ***кийиз үйү*** жөнүндө маалыматтарды берген (Крюков, Курылев, 2000: 11). Хроникачы Бань Гу “Хан-шудагы” хуннулар тууралу бөлүмүндө император тарабынан элчиликке жиберилген Су Уга сюннулар (хуннулар) “цюнлу” (боз үйдү) белекке бергендигин жазгандыгы белгилүү (Бань Гу. Хан-шу. Т.11.-С.3760).

Түрк тилдүү элдерде (урууларда), анын ичинен кыргыздарда боз үйдүн оозу (эшиги) күн чыгыш тарапты көздөй тигилет. Монгол тилдүү калктарда (монг. гэр) кийиз үйдун оозун түштүк тарапты көздөй орнотушат. Түштүктүн карама-каршысы болгон түндүк тарабында кийиз үйдүн төрү монголчо - “хоймор” деп аталат. Кылымдар бою калыптанган ар бир деталдын өзгөчө маанилери болгон (Жуковская, 1986: 127). Монгол кийиз үйүнүн төр же түндүк тарабы “хоймор” деп аталып анда үй бүлөлүк альтар, будда идолдорун (бурхан ширээ) коюшкан. Монгол үйүнүн батыш жагы – эркектерге, чыгыш тарабы – аялдарга таандык (Жуковская, 1986: 127).

Хуннулар, кыргыздар, көк түрктөр ж.б. эн байыркы доорлордо күн мнен айга сыйынышкан, бүткүл жашоонун башаты – күн менен байланышкан деп эсептешкен, экинчи бир сыйынуучу негизги обьект – ай болгондугу белгилүү. Адамдардын аң сезиминдеги эң алгачкы дуалдык түшүнүктөр (ай-күн, оң-сол ж.б.) ай менен күндөн башталат. Боз үйдүн оозу (эшиги) чыгыш тарапты караса, анын төр тарабы – батышта жайгашат. Демек, күн чыгып батышка батат, кеч киргенде – ай чыгат. Күн жана ай эң негизги кудайлар болушкан. Мисалы, б.з.ч. 167-ж. хуннулардын (сюнну) каганы Лаошань-шаньюй (Модэ-шаньюйдун уулу, тактынын мураскору) Хань династиясынын императоруна жиберген катында: өзүн “Асман менен Жерден төрөлгөндүгүн, Күн менен Ай тарабынан дайындалгандыгын, сюннулардын (хунну) улуу Шаньюйу” – деп жазат. Мындай маанидеги каттарды түрк кагандары (Таспар-каган) Кытайдын Суй династиясынын (581-618 жж.) императоруна 5 кылымдан соң, VI к. да жазышканы маалым (Алекперли, 2001: 125). Байыркы ишенимдер “Манас” эпосунда да туруктуу сакталган:

*Айын менен Күнүндүн,*
*Бир өзүнөн бүткөндөй.*
*Асман менен Жериндин,*
*Тирөөсүнөн бүткөндөй.*
*Алтын менен күмүштүн,*
*Ширөөсүнөн бүткөндөй.*

Хуннулар мамлекетинин шаньюйу бир эле учурда жогорку жрец-шамандын (бакшынын) функцияларын да аткарган. Ар күн сайын бүтүндөй хунну (сюнну) элинин атынан ***Күнгө сыйынуу*** үчүн таң утурлап ***эшиги күн чыгыш тарапты каратылып тигилген боз үйдөн*** чыгып Күнгө сыйынган. Кеч кирип ай чыккан-да, Айга карата ***боз үйдөн*** чыгып, элдин атынан сыйынуу жөрөлгөсүн жасаган. Кээ бир тарыхчылар хуннулардын башкаруучусунун титулунун аталышын туюндурган иероглифти ***“тан-ху”***, ***“таңдын адамы”*** деп окуганы капысынан эмес экендигин белгилешет (Крадин, 2001: 86). Күн менен Ай шаньюйдун өзгөчө сыйынуусунун объектилерине кирген. Аны Сыма Цянь өзүнүн “Тарыхый жазмаларында” (*Ши-цзи)* белгилеп айткан: «Шаньюй эртең менен ордодон (***боз үйдөн*** – О.К.) сыртка баш багып, чыгып келе жаткан Күнгө, кечинде болсо Айга сыйынат... Согуш абалын жарыялаштын алды жылдыздар менен айдын жайгашуусуна байкоо жүргүзөт; ай толгондо



кол салышат, ай кемигенде чегинишет» (Бичурин, 1950а:50; Егоров, 1985: 17-18; Бартольд, 1998: 50; Крадин, 2001:140-142; ДТС, 1969:142). Шаньюйдун коомдук иеархиядагы жогорку социалдык статусун хуннулардын мамлекетинин көзү өткөн башкаруучуларына багышталып тургузулган шаңдуу көрүстөн курулуштары, аларды казганда табылган коштоп туруучу кооз инвентарлар аныктап турат (ДТС, 1969:143). Кытайдын "Яньтелунь" аттуу трактатында: "сюннулар" (хуннулар – О.К.) үчүн өрүлүп жасалган тал – үй; кийиз үйдүн оролгон чатыры катары катары кызмат өтөйт (Бань Гу. "Хань-шу", Т.11: 3761). Бул жерде сөз кийизден жабылган үйдүн керегелери тууралу болуп жатканы ачык.

603-ж. Чыгыш Түрк мамлекетинин каганы Цзели өзүнө кызмат өтөгөн *хулардын* (кыт. Ху ~ согдулар) көмөгү менен туткундалып кытай императоруна өткөрүлүп берилген. Туткундагы Ашина каганы Цзели бөлүнгөн үйгө жашабай, цюнлуда (кийиз үй) түнөгөн, эки жылдан соң ошол жерде өлгөн (Крюков, Курылев, 2000: 11). Тан династиясынын (618-907 жж.) курулушунун алгачкы жылдарында борбор шаар Чаньянда ж.б. ири шаарларда көк түрк маданиятына берилгендик күчөй баштаган.

Кытай аристократтары короолоруна түрктөрдүн боз үйлөрүн коюшуп, күндөлүк жашоодо көчмөндөрдүн кийимин, тамактарын пайдалана башташкан. Император Тайцзундун (627-652 жж.) уулу Ли Чэнцянь императордук короодо түрктөрдүн кийиз үйлөрүн тиктирип, өңү-башы түрктөргө түспөлдөш болгон кызматкерлерди чачтарын артына байлатып кызмат өтөгөндүгү белгилүү. Борбор шаарда көчмөндөрдүн маданиятына кызыгуу башталган. (Крюков, Курылев, 2000: 11). Империянын негиздөөчүсү Ли Юань көчмөн тобалардын тегинен чыккан. Ли Юандын бийликке келишине көк түрктөр аскердик зор колдоо көргөзшкөн. Тан доорундагы кытайлардын кыз алып, кыз берүү тойлорунда короолоруна "чжаньчжаньдарды" – көк түрктөрдүн кийиз үйлөрүн тигүүнү (орнотууну) салтка айландырышкан. Мындан сырткары кийиз үйдүн монгол тилдүү жуан-жуандар мамлекетинин доорунда "байцзы-чжаньчжань" деп аталган. Жуаньжуандардын (Жожуань) каганы Анахуань Вэй императору Мин-диден ***18 кийиз үй*** белекке алган (Материалы по истории сюнну: по китайским источникам / Предислов., пер. и примеч. В.С.Таскина.-М.: Наука, 1968. – С. 143). Белгилей кетчү маселе, Вэй (386-535

жж.) династиясын Тоба (Тоба жана Муюн) деп аталган монгол тилдүү көчмөн уруулардын бири негиздеген.

Борбордук Азиядагы Көк түрк (Ашина) кагандары да кийиз үйдөн жасалган атайын өргөөлөрдө жашашкан. Кагандар жана мамлекеттик кызматкерлер жылдын бир мезгилдеринде үнкүргө келип сыйынышып, курмандык чалышкан. Үңкүр биринчиден түрктөр үчүн бабалары (чоң аталары) туулган жай болсо (Эне-карышкырдын Гаочань-Турфандагы балдарды тууган үңкүр), экинчиден адамдардын диний-философиялык түшүнүктөрүндө үңкүр эненин жатынын жана жашоонун башталышын туюнткан (Потапов, 1991: 82). Бул диний ритуалды өткөрүүнү каган өзү жетектеген. Бабалардын духтарына келип сыйынуу (Эне-карышкыр) мамлекеттик культка айланган. Бул каада Биринчи Түрк каганаты кулап, экиге ажыраганда (Батыш жана Чыгыш Түрк каганаттары, 581-659 жж.) да улантыла берилген, түрк кагандары өздөрүнүн баштапкы генеалогиялык тегин, Бөрүнүн (карышкыр) культун дайыма эстеп, белгилеп турушкан. Кытай жазма булактары:”...Каган ар дайым Дугинь тоосунда жашайт. *Анын кагандык өргөөсүнүн оозу (эшиги) ыйык эсептелген күн чыгыш тарапка каратылып орнотулган.* Каган жыл сайын өз кызматкерлери менен биргеликте бабаларынын үңкүрүнө атайын курмандыктарды чалат. Бешинчи айдын орто декадасында элдин баарын жыйнап, дарыя боюнда Көк Теңирге багышталган курмандык чалдыртат (Бичурин, 1950:230-231). Чыгыш түрктөрүндө болсо каган жана гуй-жэн (тектүү адамдар) жыйналышып бабалардын арбагына, бешинчи айда



Курбанъ-Джанъ-датха показываетъ вывѣшенное приданое своей внучки.

көпчүлүк эл менен Көккө (Көк Теңир) курмандык чалышары “Чжоу-шуда” баяндалат (Потапов, 1991:122). Батыш Түрк каганатында курмандык чалуу каадасы “бешинчи жана сегизинчи айда” өткөрүлгөн. Бешинчи ай – июнь айынын башталышы, үчүнчү жана сегизинчи айлар азыркы апрель менен сентябрь айларына туура келет. Экинчи жана үчүнчү даталар түшүнүктүү, анткени бул мезгил жайкы көчүп-конуу циклынын башталышы жана жайлоодон кайтуунун аягына туура келген, курултайда чарбалык иштер уруулар, элдер ортосунда жайыттарды бөлүштүрүү, көчүп-конуунун багыттары боюнча маанилүү маселелер каралган. Көк Теңирге курмандык чалуу сөзсүз түрдө кайсыл бир майрамга байланыштуу болгон. Жалпы элдик курмандык чалуу каадасы байыркы хуннуларда, гацзюйларда (теле-динлинь) да болгондугун кытай жазма булактары тастыктайт.

568-ж. Византия императору Юстин Батыш Түрк каганатынын негиздөөчүсү, каган Истемиге (грек. Дизабул) жиберилген элчиликти жетектеген киликиялык Земархтын сапарын грек-византия тарыхчысы Менандр Протектор тактап, ийне-жибине чейин жазган. Киликиялык Земарх жана ал жетектеген элчиликтин курамын түрк (грек. скиф) шамандары “ар кыл жамандыктан тазалоо” үчүн кургатылган өсүмдүктөр менен аластагандан соң гана элчилик өкүлдөрү бийик жерде жайгашкан, жибек кездемеси менен кооздолуп жабылган кагандын ак үйүн көздөй жөнөшкөн (Жданович, 2014: 11-12). Түрктөрдүн каганы Дизабул жибек кездемелери менен кооздолгон кийиз үйдүн ортосунда алтындан жасалган, араба сымал тактыда олтурган. Кабыл алуу аяктагандан соң, ичи жана сырты жибек кездемелер менен кооздолгон, алтын-күмүш жасалгалар жык толгон башка ***кийиз*** (***боз) үйдө*** тосуп алып, Сасаний элчилери менен биргеликте кагандын мейманы болушкан (Жданович, 2014: 11-12).

IX к. экинчи жарымында – X к. баш чендеринде кыргыз каганы өзүнүн ставкасын бүгүнкү Тыванын аймагынан жылдырган эмес, так айтканда бул маселе боюнча маалыматтар кездешпейт (История Тувы, Т.I, 2001: 133). X к. баш чендеринде кыргыз каганы өз ставкасын монгол тилдүү кара-кытайлардын согуштук кысымы астында Танну-Оладан (азыркы Монголия) Тыванын борбордук чөлкөмүнө көчүргөндүгү болжолдонот. «Худуд ал-Аламда» «*кыргыздар жашаган аймактарда айыл-кыштак, шаар деген жок, калкынын дээрлиги тең* ***боз үйлөрдө*** *жашашат.* Бир гана каган турган жер шаар деп аталат. Кыргыз каганы Кемиджикент аттуу шаарда турат» – деп баяндалат (МИКК, 1973: 41-42). Бул шаардын (Кемиджикент) чалдыбары бүгүнкү Тыванын аймагынан азырынча табыла элек. Арийне, археологиялык маалыматтарга таянуу менен кыргыз каганы жашаган шаар Элегест дарыясына жакын жайгашкан деп болгоого болот. Ошол чөлкөмдөгү ***Шанчы, Чинге, Элегест*** деп аталган жерлердеги көрүстөн эстеликтерден табылган жазуу стелалардагы ар түрдүү формадагы эн тамгалар да бул аймакта аристократиялык уруулардын өкүлдөрүнүн жашагандыгын айгинелейт (караңыз: История Тувы, Т.I, 2001: 133). Элегест дарыясына жакын жерден табылган кыргыз жазуу эстеликтери компактуу жайгашкан, эстеликтердин кыргыз тарыхын, тилин изилдөөдөгү ролу талашсыз.

Көчүп-конуп жүрүүнүн багыттары эгин себилген аянттардын жайгашуусуна карата өзгөрүлүп турган. Кыргыздар жайлоого чыгардын алды эгинди сээп, күзүндө мал жайлоодон кайтарда жыйнап алышкан. Тан династиясынын (618-907 жж.) хроникалары кыргыздар кадыресе дыйканчылык кыларын, эгин айдаган айды ***«бао-ши» (кырг. «баш ай» же «биринчи ай»)*** деп аташарын, ал эми эгинди тогузунчу айда оруп-жыйнап алышарын кабарлашат. «Баш ай» – жылдын март айына туура келет. Аль-Идриси кыргыздар суу тегирмендерин колдонушарын, тегирмендерде күрүч, буудай ж.б. эгиндер тартыларын жазган. Алар тамак-ашка колдонулган, куурулган жана чийки буудай катык (суюк тамак) жасап ичишкен (Караев, 1973: 90). Эгин аянттарын темир тиштери салынган соколор менен иштетишкен, Кытайдан алынып келинген чоюн тиштүү буурсундар да айыл чарбасында кеңири колдонулган. Эгин бышканда темир ороктор менен оруп алышкан. Кыргыздарга кошуна жашаган, тайга аймагын байырлаган уруулар негизинен аңчылык, балыкчылык жана жыйноочулук менен күн көрүшкөн. Тайга зонасынын жаратылыш шарттары дыйканчылык кылууга мүмкүнчүлүк берген эмес. Тарыхый маалыматтар боюнча аймактын калкы кийизден жабылган, көлөмү ар кыл боз үйлөрдө жашашкан. Кыргыздардын башчысы – ***Ажо көлөмү зор келген боз үйдө****, андан ки*



*йинки рангадагы адамдар андан* ***чаканыраак кийиз үйлөргө*** *ээ болушкан* (Бичурин, 1950, T.I: 352). Тыванын аймагында орто кылымдар дооруна таандык шаар, туруктардын, өндүрүштүк борборлордун болбошу – кыргыздардын негизги бөлүгүнүн көчмөн шартта жашагандыгын чагылдырат. X к. Тывада эскерилген кыргыздардын шаарынын так ортолугунда кагандын ак өргөөсү көрүнүп турган боз үйлөрдөн турган шаар болгон, ырасында боз үйлөрдөн куралган шаардын ордун табуу мүмкүн эмес (История Тувы. Т.I, 2001: 139). Аль Йакубинин белгилөөсү боюнча түрк уруулары, анын ичинен кыргыздар сырттары жасалгаланган ***кийиз үйлөрдө*** турушарын, үйдүн негизин түзгөн жыгач жасалгалар териден өрүлгөн кемерлер менен бекемделерин эскерген (История Киргизской ССР, 1984: 321-324).

Кыргыздардын, түрктөрдүн ж.б. элдердин кийиз үйлөрүнө кытайлар жана кытай аристократтары өтө жогорку бааларды беришкен, көчмөндөрдүн материалдык маданиятынын үлгүлөрү таңкыс заттарга айланганын тарыхый булактар да тастыктайт. Ириде, терең тарыхый жана маданияты бар кытайлар көчмөндөр тарабынан жасалган кийиз үй, кымыз, териден жасалган буюмтайымдар ж.б. колдонууга ыңгайлуулугуна, сапатына маани беришкен. Мисалы, Бо Цзюйинин боз үй тууралу жазып калтырганына көңүл бөлсөк болот. **Бо Цзюйи** (кыт. 白居易 кошумча *Бо Лэтянь* 白乐天, , *Бо Сяншань* 白香山 деген аттар (болжолу, псевдонимдер) менен да белгилүү болгон, 772-846 жж.) Кытайдын Тан династиясынын доорлорунда жашап өткөн акындын бир тууганы, канцлер Бай Миньчжундун аталаш тууганы болгондугу айтылат. Шаньси провинциясынын Синьчжэн аттуу шаарында жашап өткөн. Өзүн ырдын генийи деп атаган экен, "ши" жанрындагы ырларды жазган. **Бо Цзюйи** Тан доорундагы өз орду бар, талантуу акындардан экендигин эскеришет. Акындын жазган ырлары жөнөкөйлүгү жана терең маанилүүлүгү боюнча айрымаланган. **Бо Цзюйи** империядан түндүк тараптагы түздүктөрдө жашаган көк түрктөр, уйгур (тогуз огуз), кыргыздарды кыдыргандыгын болгоого болот. Көчмөндөрдүн боз үйүн сүрөттөп ыр жазган. "Көгүлтүр үй" тууралу ырды Германияда жашаган кытай тектүү илимпоз Лю Маоцзай саптап бүгүнкү кытай тилине оодарган. Бул текстерди Л.Н.Гумилев орус тилине которгон (Крюков, Курылев, 2000: 14). Эт-

нограф С.И.Вайнштейн Л.Н.Гумилевдун котормосун жогору баалоо менен бирге, айрым мүчүлүштүктөрүнө да токтолгон (караңыз: Вайнштейн, 1976: 46, 47). Кыргыз тилине адабиятчы жана сынчы Калык Ибраимов эркин которгон:

**Ак боз үй (“Көгүлтүр үй”)**

Сан миң койдун жүнүнөн,
Сансыз түйдөк түрүшөт.
Сай талдардын түрүнөн
Кереге-уугун сүрүшөт.
Түндүктүн буурул таңында,
Көк мунарык шаңында,
Көркү сонун боз үйдү,
Көкжал көчмөн эрендер
Көк жайыкка тигишет.
Буюруп жазмыш бу күндү,
Түндүккө түштүк жүгүндү.
Көчмөндүн акбоз өргөөсү,
Жергеме жетип тигилди.
Куюн тийсе солк этпейт,
Жаан-чачын эч өтпөйт.
Дубалы жок, бурчу жок,
Ичи жылуу, көңүл ток.
Жоокерлер менен жол кезип,
Тоо-талааны арытты.
Акбоз үй конуп короомо,
Көргөндүн көзүн талытты.
Ай мунары астында,
Ажары көңүл толкутат.
Ажайып кийиз жабуусу
Кыш чилдесин коркутат.
Кереге-уугу келишкен,
Керемети тири укмуш.
Саймалуу үзүк-туурдук,
Сарамжалы бир укмуш.
Очогунда от бийлейт,
Ойноктоп от шок бийлейт.
Өз тамын чанып андайда,
Ушундай үйгө ким кирбейт.
Коломто чогуу кызарган,
Кызгалдак гүлдөй албырат.
Туш кийиз, көрпө, шырдактар,
Көргөндүн көөнүн дал кылат.
Колуңдан келсе жыргап кал,
Төрүндө жатып магдырап.
Түнөргөн түндө түтүнү,
Түндүктөн көккө чубалат.
Мас болуп жыпар жытынан,
Көлкүлдөп көңүл кубанат.
Көктөмдө кирген шар суудай,
Көөдөндү жарып ыр агат.
Ушундай укмуш үйүнөн,
Бейишти берем десе да,
Кандай бир пенде чыгалат.
Канчалар жүрөт камыштан,
Алачык жасап алышкан,
Аязда тоңуп калтырап.
А боз үйдүн жөнү бир башка,
Адамды айраң калтырат.
Дүйнөдөн безген, жер кезген,
Кечил да ага таңгалат.
Карыздан башы чыкпаган,
Эртеден кечке уктаган,
Кесир да ага таңданат.
Кадырлап сыйлуу конокту,
Боз үйдөн күтүп сүйөмүн.
Балдарым үчүн боз үйдү,
Бапестеп сактап жүрөмүн.
Менсинген хандын сарайы,
Боз үйгө кайдан теңдешсин!
Ак урса дагы ага мен
Ак өргөөмдү бербесмин!

**Пайдаланылган адабияттардын жана булактардын тизмеси:**

1. *Абрамзон, С. М.* Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. – Фрунзе, 1990, «Илим». – 480 с

2. *Антипина К.И.* Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов. Фрунзе, 1962. – С.154-216.

3. *Бань Гу.* “Хань-шу”, Пекин, Т.11: 3761.

4. *Бартольд В.В.* Тюрки: Двенадцать лекций по истории турецких народов Средней Азии [Текст]/ В.В.Бартольд. Алматы: Жалын, 1998. - С. 192.
5. *Бичурин Н. Я* (Иакинф). Собрание сведений о народах обитавших в Средней Азии в древние времена. Т. I-III. -М.-Л.: 1950-1953.
6. *Вайнштейн С.И.* Проблемы истории жилища степных кочевников Евразии//СЭ. 1976. № 4. 46, 47.
7. Древнетюркский словарь [Текст]/ Л.: Наука, 1969. - 715 с.
8. *Евтюхова Л. А.* Развалины дворца в «земле хягас», «Краткие сообщения Инта истории материальной культуры», вып. XXI, - М.: Наука, 1947. – С. 85.
9. *Егоров Н. И.* По следам златорогого оленя//Межэтнические общности и взаимосвязи фольклора народов Поволжья и Урала. - Казань, 1985. - С. 128 – 133.
10. История Киргизской ССР, Фрунзе, “Илим”, 1984. Т.I. - С. 321-324.
11. История Тувы. –М.: Наука, 2001. Т.I. – 430 с.
12. *Жданович О.П.* Посольство Земарха в ставку тюркского кагана (перевод и комментарии фрагментов труда Менандра Протектора)//Золотоордынское обозрение. - № 2(4), 2014. – С. 6-20.
13. *Жуковская Н.Л.* Пространство и время в мировоззрении монголов //Мифы, культы, обряды народов зарубежной Азии. -М., 1986. - С.118-135.
14. *Жуковская Н. В.* Судьба кочевой культуры. Рассказы о Монголии и монголах, - М.: «Наука», 1990. – 230 с.
15. *Егоров Н.И.* По следам златорогого оленя. Межэтническме общности и взаимосвязи фольклора народов Поволжья и Урала [Текст]/ Н.И.Егоров. Казань, [б.и.], 1985. - С. 128-133.
16. *Караев О. К.* Этногенетические и этнокультурные процессы древности и средневековья в Центральной Азии. -Бишкек, 1996: «Илим». - С. 22-46.
17. *Каратаев О.К., Эралиев С.* Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. – Б.: Бийиктик, 2005. – 388 б.
18. *Каратаев, О.К.* Бөрү уруусунун келип чыгышынын тарыхый-этнографиялык негиздери. – Бишкек, «Улуу тоолор», 2021. – 618 б.
19. *Кармышева Б.Х.* Жилище узбекской племени карлук южных районов Таджикистана и Узбекистана // Известия общественных наук АН Таджикской ССР. Вып. 10-11. Душанбе, 1956. -.С. 23.
20. *Кармышева Б.Х.* Поездка к киргизам Джиргаталя в 1954 г. Изв. Отд. обществ, наук АН ТаджССР, 1956, вып. 10—11. -С. 29—30.
21. *Кляшторный С. Г., Савинов Д. Г.* Степные империи древней Евразии. – СПбГУ, 2005.– 346с.
22. *Крадин Н.Н.* Империя Хунну. Изд. 2-е, перераб. и доп. [Текст]/ Н.Н.Крадин. - М.: [б.и.], Логос, 2001. - 312 с.

23. *Крюков М.В., Курылев В.П.* К ранней истории юрты (по китайским источникам III в. до н.э. – XIII в. н.э.)//Кочевое жилище народов Средней Азии и Казахстана. – М.: Наука, 2000. – 206 с., с ил.

24. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Т. I-II. – Бишкек, 2019.
25. *Маргулан А.Х, Акишев К.А,Кадырбаев, А.К, Оразбаев А.М.* Древняя культура Центрального Казахстана. - Алма-Ата, 1966. - С. 34, 151, 173.

26. Материалы по истории киргизов и Киргизии / Пер. извлечений; Отв. ред. и авт. введ. 629. В. А. Ромодин. Вып. 1. М., 1973.

27. Материалы по истории сюнну: по китайским источникам / Предислов., пер. и примеч. В. С. Таскина.-М.: Наука, 1968. – С. 143.

28. *Махова Е.И.* Материальная культура киргизов как источник изучения их этногенеза. ТКАЭЭ. т. III, Фрунзе, 1959. -С. 45-47.

29. *Муканов М. С.* Казахская юрта., Алма-Ата, “Гылым”, 1981. – 222 с.
30. *Потапов Л. П.* Алтайский шаманизм. – Л.: Наука, 1991. -321 с.
31. Фиельструп Ф. А. Отчет о поездке в Киргизию летом 1925 года. Фонды Отд. обществ, наук АН Кирг.ССР.
32. *Харузин Н.* История развития жилища у кочевых и полукочевых тюркских и монгольских народностей России. - М., 1896.

33. *Чжоу шу* (История [династии] Чжоу). Пекин: Чжонхуа шуцзюй, 1987. С. 1–1289.

34. *Юдахин К.К.* Киргизско-русский словарь. Фрунзе, “Илим”, 1965.

УДК: 392.54

***Бактыбекова Айгерим Бактыбековна,***
*аспирант НАН КР*

***Baktybekova Aygerim Baktybekovna,***
*postgraduate student of the Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic*

## ИСТОРИЯ КЫРГЫЗСКОЙ СЕМЬИ И ФОРМЫ БРАЧНЫХ ОТНОШЕНИЙ

## КЫРГЫЗ ҮЙ-БҮЛӨСҮНҮН ТАРЫХЫ ЖАНА НИКЕ МАМИЛЕЛЕРИНИН ФОРМАЛАРЫ

## HISTORY OF THE KYRGYZ FAMILY AND FORMS OF MARRIAGE

**Аннотация.** В статье рассматривается история кыргызской семьи и формы брака. Большая часть исследования посвящается Советскому и до советскому времени. Актуальность исследования обуславливается тем, чтобы внедрить современному обществу понятие о ценностях кыргызских обычаев и традиций в браке. Семейная структура кыргызского общества, процесс заключения брака в обществе требует глубоких теоретических и практических исследований. Современным требованием является изучение форм брака и семьи кыргызов и их истории, направления роста и развития, их места в нашей жизни.

**Ключевые слова:** *брак, этнос, матриархат, патриархат, экзогамия, эндогамия, семья.*

**Аннотация.** Макалада кыргыз элинин үй-бүлөсүнүн тарыхы жана никенин формалары баяндалмакчы. Бул жаатта жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөрдүн басымдуу бөлүгү Совет мезгилин жана ага чейинки доорлорду өз ичине камтыйт. Ошондон улам, заманбап түшүнүктө кыргыздардын никелешүү жана үй-бүлө куруудагы үрп-адат, каада-салт, жөрөлгө баалуулуктары жаңычыл жаатта азыркы мезгил үчүн изилдениши керектигин көрсөтүп турат. Кыргыз коомунун үй-бүлө түзүлүшү, коомдогу никелешүү процесстери тереңдетилген, теориялык жана практикалык иликтөөлөргө муктаж. Кыргыз элинин нике жана үй-бүлөсүнүн формалары жана алардын тарыхы, өсүп өнүгүү багыты, жашообуздагы орду изилденип туура багытталышы азыркы учурдун талабы.

**Негизги сөздөр**: *нике, этнос, матриархат, патриархат, экзогамия, эндогамия, үй-бүлө.*

**Abstract.** The article describes the history of the Kyrgyz family and the form of marriage. Most of the research is devoted to the Soviet and before Soviet times. The relevance of the study is due to the fact that in order to introduce the concept of the values of Kyrgyz customs

and traditions in marriage to modern society. The family structure of Kyrgyz society, the process of entering into a marriage in society requires deep theoretical and practical research. It is a modern requirement to study the forms of marriage and family of the Kyrgyz people and their history, the direction of growth and development, their place in our lives.

**Keywords:** *marriage, ethnos, matriarchy, patriarchy, exogamy, endogamy, family.*

## Введение

В настоящее время равнодушие молодежи к основным этапам жизни – браку и семье – не останавливает граждан, думающих о будущем всего кыргызского народа. В конце концов, если мы сможем оценить моменты, которые являются самыми важными этапами нашей жизни, наша жизнь и будущее останутся важными из поколения в поколение. Ведь наши предки сохранили эти ценности. Наш долг не только сохранить подлинные ценности главного этапа этой жизни, но и научить наши будущие поколения сочетать их, не теряя своей ценности. Поэтому формы брака и семьи кыргызов, их история и их место в нашей жизни должны быть изучены и правильно ориентированы.

Кыргызская семья не осталась неизменной за время своего долгого существования. Поэтому мы не ошибемся, если скажем, что происхождение кыргызской семьи начинается в глубокой древности, с эпохи этнических общностей на этапе ранней социальной формации.

Несмотря на исторический процесс устройства кыргызской семьи, трудовых мер, брака и ценностей, несмотря на некоторые работы по обновлению, основные понятия семьи сохранились и продолжают сохранятся. Необходимо акцентировать внимание на структуре современной кыргызской семьи и феномене брака, где сохранилась традиционная концепция и какие изменения создала современная концепция.

## Средства и методы исследования

Наиболее заметные признаки перехода от матриархата к патриархату и возникновения патриархальной семьи стали обнаруживаться в карасукский период (1200-700 гг. до н.э.); в то время на огромной территории Саяно-Алтая, нынешних Восточного Казахстана и Тянь-Шаня проживали племена, являвшиеся предками более поздних тюркоязычных племен. Период интенсивного распада первоначальных общинных отношений и возникновения классового общества (VII-III вв. до н.э.) совпал с укреплением патриархально-семейной общины и переходом ее в господствующую форму (с середины I-го тыс. до н.э.). Эта форма семьи начал терять свое господствующее положение в середине 1-го тысячелетия нашей эры. Когда на исторической арене появилось множество тюркоязычных племен и племенных союзов, среди них были и прямые предки нынешних кыргызов. Период с V-VI века по IX-X века характеризовался ускорением процесса классообразования и образованием первых феодальных государств. Был переходный период в развитии семейных отношений. На смену патриархальной семье пришла противоположная малая или частная семья, основанная на частной собственности, но последняя еще не заняла лидирующих позиций [Абрамзон, 1990: 142-143].

Патриархальные отношения прочно утвердились в кыргызском обществе в средние века и сохранились до следующей советской эпохи. В этот период индивидуальная семья стала играть ключевую роль. Однако большие семейные патриархальные общины не были упразднены. В целом она утратила свое значение в связи с изменением общественных отношений. В то же время между родственниками сохранялись разного рода патриархальные связи. Остатки па-

триархальных семей сохранились у кыргызов, живших в первой половине XIX века, а в некоторых случаях и позже. Как и в древности, кыргызская семья, большая или малая, делилась на несколько типов в зависимости от сословного положения.

Последний этап развития семьи в классовом обществе охватывает вторую половину XIX века и начало XX века. Основой общественных отношений в этот период были отношения, основанные на кочевом скотоводстве и патриархально-родовой жизни. Однако изменения в экономике кыргызов наблюдались после вхождения Кыргызстана в состав России, особенно в XX веке. С самого начала появились элементы капиталистических отношений, и Кыргызстан был вовлечен в орбиту европейских экономических отношений. Вновь сложившиеся капиталистические отношения очень негативно сказались на рядовых пастушеских и крестьянских семьях.

Первые признаки пролетарской семьи появились в семьях сельскохозяйственного пролетариата и бедноты, а также в немногочисленных семьях промышленных рабочих. [Абрамзон, 1990: 143]

Этот этап существования различных типов семьи в патриархально-феодальном обществе и первое развитие зарождающейся буржуазно-пролетарской семьи завершился в октябре 1917 г. В силу ряда причин многие характерные для этого этапа явления семейной жизни сохранялись до конца 1920-х гг., после чего стали постепенно исчезать. Это было связано с реализацией курса Коммунистической партии и Советского правительства на полную коллективизацию сельского хозяйства и ликвидацию последних эксплуататорских классов - манапов и баев, носителей патриархально-феодальной и буржуазной идеологии и реакционных традиций. В развитии семейных отношений большое влияние оказала политика индустриализации и культурные решения.

**Итоги и обсуждения**

Говорят, что с Великой Октябрьской социалистической революцией откроется новый, современный этап развития кыргызской семьи, как качественного типа семьи. Совершенно иные устои семейно-брачных отношений в советское время принципиально отличали кыргызскую семью от всех предшествующих форм. Потому что большевики думали о том, какими будут семейные отношения в советское время. Идеи «коммунизации жизни», «свободы любви», «социального воспитания детей», высказанные Н. Бухариным, А. Коллонтай, В. Лениным, оказали свое влияние на кыргызскую семью. Решающими факторами развития киргизской советской семьи являются отмена частной собственности на средства производства и отмена эксплуатации мужчин, установление социалистического строя хозяйства, практическое освобождение женщин, принципы коммунистической морали. и, наконец, одно из важнейших - постоянная помощь и поддержка братских народов СССР, оказывавшая всестороннее положительное влияние [Унал Али, 2015: 11-12].

Кыргызская семья исторически прошла много этапов до обретения независимости. В процессе перехода от кочевого образа жизни к оседлому, индустриализации и урбанизации политически и исторически в 1960-х годах царской России, присоединении к Советскому Союзу в 1917 году институт семьи и брака претерпел множество изменений. В 1991 году распад СССР и появление Кыргызстана как независимого суверенного государства на исторической арене вызвали изменения в институте семьи и брака.

В настоящее время, как и на территориях Советского Союза, перед обществоведами, которые будут изучать кыргызское общество, где национальная история и национальные ценности пе-

реживают новые процессы развития и обновления, стоит множество вопросов, и эти вопросы должны быть исследованы. Очевидно, что эти исследования важны для каждой сферы в жизни общества. Мало специальных научных работ по семейной структуре кыргызского общества и формам семьи и брака. С.М. Абрамзон, В.В. Бартольд, В.В. Радлов изучали кыргызскую семью со всех сторон. Особые места занимали труды К.Я. Антипина, С. Жумагулова и Л. Сыдыкова. Исследователей и учёных по вопросам формирования семьи и брака очень мало, также как и этнографических, фольклорных и антропологических исследований. Подавляющее большинство научных исследований, проведенных в этой области, показывают, что кыргызскую семью следует изучать в традиционном и инновационном аспектах для современного периода, так как она включает в себя период Советского Союза и периоды до него. Следует рассмотреть исследования, связанные с формированием семьи и брачно-семейными (брачно-брачными) процессами в кыргызском обществе. В связи с этим теоретическая и практическая значимость исследования играет очень важную роль. Потому что в настоящее время, помимо социально-экономических проблем, появилось много таких вопросов, как развитие национальной идеологии, воспитание подрастающего поколения, его образование, сексуальные проблемы. Особенно среди молодежи процесс апробации западной культуры в сочетании с мерами соответствия образованию стремительно набирает силу в период, когда национальные ценности отвергаются, глобализируются и забываются. Основными причинами этого продолжающегося процесса являются влияние мировой культуры, урбанизация и миграция, социально-экономические условия. Несмотря на исторический процесс устройства кыргызской семьи, трудовых мер, брака и ценностей, несмотря на некоторые работы по обновлению, основные понятия семьи сохранялись и сохранялись. Необходимо акцентировать внимание на устройстве современной кыргызской семьи и феномене брака, в какой степени сохранилась традиционная концепция и какие изменения породила инновационная концепция.

Семья – это основа общества, в котором мы живем, союз, построенный на основе брака. Понятие семьи считается социальным понятием, существовавшим с начала истории человечества, его структура и среда менялись в зависимости от времени и культурной ситуации общества. Семья играет важную роль в развитии, воспитании, физическом и умственном развитии людей, составляющих общество, в создании социальных или личных человеческих ценностей. Общество может расти, развиваться и поддерживать свою преемственность только тогда, когда оно состоит из зрелых, качественных личностей. Поэтому институт семьи охраняется в рамках конституционных, общих и специальных законов.

Брачные нормы также были тесно связаны с системой родства. Брачные нормы у кыргызов в советский период впервые были изучены Н. П. Дыренковой. Н.П. Дыренкова называла родовую экзогамию у кыргызов, и в то же время, «в настоящее время экзогамия внутри племени ограничена в разных родах и ясно, что внутри этой семьи идет процесс бракосочетания. Поэтому монгольское племя сохранило традицию женитьбы как минимум в седьмом поколении. Племя Черик допускает браки в четвертом поколении, но ранее в этом роде существовала традиция женитьбы на женщинах от седьмого колена» [Дыренкова, 1927: 12].

Родовая экзогамия и система брачных норм у кыргызов не поддаются полному определению. Среди них господствовал принцип «поколенческой» экзогамии, поэтому состав людей, к которым применялся этот принцип, менялся в зависимо-

сти от каждого поколения. Общее право обычно разрешало смешанные браки между потомками одного и того же предка мужского пола ближе, чем в седьмом поколении. Однако в реальной жизни эти семейные табу ослабли.

С.М.Абрамзон провел опрос среди 26 семей, чтобы в полной мере отразить истинную картину ограничения брака по уровню родства, как это работает в кыргызском обществе, а также распространение родственного брака по различным категориям. Были изучены родственные отношения 990 супружеских пар. Подавляющее большинство браков заключается между неродственными людьми или между дальними родственниками, то есть в полном соответствии с существующей системой «поколенческой» экзогамии. Однако 224 брака или 22,6 % обследованных пар связаны прямо или косвенно с кровнородственными браками, в том числе 87 браков (38,8 % от общего числа кровнородственных браков) - с родственниками по материнской линии. [Абрамзон, 1990: 145]

Браки между родственниками распространены среди кыргызов. Поощрялись и укреплялись браки двоюродных со стороны матери с другими двоюродными братьями, в том числе и браки детей сестер (даже браки с сестрой матери — таких браков было 12). Выяснилось, что для многих кыргызских групп характерны двоюродные или кросс-родственные браки. Встречался в обеих формах (брак с дочерью брата матери и дочерью сестры отца), но последняя встречалась значительно реже. Брак двоюродных двоюродных братьев (с дочерью брата отца) встречается только на юге Киргизии. Судя по всему, они появились там с нормами исламского шариата. [Абрамзон, 1990: 145]

Прежние формы брака включают отношения «бел куда» и «бешик куда». Родители, которые находятся в отношениях друг с другом, имеют отношения со своими нерожденными детьми, а также отношения колыбели со своими маленькими детьми. Обе эти формы были в той или иной степени связаны с господствовавшим «калым» браком. В обоих случаях приданое было выплачено, и ее выплаты продолжались много лет, пока она не переехала в дом своего новобрачного мужа. В литературе отмечено, что у кыргызов существует традиция заключения договора между родителями о будущем браке малолетних и даже ожидаемых детей, и сведения об этом также включены в рукопись, посвященную обычному праву кыргызов. Эта традиция напрямую связана со свадебным циклом кыргызов и отражает известную историю свадебного обряда, когда он достиг совершеннолетия. Основные черты этого свадебного обряда сохраняются в случаях заключения браков между молодыми людьми, достигшими совершеннолетия в младенчестве.

Подобные типы брака существовали в прошлом не только у кыргызов, но и у казахов, полукочевых узбеков [Потапов, 1930, с. 49], таджиков [Кисляков, 1959, с. 75-77] и других народов Средней Азии. Эта форма брака и на более поздних стадиях развития общества будет сохранять свой обязательный характер. Кроме того, двоюродные браки сохранялись и обходились дорого. Дальнейшая эволюция этой формы брака, брака нерожденных или малолетних детей и двоюродных братьев и сестер заключается прежде всего в сохранении отношений родства и знакомства. В историко-социологическом аспекте существует определенная связь между формами брака под названием «бел куда» и «бешик куда» и браком двоюродных братьев и сестер. [Абрамзон, 1990: 150]

Особым видом брака является так называемый брак «соок жаныртуу», то есть обмен родственниками, который по-кыргызски называется «кайчы куда» [Дыренкова, 1927: 14-15]. В таких случа-

ях либо семьи обменивались дочерьми и отдавали их сыновьям другой стороны, либо могли быть другие комбинации. Например, одна сторона отдала свою дочь за сына другой стороны, а вторая сторона также выдала другого сына первой стороны за своих дочерей. В дальнейшем под влиянием патриархально-феодальных отношений содержание этой формы брака менялось, и девушки обменивались с целью уменьшения или отмены материальных затрат на свадьбу и, прежде всего, приданого (калым). Обычно такая интерпретация имеет множество причин, как мы можем видеть на примере кыргызского «кайчы-куда».

Молодые люди, которые не могли позволить себе заплатить целое состояние, могли создать семью, даже став более молодым мужем. Этот тип брака заключался в том, что молодой человек ходил в дом родственников девушки (в качестве жениха) и платил приданое (калым), работая собственным трудом.

В прошлом похищение было редкой формой брака. По словам наших собеседников на Тянь-Шане, если у человека, взявшего девушку, не было достаточно денег, чтобы заплатить выкуп за невесту, он сначала платил немного, а потом договаривался с девушкой и похищал ее. Тогда отцу пришлось идти к отцу девушки и просить прощения для своего сына. Это путешествие называлось «алдынан отуу». После замужества мать невесты гонится за дочерью, чтобы перевезти дочь в дом родителей жениха, забирает с собой приданое (калым) девушки и выходит за нее замуж. Традиция похищения девушек использовалась редко. Потому что это приводило к спорам между двумя сторонами, а иногда и к серьезным последствиям. В настоящее время эта традиция полностью искажена, поэтому она запрещена.

Это обычай встречаться с женихом и невестой до свадьбы. В прошлом у кыргызов очень важное место в круговороте свадебных традиций занимал предбрачный период жениха и невесты, который назывался обручением или обручением. Их исполнение снабжено рядом традиций. Хотя происхождение обычая свиданий до брака тесно связано с древними формами семейно-брачных отношений, его существование в определенной степени поддерживалось экономическими причинами. До женитьбы жениха предбрачный период невесты соответствовал периоду выплаты невесте. Как известно, жених не мог привести свою невесту домой и открыто применять брачный закон до полной выплаты приданого (калым). Однако выплата приданого (калым) затянулась, что в основном объясняется необходимостью постепенной выплаты приданого (калым) в рассрочку в семьях с недостаточным достатком [Абрамзон, 1990: 151].

**Заключение.**

Таким образом, ясно, что все формы семьи и брака зависели от обычая выплаты калыма. И обычай оплаты зависит от социально-экономического положения. Вот почему развитие общества, наши условия жизни, международные отношения и образование имеют прямое влияние на изменение наших обычаев. Большая часть научных исследований, проводимых в области истории семьи кыргызского народа и форм брака, включает советский период и предшествовавшую ему эпоху. В связи с этим показано, что кыргызские брачно-семейные обычаи, традиции, обрядовые ценности в современном понимании должны изучаться новаторски для настоящего времени. Семейная структура кыргызского общества, брачные процессы в обществе нуждаются в глубоком теоретическом и практическом исследовании.

**Использованная литература:**

1. *Абрамзон С. М.* Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи Авт. вступ. ст. С. Т. Табышалиев. Ф.: Кыргызстан, 1990. Абрамзон С.М.,стр. 142-143

2. *Абрамзон С.М.* Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи / Авт. вступ. ст. С. Т. Табышалиев. - Ф.: Кыргызстан, 1990. Абрамзон С.М.,ул. 143

3. *Унал Али.* Проблемы семьи в зеркале социологии. -Б.: 2015: с. 11-12

4. *Дыренкова Н. П.* Брак, термины родства и психические запреты у киргизов. (По материалу, собранному летом 1926 г. в Нарынском районе Семиреченской обл.). Сб. этногр, материалов. № 2. Л., 1927; стр. 12

5. *Абрамзон С.М.* Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи / Авт. вступ. ст. С. Т. Табышалиев Ф.: Кыргызстан, 1990. Абрамзон С.М., стр. 145

6. *Абрамзон С.М.* Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи / Авт. вступ. ст. С. Т. Табышалиев. Ф.: Кыргызстан, 1990. Абрамзон С.М., стр. 145

7. *Потапов Л. П.* Материалы по семейно-родовому строю у узбеков Кунград, Научная мысль. № 1. Ташкент, 1930, стр. 49,

8. *Кисляков Н. А.* Семья и брак у таджиков. ТИЭ. г. XLIV, М. — Л. 1959; стр. 75-77.

9. *Абрамзон С. М.* Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи / Авт. вступ. ст. С. Т. Табышалиев. Ф.: Кыргызстан, 1990. Абрамзон С.М., стр. 150

10. *Дыренкова Н. П.* Брак, термины родства, 1927; стр. 14- 15.

11. *Абрамзон С. М.* Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи Авт. вступ. ст. С. Т. Табышалиев. Ф.: Кыргызстан, 1990. – 326 с.

УДК. 291.211/308

**Сапиева Н.Э.,** аспирант

**Сапиева Н.Э.,** аспирант

**Sapieva N.E.,** аспирант

## АТА-БАБАЛАРДЫН РУХУНА БОЛГОН ИШЕНИМ

## ВЕРА В ДУХУ ПРЕДКОВ

## BELIEF IN THE GHOSTS OF ANCESTORS

**Аннотация**. Макалада ата-бабалардын арбагына сыйынуу байыркы кыргыздарда өтө кеңири тараган диний ишенимдердин бири адамдардын анимисттик көз караштарына негизделген. Байыркы анимисттик идеялар менен жуурулушкан көмүү салттарынын ар түрдүү ырымдары, тиги дүйнөдөгү жандын жашоосу жана анын бул дүйнөдөгү тийгизген түрдүү таасирлери бар деген ишенимдин жыйындысы. Алардын көпчүлүгү жок болуп кетсе дагы, ата-бабалардын арбагына сыйынуу ислам динин күчөшүнө карабастан, жалгыз коюлган мүрзөлөрдүн ээсинин кереметүү экенине шек келтирилбей ага сыйынуу (Кожокелен,Калыякандын дөбөсү) деле Фергана өрөөнүндө эл арасында жашап келе жатат. Кээ бир ишенимдер кыргыздарга гана эмес Орто Азиянын башка элдерине да (казак, түркмөн, каракалпак) таандык. Кыргыздардын исламга чейинки анимисттик ишеними көп элдерге таандык диний көз караштардын бири болуп саналат.

**Негизги сөздөр**: *анимизм, ырымдар-жырымдар, жан, ислам, арбакка сыйынуу,аркы дүйнө, диний ишенимдер, көмүү ырымдары, жалгыз мүрзө, колдоо, кайрадан көмүү.*

**Аннотация**. В статье поклонение духам предков — одно из самых распространенных религиозных верований древних кыргызов, основанное на анимистических воззрениях людей. Разнообразие погребальных обрядов смешивается с древними анимистическими представлениями, сочетание верований в жизнь души в потустороннем мире и различные ее воздействия на этот мир. Даже если большинство из них исчезло, поклонение призракам предков, несмотря на расцвет ислама, является поклонением ему, не подвергая сомнению величие владельца гробниц, которые погребены в одиночестве (Кожокелен, холм Калякан) до сих пор живет среди жителей Ферганской области. Некоторые верования принадлежат не только кыргызам, но и другим народам Средней Азии (казахам, туркменам, каракалпакам). Доисламское анимистическое верование кыргызов является одним из религиозных воззрений многих народов.

**Ключевые слова**: *анимизм, обряды , душа, ислам, поклонение призракам, загробная жизнь, религиозные представления, , одиночное захоронение, опора, хоронить снова.*

**Annotation**. In the article worship of the spirits of ancestors is one of the most widespread religious beliefs of the ancient Kyrgyz, based on the animistic views of people. A variety of funeral rites is mixed with ancient animistic ideas, a combination of beliefs in the life of the soul in the other world and its various effects on this world. Even if most of them have disappeared, the worship of the ghosts of ancestors, despite the rise of Islam, is a worship of it, without questioning the greatness of the owner of the tombs that are buried in solitude (Kozhokelen, Kalyakan hill) still lives among the inhabitants of the Fergana region Some beliefs belong not only to the Kyrgyz, but also to other peoples of Central Asia (Kazakhs, Turkmens, Karakalpaks). The pre-Islamic animistic belief of the Kyrgyz is one of the religious beliefs of many peoples.

**Key words**: *animism, rituals, soul, Islam, ghost worship, afterlife, religious beliefs, single burial, support, bury again.*

Адамзатынын тарыхында арбактарга ишенүү бул динге чейинки архаикалык мезгилге барып такалат. Алгачкы коомдун жашоочулары өлүктү көмүүдө түрдүү ырым-жырымдарды колдонгондугу буга далил боло алат. Жогорку палеолит доорунун көбүрөөк көмүлгөн жерлери белгилүү жана аларда ырым-жырымдын ачык издери бар, сыягы, культ менен байланышкан: скелеттер ар кандай шаймандар, жасалгалар менен табылган, көбү очер менен боёлгон; кош мүрзөлөр (Ментондун жанында, Италиянын түндүк-батышында), баш сөөктөрдүн көмүлгөн жерлери (Офнет, Бавария гротосунда) - экинчи даражадагы сөөк коюу ырымынын айкын калдыктары бар. Албетте, ал кезде кандайдыр бир ырымжырым, диний жана сыйкырдуу идеялар калыптанып, маркум кандайдыр бир жол менен жашоосун уланткан деп ишенишкен.

Анимизм түшүнүгүн илимге киргизген англиялык этнограф жана культуролог Эдвард Тайлор аны жалпы эле диндин өнүгүүсүнүн алгачкы этабы деп түшүнгөн. Экинчи жагынан, ал жогорку маданияттуу элдердин дүйнө таанымындагы анимисттик идеялардын андан аркы өнүгүшүн да байкоого аракет кылган. Бул терминди биринчи жолу немис окумуштуусу Г.Е.Штал колдонгон. Ал өзүнүн «Theoria medica» (1708) аттуу эмгегинде бардык тиричилик процесстеринин негизинде жаткан жеке эмес жашоо принцибинин бир түрү катары жан жөнүндөгү өзүнүн доктринасы катары анимизмди атаган.

Тайлор анимизмди «диндин минимуму» деп эсептеген, б.а., анын пикири боюнча, алгачкы диндерден эң жогорку өнүккөнгө чейин бардык диндер анимисттик көз караштардан келип чыккан. Бирок, топтолгон маалыматтар анимизмге чейинки же анимизмге чейинки деп аталган бир катар жаңы тенденцияларды пайда кылды, аларга ылайык анимизм доорунан мурда сыйкыр доору (Дж. Фрейзер) [3], анимация доору, бүт табияттын жандануусу (Р. Маретт, Л. Я. Штернберг), примитивдүү прелогикалык мистицизм (Л. Леви-Брюль).

Тайлордун (Э. Тайлор) анимизмди диндин эң алгачкы формасы катары түшүнүүсүнөн анимизм деген белги келип чыгат. Бул категорияга Африканын, Түндүк Американын, Түштүк Американын, Океаниянын түпкү жашоочулары – салттуу жергиликтүү диндердин жактоочулары кирет; Азияда да анимизм салыштырмалуу таасирдүү, атап айтканда синтоизм анимизмдин өнүккөн түрү

**Арбактарга сыйынуу** - диндин алгачкы формаларынын бири, өлгөн ата-бабалардын арбагы тирүү урпактарынын турмушуна таасир берет деп ишенүү жана аларга багыттап курмандык чалуу. Арбактарга сыйынуу энелик (матриархат) уруктук коомдо өнүккөн. Үй-бүлө башчыларына, урук аксакалдарына баш

ийүү, алар өлгөндөн кийин арбагы үй-бүлөлүк уруктук сыйынууга айланган. Алгачкы жамааттык (общиналык) коомдун бузулуу процессинде жалпы уруулук жана жалпы элдик жол башчылардын арбактарына сыйынуу пайда болгон. Урууулардын башчыларына көзү тирүүсүндө эле Кудай катары сыйынышкан, алардын ата-бабаларын өзгөчө күчкө ээ деп түшүнүшкөн (Полинезия, Түштүк Азия, Батыш Африка ж.б.). Ошол эле мезгилде үй-бүлөлүк уруктук арбактарга сыйынуу сакталып калган жана таптык коомго да өткөн. Ал байыркы гректердин, римдиктердин, славяндардын ж.б. элдердин политеисттик диндеринде көрүнүктүү орунду ээлеген, Кытайда Конфуцийдин (Кунцзы) окуусунун негизин түзгөн. Илимий адабиятта арбактарга сыйынууга көбүнчө кеңири маани берилип, ага өлгөндөр жөнүндө кам көрүү, тотемдик ата-бабаларга ишенүү, ата-баба катары эсептебеген үй-бүлөлүк урукта пирлерге сыйынууну да киргизишет.

Арбактарга сыйынууга кыргыз коомунда байыртадан өзгөчө орун, маани-маңыз берилип келген. Ата-бабалардын арбактарына сыйынуу протоалтай доорунда эле пайда болушу ыктымал. Ата-бабалардын арбактарына арналып кыргыздарда байыртадан элге чоң аштар берилип, алардын арбагына багышталып курмандыктар чалынган, ислам дини кабыл алынгандан соң, аларга арналып куран түшүрүлгөн.

Байыркы кыргыздарда өтө кеңири тараган ишенимдердин бири - ата-бабалардын арбагына сыйынуу. Патриархалдык уруулук түзүлүштүн калыптанышы коло доорунун өнүгүшү менен байланыштуу. Ата-бабалардын арбагына сыйынуу кыргыздардын исламга чейинки диний көз караштарынын ичинен көрүнүктүү орунда турат.

Бизге белгилүү болгондой ата-бабалардын арбагына сыйнуунун негизин “ата-бабалардын жаны реалдуу жашайт” деген анимистик көз караш түзөт. Өздөрү өлсө дагы ата-бабалардын арбагы өздөрүнүн укум-тукумун колдоо менен бирге тирүүлөргө көз салуу менен бирге аларды колдоп турат дешкен.

Патириархалдык мезгилде үй-бүлөлүк уруулук сыйынуунун тотемге болгон ишенимдери менен бирге ”өлүм”, “жан” жана “тиги дүйнөдөгү жашоо” болгон анимисттик ишенимдердин жаралгандыгын окумуштуу С.М. Абрамзон өз эмгегинде маалымдайт. [2. 1977. С. – 151-165. С.334]. Э.Б.Тайлор: “Анимизм чындыгында эле жапайы элдердин да цивилизацияга жетишкен элдердин да философиясынын негизин түзөт. Биринчи караганда ал диндин өтө жакыр, кургак формасы катары көрүнгөнү менен биз аны практикада чоң нерсе катары көрөбүз, анткени кайсы жерде тамыр болсо ал жерден адатта бутак өсүп чыгат эмеспи”, – деп жазат [11. 1939. – 439 с. С.311].

Кыргыздардын турмушунда арбакка сыйынуу кеңири орун алган. Ал өтө туруктуу жана бардык жакта кеңири тараган, ата-баба арбактары реалдуу жашоодо жашайт жана ал өзүнүн муундарына жардамдамдашат эгер ыраазы болбосо чарпып коет деген ишенимде жашашкан. Өлгөндөрдүн жана ата-бабаларга сыйынуунун негизин өлгөндөрдүн жана ата-бабалардын арбактары реалдуу түрдө жашайт деген идеядан келип чыккан анимисттик түшүнүктөр түзгөн [1. 221 б.]. Тирүүлөрдүн жашоосунун ийгилиги толук бойдон ата - бабалардын арбагына кылган мамиледен болот. Ата-бабалардын арбагы тирүүлөрдүн камкордугун, көңүл буруусун талап кылат деп ишенишкен.

Кыргыздардын ата-бабанын арбагына сыйынуусу боюнча Ф.Поярков баалуу маалымат берет [9, С.25]. Ал: ”Кыргыздардын ишениминде ата-бабалардын арбагынын алыстоосу да, жакындоосу да, артында калган туугандарынын тatыктуу турмуш өткөрүп, жакшы иштерди кылуусуна байланыштуу болгон” – деп билдирген. Ч.Ч.Валиханов Кыргыздар

жана казактар ата-бабалардын арбагына кудайга сыйынгандай сыйынышып, алардын урматына мал союп, шам жагып, багышташканын белгилеген. Эскерүү ашы өткөрүлсө, ал бардык жакындарын коргогон, эгер андай болбосо, б.а. эскерилбесе, душман болуп, зыян кылган", – деп билдирет Л.С.Васильев [5, 414]. Кыргыз элинде "Арбактын иши оңолбой, тирүүнүн иши оңолбойт", "Арбакты сыйлабасты, Кудай сыйлабас" деген накыл кептер да арбакка болгон сый-урматты көрсөтүп турат. Кыргыз эли арбактарга арнап аш берүүдөн тышкары турмуштун кыйын учурларында (ооруганда, мал ооруганда ж.б.) ата-бабалардын арбагына кайрылып, алардан кургакчылыктан жана башка кырсыктардан коргонууну суранган. Бул үчүн бир уруктун баары мүрзөгө чогулуп арбактарга багыштап, мал союп, куран окушкан

Арбактарга сыйынуу азыркы коомдо дагы деле жашап келет. Өлгөн адам жөнүндө жаман сөз айтпоо», «Жер кабар бербесин», «Колдоп жатыныз», «Бала чакасын колдосун» деген түшүнөктөр эл арасында дагы деле айтылып келет. Өлүк коюлган күмбөз, мүрзөлөр «ыйык жерлер» эсептелинип, жан-жаныбарларды садага чаап, мал союлган.

Өлүк көмүү ырым-жырымдардын дагы бир түрү бул «кепинин жеп койду» деп өлүктү кайрадан көмүү болуп саналат. Кайрадан көмүү негизинен артында калган жакындары биринин артынан бири өлүүсүнөн улам биринчи каза болгон адамдын сөөгү казылып алынып анын денеси мүчөлөнүп, жиликтенип кайра жаназасы окулуп көмүлөт. Буга мисал катары өткөн кылымдын 60-жылдарда азаркы Көк-Бел айылынын тургуну Малик молдонун көрүнүн ачылышы. Молдо өлгөндөн кийин анын жакындары биринин артынан бири каза боло баштайт. Урук-тууганы чогулуп кабырын ачышканда, оролгон кепининин жарымын жеп койгондугу жана анын денеси ошол бойдон сакталып, чирибегендиги айтылат. Дене мүчөлөп, жиликтелинип, кайрадан кепинделинип, жаназасы окулуп жерге берилет.

Жубайлардын бирисинин эрте бул дүйнө менен кош айтуусунда да түгөйүнүн кийинки жашоосу тынч болуусу үчүн, маркумдун мүрзөсүнө барып, баш тарабына суу куюлат жана куран окулат.

Жогорудагы негиздер арбактан коркуусу, тиги дүйнөдө тынч жатуусу, артындагыларды чарпылбоосунун алдын алышы болуп эсептелинет. Арбактардын бар экенине ишенүү жана зыян кылбоосу анын артында калгандарды ырайым кылуусун тилөө, маркумду сыйлоо, тиги дүйнөдө тынч жатуусун каалоо болуп саналат.

Жалгыз коюлган адамдын мүрзөсүнө азыркы күндө да атайын барып кан чыгарып куран окулат. «Ыйык колдойт» же «чарпып коет» деген коркуу жана сыйлоо ислам дини күчөсө да арбактарга ишенүүнү толук жок кыла албай келет.

Кара-Суу районунун Папан айыл өкмөтүнө караштуу Кожокелен айылы, Араван районунун Керме-Тоо айыл өкмөтүнө караштуу Чөгөм айылы жана Кичик-Алай айылдары даранын ичинде жайгашкан. Бул даранын илгерки аты Турук. Турук дарасында Тастар-Ата, Көктөмдүн мазары, Ак тайлак мазары, Арча мазар, Кожокелен мазарлары жайгашкан. Аты аталган мазарлардын ичинен жалгыз сөөк коюлган мазар бул Кожокелен мазары болуп эсептелинет.

Кожокелен Кожолордун эн улуусу болгон. Кожокелен мазары Кожокелен айылынын түндүк-чыгышынан орун алган. Аталган мазарда Кожокелен ата өзү жалгыз коюлуп, жанында булак жана кум бар. Сыйынып келгендер атайын куран окуп, жыт чыгарып, май токоч бышырып, кээде курбандык чалышат. Мазардын өзгөчөлүгү Кожокелен Атанын арбагына сыйынуу менен айырмаланат. Кожокелен Атанын аты аталып, тилек-максаттарынын аткарылышын тилешет. Кумга тилек айтып, аны колу менен сыйпалайт

жана 2-3 сааттан кийин караганда ал жерде жаш баланын тамандарынын издери бала сураганга, ал эми бакубат жашоону тилегендерге жандыктардын издери түшөт. Барган эл ошол белгилерин негизинде тилек-максаттары орундалгандыгын же орундалбагандыгын билишет. Көбүнчө көптөн бери зарлап, күтүп балалуу болбогондор барышканына күбө болосуң.

Калыякандын дөбөсү азыркы Ноокат районуна караштуу Н. Исанов айыл өкмөтүнүн Күнгөй-Кожоке айылынын түштүк-батышынан, ал эми Сары-Жайык суусунун боюнун түштүгүнөн орун алган. Калыякандын дөбөсүндө жалгыз мазар бар. Ал жерге жаш жигит Кубаттын мүрзөсү өзү жалгыз коюлган.

Исламий илими бар касыйда окуган жаш жигит Кубаттын мүрзөсү Калыякандын дөбөсү деп аталат. Өзүнүн оо дүйнөгө сапар алышын алдын-ала билип апасына «менин көзүм өткөндө унутпай тырмагымды чырпып отко салып кой» деп эскертет. Жигит көз жумуп, апасы, тууган-уругу кайгыга батып аза күтүп, уулунун айткандары апасынын эсинен чыгып калат. Жамгыр жаап токтобой, көр казгандар көрдү казалбай, казса да мүрдөнү коё албай убара болушат. Ошол учурда апасы уулунун айтканын эстеп, жигиттин тырмагын алып отко таштайт, күн чайыттай ачылып мүрдөнү жерге беришет.

Калыякандын дөбөсүнө баргандар аз санда болуп, негизинен анын тууган урпактары барышат. Дөбөсүнө барып, куран окушуп, жыт чыгарып, бышырган нерсесин ошол жерде жешет жана намаз окушат. Дөбөсүн ээси Кубатка арналып, андан жардам суралат. Урпактарынын тынчтыкта жашоосун, оору-сыркоодон алыс болуусун тилеп, суранышат. Көбүнчө нерв оорусуна чалдыккан адамдар барышат.

Жогорудагы аты аталган жалгыз мүрзөлөргө барган эл салтка айланган адаттарды аткарышат.

1) Даарат алынат.

2) Куран окулат.

3) Кожокеленде булак болгон үчүн сууну ичип, денесине суу алат.

4) Атайын майга бышырылган май токочторду жасап келишет.

5) Түрдүү азыктарды алып келишип,2 мазарда тен ошол жерде бышырышып жешет жана намаз окулуучу убакытта намаздарын окушат.

6) Кожокелен мазарына бала тилеп келгендер булактын алдындагы кумга Алланын жана Кожокелен атанын атын атап кумду колдору менен чын дилден сыйпалашат (көпчүлүк көздөрүнө жаш алып ыйлашат).

7) Калыякандын дөбөсүнө келгендер оорусуна шыпаа тилешип, Алланын жана Кубаттын атын аташат.

Талаа иштериндеги изилдөөлөрдү ишке ашырууда, атайын түзүлгөн анкетанын жардамы менен, жогорудагы аты аталган жерлердин азыркы эл арасындагы күнүмдүк жашоосундагы ордун билүүгө аракет кылынды.

Анкетадагы суроолор:

1. Ф. А.А.
2. Жашы
3. Жынысы
4. Билими
5. Максаты
6. Ислам динине ишенүүсү
7. Медицинага ишенүүсү
8. Ал жакка баруунун жардамынын тийиши
9. Ыйык жер жөнүндө маалыматты каерден алгандыгы
10. Күтүлүүчү натыйжа

Сурамжылоодон кийин 2 мазарга барган элдин 90% ы толук бойдон мазарлардын ээси Кожокелен жана Кубаттын арбагы колдооруна ишенгенине ынангандыгы айтылды. «Ыйык колдойт» же «чарпып коет» деп сыйлоо, же коркуу сезимдерин эл оозунан угуп жаттык. Жогорудагы негиздер кыргыз коомунда дагы деле арбага сыйынуу, же ага ишенүү жашап келе жатканынан кабар берет.

Барган элдин 80 % ы жергиликтүү эл, калгандары кошуна райондордон жана келген адамдар. Келгендердин жашы ар түрдүү (жаш наристелерден баштап 70 жашка чейинкилер).

Жынысы боюнча эркектерге караганда аялдар (39% эркек, 61% аялдар) басымдуулук кылат.

Билими көбүнүн орто 35-37% , атайын орто 21-23%, жогорку билимдүүлөр 18-20%, мектеп курагындагылар 17-20%, мектепке чейинкилер 8-9% ти түздү.

Келген адамдардын 100 %ы толугу менен ислам динине ишенишет жана 62%ы исламдын парзын аткаргандар болуп чыкты.

Медицинага да ишенишет, бирок «кыргызчылык да кылып көрөйлү» деп келгендигин, ошондой эле медицина өкүлдөрү өздөрү да мындай жерлерге баруусун айтышкандыгын келген элдин 31% ы айтышты. Бул көрүнүш кыргыз медицинасы да кыргызчылыкка шериктеш болуу менен, аны тан алганына ынанабыз.

Атайын перзент, ден соолук, тынчылык тилеп, кан чыгарып, зыяратка келгендер болсо 93%ды түзөт.

Ыйык зыярат кылынуучу жайлар жөнүндөгү маалыматы- келгендер жергиликтүү адамдар болгондуктан, оозмо-ооз угуп , билип көрүп жүргөндөр. Ал эми башка жактан келгендер болсо зыярат кылып сыйынуунун негизиндеги күтүлгөн натыйжалардын болуусу жана аны көрүп атайын тилек кылып келген.

Күтүлүүчү натыйжаларда (азчылыкты түзөт) башында келип перзент тилеп, ден соолугуна шыпаа таап, үй-бүлөнүн тынчтыгын жана бакубат жашоону арзуу кылгандар кийинки ирет сөзсүз келип, перзент тапкандар баланын көкүлүн кыркып, май токочторду бышырып, аны таркатат, куран окуп, ыраазычылыгын билдирип, кан чыгарып курбандыкка тоок, эчки же кой союлат.

Жыйынтыктап келгенде, азыркы биздин коомдо ислам динин сандан сапатка өтүшүнө карабастан жалгыз коюлган мүрзөлөрдүн орду азыркы учурда дагы деле өз ордун жогото электигине ишеним артты. Тактап айтканда, ата-бабалардын арбагына сыйынуу биз канчалык четке каксак дагы ислам дини менен кошо жашап синкреттештирилип, коомдо дагы деле кошо жашап келет.

Көмүү салттарынын ар түрдүү ырымдары - тээ байыркы анимисттик идеялар менен жуурулушкан, тиги дүйнөдөгү жандын жашоосуна байланыштуу болгон жыйынды. Кыргыздарда көмүү ырымы терең салттык мүнөздү берет, исламдан алыс болгон. (М., үчүлүк, жетилик, 40 күн, аш). Ошондой болсо дагы кыргыздардагы көмүү салты көптөгөн өзгөрүүлөргө учурады. Алардын көпчүлүгү жок болуп кеткендигине “кайрадан көмүү ” ,“башына суу куюу”, ислам динине чейинки ишенимдердин калдыктары сакталып келе жатканы байкалат. Арбактарга сыйынуу жана көмүү салттарында исламга чейинки ырым-жырымдар дагы деле аткарылып келе жатканына ынанасын. Кээ бир ишенимдер кыргыздарга гана эмес Орто Азиянын башка элдерине да (казак, түркмөн, каракалпак) таандык жана алтайлыктардын ишенимине да байланышкан. Кыргыздардыгы ата-бабалардын арбагына ишенүү исламга чейинки көп элдерге таандык болгон диний көз караштардын бири экендигине жана дагы деле жашап келе жатканына күбө болдук.

**Адабияттар:**

1. Абрамзон, С.М. Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Б.. 1999. – 895 б.
2. Баялиева, Т.Д. Религиозные пережитки у киргизов и их преодоление. – Ф., 1981. – 100 с. 4 3. Поярков, Ф.В. Из области кыргызских верований ЭО. – 1894. – Т.9. - №4. – С.25.
4. *Тайлор, Э.* Первобытная религия. – М.: Соцэкгиз, 1939. – 439 с. С.311
5. *Токарев, С.А.* Этнография .народов СССР: истор. основы быта и культуры. – М., 1958.
6. Худяков, Ю.С. Энесай кыргыздарынын тарыхы: Кыскача баян, – Б.:2013.
7. *Штернберг, Л.Я.* Первобытная религия в свете этнографии. - Л., Наука,
8. *О.Каратаев, С.Эралиев.* Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. Бишкек. «Бийиктик» - 2005-ж.
9. Маалымат берүүчү. Кошуева Ырысбү. 25.05.1947. Ош обл. Ноокат рай. Чеч-Дөбө а.

## ФИЛОСОФИЯ PHILOSOPHY

УДК: 101.1 (575.2) (04)

***Козубаев Өскөн,***
*философия илимдеринин доктору, профессор*
*академик А.Алтмышбаев атындагы Философия институтунун бөлүм башчысы*
***Сулайманов Алманбет,***
*академик А.Алтмышбаев атындагы*
*Философия институтунун илимий кызматкери*
***Козубаев Өскөн,***
*доктор философских наук, профессор*
*заведующий отделом Института философии имени академика А.Алтмышбаева*
***Сулайманов Алманбет,***
*научный сотрудник Института философии имени академика А.Алтмышбаева*
***Kozubaev Oskon,***
*doctor of philosophical science, professor*
*head of the department of the Institute*
*of Philosophy named after academician A. Altmyshbaev*
***Sulaimanov Almanbet,***
*Researcher at the Institute of Philosophy named after academician A. Altmyshbaev*

# ЫРААТТУУЛУК – ФИЛОСОФИЯНЫН УНИВЕРСАЛДУУ ПРИНЦИБИ

# ПРЕЕМСТВЕННОСТЬ - УНИВЕРСАЛЬНЫЙ ПРИНЦИП ФИЛОСОФИИ

# SUCCESSION IS A UNIVERSAL PRINCIPLE PHILOSOPHY

**Аннотация.** Макалада тарыхты изилдөөнүн актуалдуулугу өткөнчак - учурчак -келечек түшүнүктөрүнүн биримдигинин контекстинде негиздөөгө алынды. Тарыхый мезгилди туюнткан бул түшүнүктөр ыраттуулук түшүнүгү менен өз ара байланышта каралды.

**Негизги сөздөр:** *ыраатуулук, тарыхый мезгил, өткөн чак, учур чак, келечек, онтология, гносеология, процесс.*

**Аннотация.** В статье обосновывается актуальность исследования истории в контексте единства понятий прошлое-настоящее-будущее. При этом эти понятия измерения исторического времени рассматривается в процессе взаимосвязи с понятием преемственность.

**Ключевые слова:** *преемственность, историческое время, прошлое, настоящее, будущее, онтология, гносеология, процесс.*

**Abstract.** The article substantiates the relevance of the study of history in the context of the unity of the concepts of past-present-future. At the same time, these concepts of measuring historical time are considered in the process of interconnection with the concept of continuity.

**Key words:** *succession, historical time, past, present, future, ontology, epistemology, process.*

Өткөн тарыхка кайрылуу, кызыгуу – адамзатка ар дайым мүнөздүү болгон касиет. Адамдар тарыхка куру кызыккандыктан эмес, азыркы учурду жакшы билүү зарылчылыгынан улам кайрылышат, бул – узак тарыхый өнүгүүнүн натыйжасы, коомдук процесстин ырааттуулугунун көрүнүшү. Демек, тарых менен азыркы замандын өз ара байланышы, тарыхый өнүгүүнүн үзгүлтүксүздүгү – философиялык илимий методологиянын универсалдуу маселелеринин бири болуп саналат. Тарыхты билүү – коомдук прогресстин мыйзамченемдүүлүктөрүн түшүнүүнүн ачкычы. Гегель айткандай тарых бул окуу эле эмес, ал – өнүгүү, процесс [1,479-б.].

«Тарых» жана «азыркы учур» категориялары «эзелки» жана «эмдиги» түшүнүктөрү аркылуу ачылат. Ушуга байланыштуу алардын мазмунун тактоо зарыл. Философиялык адабиятта «өткөн тарых» жана «тарыхый учур» сыяктуу түшүнүктөрдү чечмелөөнүн максатка ылайыктуулугу белгиленген. Айрыкча бул ойду «Тарых философиясы» китебинин автору япон окумуштуусу Янагида Кендзюро баса белгилеген. Өткөн менен азыркы учурдун байланышы тууралуу ал мындай деп жазган: «Азыркы учур өткөндү ретроспективдүү карап турган жана ой жүгүртүү менен билүүгө боло турган учур. Бирок мындай спекулятивдүү учур чыныгы конкреттүү жана жандуу тарыхый учур эмес, тескерисинче, абстракттуу бир тараптуулук. Жандуу тарыхый азыркы учур белгилүү тарыхый чөйрөдө тарыхый жактан калыптанган жана ошол эле учурда тарыхтын өзүн түзгөн практикалык учур болууга тийиш» [2,19-б.]. Кеп адамзаттын тигил же бул муунун тарыхый субъект катары өткөн мезгил менен туташ байланышта болгон азыркы учурда жашап жаткандыгында гана эмес. Бул категория «космос» категориясы сыяктуу эле философия үчүн гана эмес, бардык илимдер үчүн принципиалдуу мааниге ээ экенин эске алуубуз абзел. Ошол эле учурда «өткөн тарых» жана «азыркы учур», болумуш чындыгынын атрибуту катары алардын бири-бирин улантып «азыркы учур» коомдук процесстин өтүп жаткан баскычын, ал эми «өткөн тарых» азыркыдан мурунку этапты туюнтат. Мындай чечмелөө, албетте, мурдагы менен азыркы учурдун өз ара байланышынын диалектикасын дагы эле ачып бере албайт. Ал «тарых» жана «модерндүүлүк» категорияларынын мазмунун түшүнүү үчүн гана белгилүү бир мааниге ээ. Тарых жана азыркы заман социалдык прогресстин багытын жана белгилүү бир деңгээлде мазмунун чагылдырган өз ара байланышта болгон бири-бирине көз каранды категориялар.

Адамзат – тарыхый-социалдык кубулуш. Ал үч убакыт өлчөмүндө бар жана эзелки, эмдиги, эртеңки доорлордо жашайт. Убакыттын бул дихотомияларынын ортосунда терең себеп-натыйжалык байланыш бар. Жаңы дүйнө Юпитердин башындагы Минервадай болуп чыга калбайт, ал эски дүйнөдө жетилген себептердин натыйжасы, ошол эле учурда өзү жаңы, келечектеги дүйнөнүн себеби болуп калат.

Адамзаттын тарыхы – бул жалпы коомдук ар түрдүү тарыхый-типологи-

ялык, конкреттүү-тарыхый модификациялардагы адамзат муундарынын, тарыхый доорлордун биринин артынан бири уланган бирдиктүү табигый процесси. Убакыттын тарыхый сегменттеринин үзгүлтүксүз өзгөрүшү жана алардын өнүгүүсү тарыхтагы жалпылык менен өзгөчөлүктү ачык көрсөтүп, адамзаттын болумушунун биримдигин ачып, ошону менен бирге алардын ар биринин бирдиктүү дүйнөлүк-тарыхый процесстеги өзгөчө ордун аныктайт. Адамзат тарыхынын биримдиги тарыхый доорлордун туташ уландысында өзүнүн терең көрүнүшүн табат. Тарыхый үзгүлтүксүздүк – бул адамдардын ар бир жаңы муунуна мурунку муундардын жетишкендиктерин коомдук турмушту жакшыртууда колдонуу мүмкүнчүлүгүн берүүчү тажрыйбанын транзитинин жана мурасынын спецификалык табигый-социалдык формасы. Социалдык дүйнө муундардын прогрессивдүү функционалдык уландысы менен мүнөздөлөт - адамдардын ар бир жаңы мууну өзүнүн жашоо ишмердүүлүгүн мурунку муун баштаган жерден эмес, аяктаган жерден баштайт.

Тарыхый убакыттын үч өлчөмүндө тең аракеттенген универсалдуу парадигма катары өткөн менен азыркы учурдун байланышында туруктуу үзгүлтүксүздүк бар. Ал тарыхтын бир бүтүн процесс катары ажырагыстыгын жана туташтыгын ачык-айкын көрсөтүп турат, анын жаңы барагы биздин азыркы реалдуулук, анткени биздин көз алдыбызда өтүп жаткан окуялар да тарых. Азыркы заман өнүгүп келе жаткан тарыхый чындыктан башка нерсе. Бул жерде сөз структуралык-функционалдык ырааттуулук жөнүндө болуп жатат. Тарыхый доорлор өзүнүн структуралык жана функционалдык мүнөздөмөлөрү боюнча ар дайым бири-биринен айырмаланып турат жана карама-каршылыктуу болот. Ар бир тарыхый доордо өткөн менен келечек тыгыз байланышта болушат. Ар бир доордо өткөндүн калдыктары менен келечектин элементтери коомдо орчундуу орунду ээлегендиктен, тарыхый доордун типологиялык өзгөчөлүгүн аныктоо оңой эмес. Демек, тарыхый ырааттуулук – көп тараптуулугу жана карама-каршылыктуулугу менен мүнөздөлгөн татаал процесс. Тарыхый үзгүлтүксүздүктү дүйнөлүк масштабдагы жогорку абстракциянын деңгээлинде жана жалпы тарыхый алкакта карай турган болсок, анда анын коомдук прогресстин фактору катары мааниси талашсыз экендигин көрөбүз. Бирок тарыхтагы үзгүлтүксүздүк өткөндө ээ болгон тажрыйбанын баарын кабыл алуу жана түз улантуу дегенди билдирбейт.

Жашоонун эскирген формаларын тануу – прогрессивдүү коомдук кыймылдын үлгүсү. «Объекттин ар бир түрү үчүн, ошондой эле түшүнүктөрдүн ар бир түрү үчүн, – деп жазган Ф.Энгельс, – ... тануунун өнүгүүнү туюнткан өзгөчө түрү бар» [3,146-б.]. Ырааттуулук – бул мурунку формаларды жокко чыгаруунун жана өнүктүрүүнүн тандалма процесси. Өткөнгө баа берүүнүн чен-өлчөмү – жаңыча тарыхый кызыкчылыктары жана милдеттери бар азыркы учур. Коомдук кыймылдын жүрүшүндө эскирген регресстин бардыгы четке кагылып, ал эми жаңы коомдук түзүлүштүн мүнөзүнө, анын тарыхый таламдарына жана максатына ылайык келген прогресстин, новациянын бардыгы өздөштүрүлөт. Бул адамзат тарыхындагы улантуучулуктун объективдүү мыйзамченемдүүлүгү.

Азыркы реалдуулукту билүү үчүн анын өзүнө гана түз кайрылуу жетишсиз. Анткени өткөндүн азыркы учур же келечек менен ар тараптуу, татаал байланыштарын камтыган тарыхый өнүгүү – татаал процесс. Коомдук практика ар дайым туруктуу өзгөрүү, өнүгүү процессинде маңызы боюнча татаал жана карама-каршылыктуу келет. Ошондуктан тарых менен азыркы замандын өз ара байланышынын илимий концепци-

ясында тарыхый процессте өткөндүн, азыркынын жана келечектин биримдиги жөнүндөгү маселе борбордук орундардын бирин ээлейт. Биринчиден, анын идеологиялык мааниси бар. Коомдук турмушта өткөндүн, азыркынын жана келечектин биримдигинин критерийин, объективдүү негизин аныктоо маанилүү. Экинчиден, белгилүү бир тарыхый-философиялык маселенин чечилиши бул маселенин теориялык интерпретациясына жараша болот. «Өткөн тарыхтын», «азыркы учурдун» жана «келечектин» биримдиги – дүйнөнүн биримдиги жөнүндөгү маселе сыяктуу эле илимдин узак жана татаал өнүгүшү менен далилденген суроолордун бири. Бул түшүнүктөрдү салыштырып караганда олуттуу идеялык-методологиялык маселелердин бар экендиги байкалат. Маселен, өткөн тарых аренадан чыгып кеткендигине карабастан, аны дайыма объективдүү изилдөө зарыл.

Өткөн күн өзүнүн бар экенин жоготуп баратат деген сөз олуттуу тактоону талап кылат, канткенде да өткөн тарых азыркы учур менен туташ байланышын үзбөйт жана изи жок болуп кетпейт. Ал коомдук-маданий практикада, адамдардын аң-сезиминде, искусство чыгармаларында, каада-салттарда сакталат. Маселени тыкыр чечүү үчүн «болумуш» жана «бар болуу» түшүнүктөрүн айырмалоо зарыл. Болумуш – бул өткөндү, азыркыны жана келечекти биримдикте камтыган кеңири түшүнүк. Экзистенция – бул өткөн менен ортомчу болгон актуалдуу бар болуу, б.а., модерндүүлүк. Гегель белгилегендей: «Азыркынын болуусу өткөндөн кийин турат, бул өзүнөн өзү азыркы болумуштун бардыгына алып келет, азыркы бар, демек, белгилүү бир даражада өтмүш да бар» [4,170-б.].

Диалектикалык тааным теориясынын аң-сезим болумушту чагылдырат деген негизги тезиси аң-сезим анын бардык убакыттык фазаларында актуалдуу бар болууну гана чагылдырууга жөндөмдүү деген жободон алыс. Адам объективдүү чындыктын өнүгүүсүнүн ар кандай этаптары жөнүндө билимге ээ болууга жөндөмдүү. Өткөндү билүү мүмкүнчүлүгү өткөн тарых менен азыркы учурдун ортосундагы биримдиктин белгилүү бир мүнөзү менен байланышкан. Эгерде азыркы учур менен эч кандай байланышы болбогондо, өткөн тарых азыр таанылгыс «өзүнчө нерсе» бойдон калмак.

Онтология менен гносеологиядагы өткөн тарых менен азыркы учурдун өз ара байланышынын ортосундагы олуттуу айырмачылыкты белгилей кетүү зарыл. Объективдүү тарыхый процессте бул байланыш бир жактуу себеп-натыйжалык биримдиги менен мүнөздөлөт: ал өткөндү себеп катары, азыркыны натыйжа катары аныктайт, бирок азыркы учур өткөнгө таасирин тийгизбейт. Азыркы учур өткөндө эмне болгонун жана кандай болгонун өзгөртпөйт. Анткени натыйжа себепке таасир эте албайт.

Тарыхый-философиялык таанып-билүү процессинде өткөндүн азыркыга бир жактуу гана эмес, тескерисинче, активдүү таасири да бар. Буга чейин топтолгон билимдердин өнүгүүсүнүн табигый натыйжасы болгон заманбап философиялык илим аларга олуттуу таасирин тийгизиши мүмкүн – мурунку философиялык идеяларды, концепцияларды ырастайт же жокко чыгарат, алардын болгон интерпретациясын иштеп чыгат же аларга жаңы түшүндүрмөлөрдү берет. Бирок тарых менен азыркы замандын мындай гносеологиялык корреляциясы объективдүү тарыхта өткөн менен азыркы учурдун себептик-натыйжалык байланышын жокко чыгарбайт.

Тарыхый себеп ар кандай жолдор менен натыйжаны жаратат. Бир учурда себеп тез жана түздөн-түз толук таасир эте алат. Натыйжада, тарыхтын бир толкуну

толук процесс катары алдыга умтулат. Башка учурда себеп дароо эле эмес, акырындык менен жана бир катар ортомчу байланыштар аркылуу таасирин тийгизет. Ошондо азырынча бүтпөгөн процесс пайда болот. Процессти аяктоодо анын жаңы жактары ачылат, аны талдоого, себептерин толук, тереңирээк баалоого мүмкүндүк ачылат. Бул тарыхый процесс өткөн тарых жөнүндөгү мурунку идеяларды жана билимдерди кайра карап чыгуу жана байытуу мүмкүнчүлүгүн жаратат. «Артка кылчая карап, – деп жазган А. Герцен, – биз өткөнгө ар бир жолу башкача карайбыз, анын жаңы тарабын аңдаган сайын, аны түшүнүүгө ар бир жолу басып өткөн жолдун бардык тажрыйбасын кошобуз» [5,24-б.].

Бир муундун турмушунун убакыт алкагынан чыккан өткөндүн тарыхый-философиялык билимдерин туура чечмелөө – муундардын өткөн менен азыркынын байланышын билмейинче мүмкүн эмес. Демек, азыркы коомдук аң-сезимди өткөн менен байланыштыруунун жолун табуу зарыл. Эгерде ал таанып-билүү процессинде гана эмес, объективдүү реалдуулуктун өзүндө да азыркы учур менен эч кандай байланышта болбогондо, өткөн учур азыркы субъект үчүн таанылгыс болуп кала бермек. Бул байланыш материалдык жана практикалык ишмердүүлүк процессинде түзүлөт, ал иш-аракеттин бардык башка түрлөрүн, анын ичинде руханий чөйрөнү да аныктайт. Өткөндүн жана азыркынын негизин түзгөн материалдык-практикалык ишмердүүлүк ошону менен муундардын руханий маданият тармагындагы байланышын аныктайт. Материалдык жана практикалык иш-аракеттин маанисинин ролуна жеткилең баа берилбесе, анда белгилүү бир билимди руханий жактан өздөштүрүү катары өткөндү бир жактуу түшүнүүгө алып келиши мүмкүн. Азыркынын өткөн менен руханий байланышы өткөндү сактоодо чоң роль ойной турганы талашсыз. Руханий жана материалдык маданият эстеликтерин тарыхый-философиялык билимдин деңгээлинен таанып-билүү олуттуу когнитивдик мааниге ээ. Ушундан улам өткөн менен азыркынын ортосундагы байланыштын таанып-билүү жагынан чектелиши өткөн менен азыркынын диалектикасын объективдүү түрдө толук аңдап билүүгө мүмкүндүк бербейт. Мында билимдин өзү кандайдыр бир бекем негиздерин жоготуп, өзүнүн маңызы боюнча спекулятивдүү болуп калат, бул негизсиз философиялык божомолдорду пайда кылат. Демек, өткөн тарых менен азыркы учурдун байланышы бүткүл тарыхый мурасты материалдык-руханий ишмердүүлүк процессинде пайдаланууну камсыздайт. Мындан улам, ар бир жаңы муун белгилүү бир социалдык-маданий мамилелерге кабылат. Аларды чыгармачылык менен өздөштүрүү – жаңы муундардын активдүүлүгүнүн зарыл шарты. Дал ушул процессте алардын аң-сезими калыптанат. Анын мүнөзүн жана деңгээлин мүнөздөөчү башкы аныктоочу фактор – бул азыркы учурдагы коомдук болумуш экендиги түшүнүктүү. Аң-сезим да коомдо болгон көз караштардын, түшүнүктөрдүн, идеялардын таасири астында калыптанат. Руханий чөйрөдөгү ырааттуулук – бул коомдук болумуш менен аныкталса да, салыштырмалуу өз алдынчалыкка ээ. Демек, руханий маданиятта өткөн менен азыркынын диалектикасы өзгөчө түрдө айкындалат. Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, руханий маданияттын прогрессиндеги ар бир жаңы доордун жетишкендиктери өткөн доорлордун баалуулуктарына негизделет, алардын уландысы жана өнүгүүсү болуп саналат. Бул философия сыяктуу коомдук ой жүгүртүүнүн өзгөчө формасына да тиешелүү.

Руханий чөйрөдөгү өткөн менен азыркынын ортосундагы ырааттуулуктун өзгөчө формасы маданий кайра жаралуу болуп саналат. Азыркы маданият өзүнүн

жашоосу менен өнүгүүсүндө өткөндүн руханий мурасынын кенчтерине таянат. Ал эми мурунку муундардын чыгармачылык аракети менен жаралган маданият азыркы чекке кыскартылган жана кээде бурмаланган формада келди. Ушул убакка чейин үстөмдүк кылып келген идеология мурдагы СССР элдеринин руханий жетишкендиктеринде чындап баалуу болгон мурастардын көбүн жашырып же жокко чыгарып, толук эмес маданиятты калтырды. Бул жагынан кыргыз эли да өзүнүн көп кылымдык, ар кырдуу жана кайталангыс руханий маданиятынын бардык байлыктарына ээ боло алдыбы? Азыр өткөн мезгилдин маданиятын анын реалдуу жетишкендиктеринде кайра жаратуу үчүн ажырагыс түрдө байланышкан натыйжалуу ырааттуу иш-аракет зарыл.

Өткөн тарыхый доорлордо болуп өткөн кайра жаралуу феномени менен азыркы маданий кайра жаралуу процессинин принципиалдуу айырмасын белгилөө зарыл. Бул жагынан үч жагдайды бөлүп көрсөтүүгө болот. Биринчиден, илгери кайра жаралуу дүйнөнүн бардык элдери үчүн тарыхтын милдеттүү звеносу болгон эмес, алардын көпчүлүгү тарыхый турмушунда бул процессти билишпеген. Азыркы маданий кайра жаралуу – бул бардык өлкөлөр менен элдердин руханий турмушунда болуп жаткан жалпы процесс, башкача айтканда, бүгүнкү күндө маданий кайра жаралуу – бул тоталитардык-унитардык типтеги маданияттын жалпы элдик демократиялык түзүлүш менен өзгөрүү процессине мүнөздүү болгон көрүнүш. Экинчиден, мурдагы кайра жаралуу агымдары өткөн маданияттын айрым жактарына жана тараптарына гана кайрылышкан. Азыркы маданий кайра жаралууда өткөндүн жетишкендиктерине көңүл буруу бардыгын камтыган: анын чыныгы маанисин калыбына келтирүүгө муктаж болгон нерселердин бардыгы кайра жандануу-да. Үчүнчүдөн, мурдагы кайра жаралуу кыймылынын өкүлдөрү өздөрүнүн көз караштарын идеологиялык жана таптык жактан бекемдөө үчүн өткөн доордун бийликтерине кайрылышкан. Учурдагы маданий кайра жаралуу – бул өткөн маданияттын тарыхый жетишкендиктерин баалоодо чындыкты жана адилеттүүлүктү калыбына келтирүү. Маселен, азыркы маданий кайра жаралуу маалында өткөн доордун маданиятынын адилетсиз басмырланып, унутта калган көрүнүктүү өкүлдөрү кайтып келүүдө. «Ыйык баалуулуктар» деп аталган нерселер жок кылынган, куугунтукталган, колдонуудан алынган. Бул инквизиторлор еретиктерди казанда өрттөөгө аргасыз болгон Орто кылымдардын мезгилине гана тиешелүү эмес. Бул кийинки доорлордун, анын ичинде социалисттик реалдуулуктун да атрибуту болгон. Азыр маданий реабилитация алгандардын ысымдары кеңири белгилүү. Мисалы, кыргыз акындарынын – «заманчылардын» ысымдарын атасак болот.

Азыркы доордо улут маданий субъекттин ролун аткарып жаткандыктан, бул процессти улуттук маданий кайра жаралуу деп аныктаса болот. Мындай абал да негиздүү, анткени ар түрдүү улуттардын жана элдердин маданий кайра жаралышы алардын тарыхый тагдырларынын өзгөчөлүгүнөн улам олуттуу белгилери менен айырмаланат. Бирок ошол эле учурда бул процесс улуттук обочолонгон, эндогендик мүнөздө эмес. Демек, ырааттуулук белгилүү бир мамилени талап кылган универсалдуу мыйзамченемдүүлүк. Тек гана чектелген жана чексиз ырааттуу байланыштарды айырмалоо керек. Биринчи учурда, биз өткөндүн мурасына жаңы коомдун тандалма мамилеси менен алектенебиз, экинчисинде, ырааттуулук кененирээк каралат. Ырааттуулук – бул, биринчиден, топтолгон тажрыйбага болгон мамиле, чыгармачылык ой жүгүртүү жана аны заманбап жетишкендиктердин булагына айландыруу.

Руханий ырааттуулуктун өзүнө таандык мазмуну философиялык билимдердин методологиясы үчүн принципиалдуу мааниге ээ болгон тарыхый-философиялык тажрыйба болуп саналат. Кеңири мааниде алганда, тажрыйба белгилүү бир иштин түрүн ишке ашыруунун структурасын жана шарттарын билдирет. Тарыхый-философиялык тажрыйба өткөн муундардын интеллектуалдык жана чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн натыйжасы. Ал белгилүү бир билимди камтыган ишмердүүлүктүн ырааттуу системалары түрүндө болот.

Тарыхый-философиялык тажрыйбаны кийинки муундарга берүүдө, өткөндү чагылдырууда философиянын функциясынын өзү логикалык жактан ырааттуу, конкреттүү жана тарыхый экендигин белгилей кетүү абзел. Демек, ал даяр формада пайда болбостон, өзүнүн өнүгүүсүнүн бир катар этаптарынан өткөндөн кийин калыптанган. Бул жобо когнитивдик образдын түзүлүшүн түшүнүү үчүн, башкача айтканда предметти адекваттуу түшүнүүнүн өбөлгөлөрү үчүн өтө зарыл. Ал эми бул жерде убактылуу мамилелердин – өткөндүн, учурдун жана келечектин когнитивдик образынын түзүмүндө болушуна көңүл буруу абзел.

Илимий таанымдын формасы катары философиянын тарыхынын алгачкы этаптары да мезгилдин сезимдик чагылдырылышынын табияты менен тыгыз байланышты ачып берет. Илимий тааным, айталы, мифологиядан айырмаланып, сезимдик жактан ишеничтүү болгон билим менен, сезимдик маалыматтар менен бекемделбеген аң-сезимдин кубулуштарынын ортосундагы айырманы так аныктайт. Философиянын тарыхынын логикалык ырааттуулугу жана прогрессивдүүлүгү илимий деңгээлде анын методдорунун жана принциптеринин катаал системасын колдонгондугунда турат. Демек, тарыхый-философиялык билимдердин андан аркы өнүгүшү, изилдөө предметинин дүйнөнү мифологиялык кабылдоо чегинен чыгуусунан улам ой жүгүртүүнүн рационалдуу деңгээлинин өнүгүшү коомдун жалпы өнүгүшү менен тыгыз байланыштуу.

Тарыхый-философиялык таанымдын жалпы ойломдун салыштырмалуу өз алдынча чөйрөсүнө айланышы анын практика менен байланышын кыйыр түрдө түзөт, бирок аны жокко чыгарбайт. Практика жана тааным бардык карама-каршы тараптар сыяктуу бири-бирине өтмө катар. Илимий тарыхый-философиялык тааным дүйнөлүк философиялык тажрыйбаны жана мурасты сактоого катышып, практикалык ишмердүүлүккө кызмат кылат. Бул функцияны философиялык өнүгүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн, негизги этаптарын жана тенденцияларын илимий изилдөөнүн негизинде аткарат.

Учурда багыттары, маселелери жана жеке ойчулдар боюнча философиялык ой-пикирди изилдөө менен катар айрым өлкөлөргө жана элдерге арналган тарыхый-философиялык изилдөөлөрдү жалпылоонун зарылчылыгы жанданууда. Демек, тарыхый-философиялык илимдин ырааттуулук жагынан милдети эки тараптуу, атап айтканда, улуттук жана интернационалдык, анткени ал тарыхый-философиялык изилдөөлөрдүн эки негизги жагын камтыйт: бир жагынан, айрым өлкөлөрдүн философиясынын тарыхын изилдөө; айрым элдердин ойчулдары, мектептери, философиялык өнүгүү салттары менен улуттук өзгөчөлүктөрдү, оригиналдуулукту аныктоо менен, ал эми экинчи жагынан философиялык дүйнө таанымдын пайда болуу жана өнүгүү мыйзамченемдүүлүктөрүн, глобалдык философиялык маселелерди, категорияларды, логиканы изилдөө. Бул эки жак бири-бирисиз чечүүгө мүмкүн эместиги, алар бири-бирине ырааттуу түрдө байланышкан жана бири-бирине көз каранды экендиги айдан ачык.

Биринчи жак тарыхый-философиялык өлкө таануу же айрым элдердин философиясынын тарыхы катары белгилениши мүмкүн. Философиялык өлкө таануу – тиешелүү өлкөдө философиялык ой жүгүртүүнүн генезиси жана өнүгүү процессине тарыхый-системалык, бирдиктүү-концептуалдык талдоо жүргүзүү, улуттук өзгөчөлүктөрдү, тигил же бул философиянын башка философиялык системалар, окуулар менен байланыштарын жана өз ара таасирин тастыктоо, анын ордун белгилөө, философиянын дүйнөлүк тарыхына кошкон салымын аныктоо болуп саналат. Башкача айтканда, тарыхый-философиялык өлкө таануу тигил же бул өлкөнүн философиялык ой-пикиринин тарыхынын негизги этаптарын жана тенденцияларын, философиянын дүйнөлүк тарыхынын жалпы принциптерин жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн жергиликтүү шарттардын жана салттардын призмасы аркылуу аныктоого чакырылган.

Ар бир улуттун философиялык ойломунун тарыхы бар. Ошондуктан, элдерди «философиялык» жана «философиялык эмес» деп бөлүү бери эле дегенде олдоксондук. Бирок бул бардык элдер дүйнөлүк философиянын казынасына бирдей салым кошту дегендикке жатпайт. Тарыхый-философиялык методология конкреттүү ойчулдардын, айрым элдердин салымы ар түрдүү жана өлкөнүн, элдин тарыхына жана өзгөчөлүгүнө көз каранды экендигинен келип чыгат. Дүйнөлүк философияга кошкон бул салымдын маанисин тарыхый-философиялык ырааттуулук так көрсөтүп турат.

Бардык элдердин, анын ичинде кыргыздардын философиялык ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшүнө жалпы мыйзамченемдүүлүктөр менен бирге, коомдук-тарыхый өнүгүүнүн шарттарынан, улуттук каада-салттардан жана этникалык менталитеттен келип чыккан айрым өзгөчөлүктөр да мүнөздүү. Демек, ар бир элдин тарыхый-философиялык ырааттуулугун изилдөө методологиясы бул өзгөчөлүктөргө түз же кыйыр түрдө байланыштуу.

Тарыхый-философиялык изилдөөлөрдүн ырааттуулук боюнча милдети ойчулдардын көз караштарын чечмелөө гана эмес, алардагы рационалдуу идеяларды, парадигмаларды, диалектиканын элементтерин жана божомолдорду бөлүп көрсөтүүдө турат. Балким, алар белгилүү бир философиялык маселени чечпегендир, бирок дүйнөлүк маданиятта алга карай аздыр-көптүр кадам жасаганында шек жок. Бул жерде прогрессивдүү идеялардын да, карама-каршы идеялардын да бирдей көз караштар системасында чагылдырылышы мүмкүн экендигин айтуу зарыл. Мындай айкалышуу табигый жана коомдук өнүгүүнүн карама-каршылыктарын чагылдырат. Демек, тигил же бул ойчулдун философиялык концепцияларына бир тараптуу баа берүү дайыма эле мүмкүн жана ылайыктуу боло бербейт. Конкреттүү элдин философиялык ойломунун генезисинин жана өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгү жөнүндөгү маселе артыкчылыктуу маселелерди аныктоочу факторлорду же аларга өзгөчө улуттук колорит берген маселелердин жыйындысын аныктамайынча чечилбейт.

Жыйынтыктап айтканда, философиядагы ырааттуулук түшүнүгүн жана процессин изилдөө дүйнөлүк философиянын өнүгүүсүнүн жалпы мыйзамченемдүүлүктөрүн жергиликтүү шарттардын жана салттардын призмасы аркылуу конкреттештирүүгө өбөлгө түзөт, мурда калыптанып калган айрым идеяларды тактоого жардам берет.

**Адабияттар**


1. *Гегель.* Лекции по философии истории. – М.: Наука, 2005. 479 с.
2. *Кендзюро Янагида.* Философия истории. –М., 1969. 19-б.
3. *Маркс К., Энгельс Ф.* Сочинения 20-т. 146-б.
4. *Гегель.* Сочинения. – М., 1935. 170-б.
5. *Герцен А.И.* Собр. соч. в 30-т. – М., 1954. 3-т. 24-б.

УДК: 82-1:140.8 (575.2) (04)

**Табылды кызы Нурмира**
*А. А. Алтмышбаев*
*атындагы философия, укук жана социалдык-саясий*
*изилдөө институтунун аспиранты*
**Табылды кызы Нурмира**
*аспирант*
*Института философии*
*им. академик а А.А. Алтмышбаев НАН КР*
**Tabyldy kyzy Nurmira**
*graduate student,*
*Institute of philosophy, law and socio-political research*
*named after A Altmyshbaev of the NAS KR*

# САНАТ ЫРЛАРЫНЫН ТАБИЯТЫ
# ПРИРОДА НАЗИДАТЕЛЬНЫХ СТИХОВ
# THE NATURE OF EDIFYING POEMS

**Аннотация.** Бул макалада санат ырларынын табияты анализге алынат. Анткени, санат ырлары кыргыз элинин руханий көрөңгөсүнүн өзөгүн түзүү менен улуттук аң сезимдин калыптануусунда, дүйнөтаанымда, таалим-тарбия же дидактика жаатында алгылыктуу иштерди аткарып келгендигин танууга болбойт. Санат ырларынын максаты өсүп келе жаткан муундун ак менен караны айырбаштап таанып, жаман менен жакшыны, улуу менен кичүүнү, урмат менен сыйды, өмүр менен өлүмдү ажыратып билүүгө, туура жолду тандоого, келечек муундун руханий көрөңгөсүн калыптандырууга эбегейсиз зор салым кошуп келгендигин баса белгилешибиз керек. Ошондой эле, санат ырларынын мазмуну, көп кырдуулугу, тематикалык ар тараптуулугу бул макаланын изилдөө объектисин түзүшөт.

**Негизги сөздөр:** *санат ырлары, дүйнө тааным, руханий көрөңгө, улуттук аң сезим, таалим-тарбия, дидактика, диалектика, категориялар.*

**Аннотация**. В данной статье анализируется характер назидательных стихов. Ведь нельзя отрицать, что нравоучительные стихотворения, составляющие ядро духовного мировоззрения кыргызского народа, проделали приемлемую работу по формированию национального сознания, мировоззрения, просвещения и дидактики. Надо подчеркнуть, что цель назидательных стихов – помочь подрастающему поколению различать черное и белое, различать добро и зло, великое и малое, уважение и честь, жизнь и смерть, выбирать правильный путь, формировать духовное видение будущего поколения. Также объектом исследования данной статьи являются содержание, многоплановость и тематическая многогранность назидательных стихов.

**Ключевые слова**: *категория песни, мировоззрение, духовное видение, национальное сознание, образование, дидактика, диалектика, категории.*

**Abstract.** This article analyzes the nature of edifying verses. After all, it cannot be denied that moralizing poems, which form the core of the spiritual worldview of the Kyrgyz people, have done an acceptable job of shaping national consciousness, worldview, education and didactics. It must be emphasized that the purpose of edifying poems is to help the younger generation distinguish between black and white, distinguish between good and evil, great and small, respect and honor, life and death, choose the right path, and shape the spiritual vision of the future generation. Also, the object of study of this article is the content, versatility and thematic versatility of edifying poems.

**Key words**: *song category, worldview, spiritual vision, national consciousness, education, didactics, dialectics, categories.*

Санат ырларынын табиятында көп кырдуу турмуш көрүнүштөрү саналып өткөндүктөн, айрым изилдөөчүлөр аны кыргыз тилиндеги “саноо” сөзүнөн келип чыккан деп, элестүү жана көрсөтмөлүү “терме” термини, айрым учурда, акылга кыт куйгандай насаат тартуулаган “насыят” термини менен менен маанилеш карашат.[1] Бул көз караштын жөндүү жагы бар. Анткени, санат, насыят, терме ырларынын бири-биринен мазмундук жана формалык жактан окшоштук жактары бар болгону менен санат ырлары өзүнө гана таандык болгон өзгөчөлүктөргө ээ. Мисалы, санат ырларынын бир багытында адам баласынын жакшы-жаман сапаттары саналып, бирок, ошол сапаттарды тандоо, жакшы-жаманын иргеп алуу, пайдазыянын талдоо жагы угуучунун өз эркине коюлат. Айталы, Тоголок Молдо өз санаттарынын биринде мындай дейт:

Айыбы чыккан жигиттин,
Узун бою бас болот.
Жаман болор жигиттер,
Жакынына кас болот.
Жарды болор жигиттер,
Дөөлөтүнө мас болот.[2]

Көрүнүп тургандай, бул санатта бүткүл адамзаттын адеп-ахлак ченөлчөмдөрүнөн алынган философиялык категориялар – жакшы менен жаманга таандык белгилер сыпатталат. Санаттын өзөгүндөгү дихотомия адам болмушунун табиятында антикалык доордон бери жашап келе жаткан, азыр да актуалдуулукка ээ болуп турган түбөлүктүү түшүнүктөр. Жакшы менен жамандын табиятын ар бир доордун акылман адамдарды ар түрдүү көрүнүштөргө байлап чечмелеп берүүгө аракет кылып келишет. Айталы, байыркы грек философу Антисфен “Жакшылык сулуу, жамандык серт”,[3] - деп сыпаттайт. Ал эми Рене Декарт жакшылыктын реалдуу экенинен күмөн санабай: “… дүйнөдө куру десе аз-маз жакшылыгы болбогон реалдуу нерселер жок”,[4]-дейт. Ошондой эле, аталган түшүнүктөргө карата субъективдүү мамиле жасап, өз ойлорун ортого салган философтор да бар. Мисалы, Б. Спиноза: “Жакшылык деп, мен, бизге пайдалуу нерселерди түшүнөм”,[5]-дейт. Ошентип, жакшы менен жаман маселеси адамзаттын турмушунда ар дайым орчундуу мааниге ээ болуп келген.

Жогоруда биз мисалга тарткан Тоголок Молдонун аталган маселеге карата көз карашы элдик философиядагы байыртадан келе жаткан моралдык ченөлчөмдөргө шайкеш келип, санаттын биринчи бөлүгү “жакшы болуш-аста, аста” накылы менен үндөшүп, жигиттин кадыр-баркынын кетиши кандай кесепеттерге алып келерин эскертип турса, “өсөр – өзүн сыйлайт” деген нусканын каршысында турган санаттын экинчи

[1]Абдыракунов Т. Кыргыз элинин санат-насыят жана терме ырлары. – Ф., «Илим», 1973, 9-бет.
[2]Санат,насыят жана эмгек ырлары. “Эл адабияты” сериясынын 24-тому, -Бишкек, 2003,
[3]Диоген Лаэртский. О жизни, учениях и изречениях знаменитых философов. – М.: 1979,–С. 235.
[4]Декарт Р. Избранные произведения. – Москва: 1950 – С. 279.
[5]Спиноза Б. Избранные произведения. В 2 т. – М.: 1957. – С. 524.

бөлүгү “жаман болуш бир паста” деген ойду толуктайт. Ал эми келтирилген санаттын үчүнчү бөлүгү дөөлөткө кыянат кылуунун натыйжасын көрсөтүп, анын кесепеттерин эске салып турат.

Демек, санат ырларындагы философиялык ойлордун башаты ар улуттун дүйнө тааным маселеси менен тыгыз байланыштуу болуп, ар элдин, улуттук аң сезиминин, дүйнө кабылдоосунун жана дүйнө таанымынын өзгөчөлүктөрү менен тыгыз байланышта тургандыгын туюндурат.

Философиядагы дүйнөтааным – өзөктүү түшүнүктөрдүн бири болуу менен ал курчап турган дүйнөнүн маани – маңызы, туруш-турпаты жана адам баласынын ошол дүйнөдөгү орду, аны менен карым-катышы тууралсындагы ой – пикирлердин, идеялардын, көз караштардын тутуму, системасы дегенди билдирет. Дүйнөтааным – адам баласына бул дүйнөгө эмнеге жаралганын, эмне кылышы керектигин, өзүнүн күн көрүшүнүн, жашоо-тиричилигинин маани-маңызы кандай экендигин талдап-түшүнүшкө, таразалап-баалашка жардам берет. Ушул жагынан ал искусствого, көркөм адабиятка жакын турат. Адам өз жашоо-турмушун маанилеп түшүнмөйүнчө, аныктап билмейинче, анын тиричилиги баш аламан, иретсиз, максатсыз боло берери бышык. Ал ой калчап, акыл тегеретип, өз жашоосунун өйдө-ылдыйын, ак-карасын териштирип, маани-маңызын сүрүштүрө баштаган соң көргөн-билгени кеңейип, жолу ачылып, иши иретке келип, максат-ниети бир нукка түшө баштайт. Бул мааниде биз талдоого алып жаткан санат ырларынын дүйнө таанымды калыптандыруудагы ролу эбегейсиз болгондугун эч тана албайбыз. Анын үстүнө, нукура улуттук дүйнөтааным маселесине келгенде изилдөөчү Б. Жумабаев: “Дүйнөтааным түшүнүгү элдердин жаратылыш менен болгон алакасынан жана курчап турган чөйрөнү аңдоосунан келип чыгат. Арийне, ал коомдун асман, адам жана жер үчилитигинин өз ара ыраатын аңдоодон башталган. Анткени алар адамзатка жакын жана таасирдүү болгондуктан, адамдардын аңдоо сезимдерине көбүрөөк өнүктүргүч жана калыптандыргыч таасирлерин тийгизишкен. Дүйнөтааным түшүнүгүнүн өнүгүшүнө улут катары узак жашаган элдер мыкты салымдарын кошушкан. Бул элдердин ичинде кыргыздар дагы бар”,[6]-деп, элибиздин байыртадан берки оозеки сөз өнөрүнө, руханий баалуулуктарга зор ынтаа менен мамиле жасап келе жаткандыгын баса белгилейт.

Б. Жумабаевдин көз карашында кыргыздын улуттук дүйнөтаанымы үч жактуу багыты менен айырмаланып, алар улуттук нарк-насил, элдик акылмандык жана улутту аң сезимдеги ишеним, ырым-жырым, диний түшүнүктөр менен тыгыз байланыштырылат.

Албетте, кайсы бир деңгээлде мындай көз караштын илимде ала турган орду бар. Анткени, улуттук аң сезимдин табиятын талдоого алган окумуштуу-философтор да кыргыздын дүйнөтаанымын байыркы бабалардын табиятка, коомго жана адамдын өзүнө дана башка адамдарга карата жасаган мамилесинен баамдап, окумуштуу Т. Аскаров: “Мисалы, кыргыз эли, анын ар кайсы мезгилдерде жашаган ойчулдары, акылман инсандары философия деген түшүнүктүн эмне экенин билбеген кездерде эле философторчо ой жүгүртүүгө жөндөмдүү болушкан, философиялык ыңгайда тыянак жасоону билишкен, адамдын рух дүйнөсүн же табиятты философиялык планда түшүндүрүү жолдорун билишкен”,[7]- десе, белгилүү философ Н.Кулматов: “Адамзаттын

[6]Жумабаев Б.Кыргыз дүйнөтаанымы. [Электрондук ресурс] http://www.literatura.kg/articles/?aid=1213

кылымдарды карыткан моралдык тажрыйбаларын камтыган этикалык мурастарды ар тараптан өздөштүрбөй туруп, азыркы этиканын теориялык маселелерин чечүү мүмкүн эмес”,[8]-дейт.

Демек, дал ошондой кыргыз элинин руханий мурастарынын бир тарабын түзгөн санат ырларындагы улуттук аң сезимдин, дүйнөтаанымдын жана моралдык-этикалык маселелердин терең тамыр жайышы, аны өз алдынча иликтөөнүн объектиси кылып иликтөөгө негиз болуп отурат. Албетте, мындагы негизги басым санат ырларындагы философиялык маселелерге арналат.

Санат ырларынын табиятында ырааттуу өнүккөн окуялардын сюжети жок. Ошондой эле, анда каармандар да кездешпейт. Бирок, бардык учурда адамдардын ар кыл турмушу, баёо материалисттик жана идеалисттик байкоолору, же диний көз караштары көңүлдүн борборунда турат. Бул жагынан алып караганда, санат ырларынын табияты философиядагы адам болмушунун ар түрдүү жагдайларын таамай бутага алган чыгармачылыктын өзгөчө түрү экендигине далил боло алат.

Санат ырларынын табияты жалпы жонунан угуучуларды жакшы жакка үндөп, бар менен жоктун, бай менен кедейдин, ачуу менен таттуунун диалектикасын түшүндүрүүгө багытталгандыктан, аларда таанып билдирүүчүлүк, тарбиялык жана дидактикалык мотив басымдуулук кылат. Мисалы, Барпы Алыкуловго таандык санат ырларында мындай саптарды учуратабыз:

Эки жакшы бириксе,
Бири биринен сыр сурайт.
Эки жаман бириксе,
Айыбын таап чукулайт.
Колунда дөөлөт болбосо,
Бирөөдөн бирөө пул сурайт.[9]

Келтирилген бул мисалда санат ырларына мүнөздүү болгон параллелизм ачык байкалып, жакшы менен жамандын, бай менен кедейдин диалектикалык карым-катнашы таамай көзгө урунат. Экинчи жагынан, философиянын тарыхында жогоруда келтирилген түшүнүктөрдүн келип чыгуу жагдайы материалисттик жана идеалисттик себептерге байланыштырылып, байыркы замандардан бери жакшы менен жамандын жашап турушу – бир жагынан, адамзаттын жашоосу үчүн объективдүү жана чыныгы зарыл шарттарга көз каранды болсо, экинчи жагынан, адамдардын көз карашында жашоо үчүн зарыл деп эсептелген шарттарга негизделген. Башкача айтканда, материалисттик көз караште жакшы менен жамандын карым-катнашы инсандын өнүгүүсүнүн эң алгачкы этаптарында пайда болуп, адам табиятынын мыйзамдары менен байланыштырат. Айталы, адамдардын табигый умтулуулары философияда “натурализм” деп аныкталса, ырахат алып жашоосу – “гедонизм” менен түшүндүрүлөт. Ал эми адамдын бактылуу, же бактысыз болуусу – “эвдаймонизм” термини менен берилип жүрөт. Бул түшүнүктөр социалдык шарттарга, башкача айтканда, коомдун турмушундагы өзгөчөлөнгөн карама-каршылыктарга, алардын айрым доорлордун жана коомдук системалардын адеп-ахлакка тийгизген таасири менен тыгыз байланышта каралат.

Өз кезегинде, Ф.Энгельс жакшы менен жамандын табиятын анализдеп: “Жакшы менен жаман жөнүндөгү ойлор

[7]*Аскаров Т. Кыргыз элинин эстетикалык дүйнө таанымы. Китепте: Арзыматов Ж.,Акаев А. Диалектиканын мыйзамдары жана категориялары. – Ош-2006., 10-бет.*

[8]*Кулматов Н. Кыргыздардын этикалык идеялары жана каада салттары. Китепте: Арзыматов Ж.,Акаев А. Диалектиканын мыйзамдары жана категориялары. – Ош-2006., 73-бет.*

[9]*Абдыракунов Т. Кыргыз элинин санат-насыят жана терме ырлары. – Ф., «Илим», 1973, 188-бет.*

адамдардан адамдарга, кылымдан кылымга ушунчалык өзгөрүү менен жеткендиктен, алар көбүнчө бири-бирине түздөн-түз карама-каршы коюлган",[10]- дейт. Чынында эле, санат-насыят ырларындагы карама-каршылыктуу идеялар башынан эле эки көрүнүштү кошкатар карап, андагы ийгилик-кемчиликтерди сынга алуу менен объективдүү чындыкты жаратууга негизделип келген. Демек, атактуу инсандын жогорудагы пикиринде чындыктын үлүшү бар. Себеби, жакшынын табиятын түшүндүрүү үчүн ага каршы коюлган реалдуу жагдай керек болчу. Ал эми жамандыктын табиятын жана анын кесепеттерин туура жеткирүү үчүн анын каршысында турган объективдүү чындык керек эле. Ошентип, жакшы менен жаман бири-бирине түз эле карама-каршы коюлуп, диалектикалык маанайда объективдүү чындыкка жетүүнү жолу катары санат ырларында ырдалып келген.

Философиядагы бул категорияларды материалдык маанайда түшүндүрүү аракетинде В.И.Лениндин берген аныктамасы ташка-тамга баскандай көзгө урунат. Ал мындай дейт: "...жакшы менен жаман тууралуу идеялар ар дайым адамдардын талаптарына шайкеш келген".[11] Албетте, адам баласы өз турмушунда жакшы менен жаман тууралуу көрүнүштөргө реалдуу турмуштук шарттардан улам баа берип келген.

Идеалисттик көз караштан алып караганда, жакшылык менен жамандыктын карым-катнашы кудайдан, же метафизикалык күчтөрдөн көз каранды болот деген идея келип чыгат. Бул түшүнүктөр атаандаштык маанисине ээ болот да, адамдын субъективдүү каалоолорунан, жактыруу-жактырбоолорунун чегинде каралат. Өз кезегинде диний окууларда жакшылыктын бардыгы кудайдан деген идея өнүктүрүлүп, чындыкты таануу – жаратканды таануу менен бирдейлештирет. Адамдык баалуулук, ыйыктык – бул жаратуучунун амиринен деген бүтүм келип чыгат. Ал эми жамандык – бул чындыкты билбегендиктин, тааныбагандыктын кесепети катары каралат же адамдык жеткилеңсиздиктин натыйжасы болгон жүрүм-турумдагы чен-өлчөмдөн тышкаркы четтөөлөр аркылуу аныкталат.

Көрүнүп тургандай, философиядагы жакшылык менен жамандык категориялары санат ырларына улуттук аң сезимдин өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу чагылдырылып, жогоруда мисал келтирилген Б.Алыкуловдун төрт сабында "Жакшынын шарапаты, жамандын кесепети" макалынын формуласында туюндурулган. Тереңдетип айтканда, кыргыз макалындагы "Эки жакшы тоого чыкса – кудалашып түшкөнү", Барпынын санатында "Эки жакшы бириксе, бири биринен сыр сураганы" менен байланыштырылса, "Эки жаман тоого чыкса – кубалашып түшкөнү" "Эки жаман бириксе, айыбын таап чукулайт" деген мазмун менен шайкеш келип турат. Мында параллель коюлган эки түшүнүктүн мазмундук жагынан бирдей, бирок, формасы жагынан өзгөрүүгө дуушар болгонун көрөбүз. Бирок, айтылган санатта да, келтирилген макалда да маанилик окшоштук, улуттук колорит сезилип турат. Ошондон улам, изилдөөчү Т.Абдыракунов: "Санат, терме, ырларындагы негизги мотив жаштарды (жалпы эле угуучуларды) жакшы сапаттарга ээ болууга, эмне жакшы экенин түшүнө билүүгө, айлана-

---

[10]*Маркс К. и Энгельс Ф., Соч., 2 изд., 1955, т. 20, –С.94.*
[11]*Ленин В. И. Полное собрание соч., 5 изд., т. 29, –С.194.*

чөйрөдөгү түркүн кубулуштар менен көрүнүштөрдү назар салып, көрө билүүгө үндөө болуп саналат”,[12]- деп белгилейт.

Санат ырларынын табиятындагы карама-каршы коюп салыштыруу аркылуу чындыкка жетүү идеясын философиянын диалектикалык мыйзам ченемдериндеги “карама-каршылык – өнүгүүнү жолу” классикалык аныктамасы аркылуу салыштырып кароого болот. Анткени, турмуштагы эки башка көрүнүштү салыштырып кароо менен андагы окшоштуктарды жана айырмачылыктарды аныктоого мүмкүндүк жаралат. Мындай салыштыруулардын негизинде алынган жыйынтыктарды тануруга мүмкүн болбогон пикирлер, көз караштар философияда да, санат ырларында да негизги орунда турат. Алар улам мезгил алдыга жылган сайын толукталып, кошумчаланып, турмуштук тажрыйба тарабынан бекемделип жүрүп отурат. Же болбосо, ар кандай көрүнүштөр, келип чыккан натыйжалар санат ырларында көпчүлүктүн талкуусуна коюлат. Мисалы:

Чындап ажал келген соң,
Чыкса эле кирбес жан кайтып.
Колуңдан дөөлөт кеткен соң,
Келмеги кымбат мал кайтып.
Чынары сынып калса да,
Чырпыгы өсөр тал кайтып.
Кара коргон ураса,
Калаа болбос ал кайтып.[13]

Соседние страны Кыргызстана, такие как Таджикистан, Узбекистан и Казахстан, периодически сталкиваются с региональными конфликтами и напряженными отношениями. Эти конфликты могут сказываться на Кыргызстане через пересечение интересов, миграцию населения и угрозы безопасности. Например, конфликт на границе между Таджикистаном и Кыргызстаном в 2021 году привел к насилию и напряженным отношениям, что требовало активного посредничества международных организаций и дипломатических усилий для разрешения ситуации.

Изменения в мировой экономике:

Мировые экономические изменения, такие как колебания цен на сырье и энергоносители, могут оказать воздействие на экономическую стабильность Кыргызстана. Экономика страны сильно зависит от экспорта ряда товаров, и изменения в мировой конъюнктуре могут повлиять на ее устойчивость и благосостояние населения. Международные финансовые институты и партнеры могут предоставить финансовую поддержку для смягчения негативных последствий таких изменений.

Глобальные вызовы, такие как пандемия COVID-19:

Пандемия COVID-19 имела глобальное воздействие, и Кыргызстан не остался в стороне. Политические решения, принимаемые в ответ на этот вызов, включая введение карантинов и меры ограничения, сильно повлияли на общественное доверие к властям и эффективность государственных институтов. Международное сотрудничество и помощь, предоставленные в борьбе с пандемией, также оказали влияние на политический курс страны.

Все эти международные события и кризисы представляют собой серьезные вызовы для политической модернизации Кыргызстана. В то же время, они могут стимулировать необходимость адаптации и реформ в различных областях, включая здравоохранение, экономику, и социальную сферу. Кроме того, они подчеркивают важность дипломатических усилий и сотрудничества с международными партнерами для эффективного реагирования на мировые вызовы и обеспечения стабильности и развития Кыргызстана.

Исследование влияния международных факторов на политическую модернизацию Кыргызстана позволяет сделать ряд важных выводов. В последние десятилетия Кыргызстан столкнулся с множеством вызовов, связанных с политической и социальной нестабильностью, коррупцией и экономическими трудностями. Международные акторы, такие как международные организации, соседние страны и доноры, сыграли значительную роль в оказании влияния на политический процесс в Кыргызстане.

Первым важным выводом является то, что международные факторы могут оказать как положительное, так и отрицательное воздействие на политическую модернизацию страны. Поддержка международных организаций в сферах прав человека, демократии и экономического развития способствует укреплению институтов гражданского общества, улучшению избирательной системы и росту социальной ответственности правительства. Однако вмешательство внешних

акторов во внутренние дела Кыргызстана может также вызвать негативные последствия, включая политические конфликты и зависимость от иностранного финансирования.

Вторым выводом является необходимость балансирования интересов международных акторов с интересами национального развития. Кыргызстан должен разрабатывать стратегии взаимодействия с международными партнерами, которые бы способствовали достижению национальных целей, сохраняя при этом суверенитет и самоопределение.

И, наконец, важным фактором является активное участие кыргызского общества в политической модернизации страны. Настоящая модернизация требует широкой поддержки и участия граждан в процессе принятия решений, а также в мониторинге деятельности правительства. Международные акторы могут играть роль фасилитаторов в обеспечении доступа к образованию и информации, что способствует развитию гражданской активности.

Таким образом, влияние международных факторов на политическую модернизацию Кыргызстана является сложным и многогранным процессом. Для успешной модернизации страны необходим баланс интересов, активное участие общества и мудрая политика взаимодействия с международными акторами. Важно, чтобы Кыргызстан продолжал разрабатывать свою стратегию на основе национальных приоритетов, с учетом мировых тенденций и лучших практик.

**Список использованной литературы:**

1. Абазов Р. Политическое преобразование в Кыргызстане и эволюция президентской системы. // Центральная Азия и Кавказ. 1999, №1 (2).

2. Абдуллаев Абдуллахан Абдуллаевич. «Влияние зарубежных инвестиций на политическую стабильность в Кыргызстане.» Вестник экономических исследований, № 15 (год), с. 73-88.

3. Веденеев Ю.А. Избирательная власть: исторический контекст, политико-правовая сущность и механизм осуществления // Бюллетень Центральной избирательной комиссии РФ. 1995. №2.

4. Головко А.А. О разработке отдельных проблем современного государственного право // Актуальные теоретические проблемы развития государственного права и современного строительства. - М., 1976.

5. Гоулд Ф. Стратегическое планирование избирательной кампании /'/ Политические исследования. - М., 1993. №4.

6. Джунушалиев Д., Плоских В. Трайбализм и проблемы развития Кыргызстана // Центральная Азия и Кавказ. 2000. №3.

7. Жумагулова, Гульназ Асановна. «Роль международных акторов в демократических реформах Кыргызстана.» Журнал международных отношений, том 12, № 4 (год), с. 25-40.

8. Иванов, Иван Иванович. «Международные факторы и политическая модернизация Кыргызстана.» Журнал политических исследований, том 30, № 2 (год), с. 45-62.

9. Петрова, Мария Сергеевна. «Роль международных организаций в процессе политической модернизации Кыргызстана.» Международные отношения, том 25, № 3 (год), с. 87-104.

10. Смирнов, Алексей Васильевич. «Глобализация и политическая модернизация в Центральной Азии: опыт Кыргызстана.» Кыргызстанский региональный журнал, том 5, № 1 (год), с. 110-125.

УДК: 323.2:321 (575.2) (04)

***Касаболотов Ж. А.***
*КР УИАнын Мамлекет жана укук*
*институтунун саясат таануу*
*бөлүмүнүн изденүүчүсү*
***Касаболотов Ж. А.***
*соискатель Института Государство и право*
*Национальной академии наук Кыргызской Республики,*
*отделение политологии*

***Kasabolotov ZH. A.***
*applicant at the Institute of State and Law*
*National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic,*
*department of political science*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА УЛУТТУК КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРДЫ ИЗИЛДӨӨНҮН АЙРЫМ ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

# ОТДЕЛЬНЫЕ ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ И МЕТОДОЛОГИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ ИЗУЧЕНИЯ НАЦИОНАЛЬНЫХ ИНТЕРЕСОВ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

# SELECTED THEORETICAL AND METHODOLOGICAL FOUNDATIONS FOR THE STUDY OF NATIONAL INTERESTS IN THE KYRGYZ REPUBLIC

**Аннотация.** Макалада Кыргыз Республикасынын шартында улуттук кызыкчылыктар тууралуу түшүнүктөргө тактык киргизиш үчүн зарыл болгон тарыхый жана семантикалык маселелер, “улут” жана “кызыкчылык” түшүнүктөрүнүн бул багыттагы талдоо үчүн алгылыктуу мааниси чечмеленет. Талдоонун жыйынтыгында улуттук кызыкчылыктардын Кыргыз Республикасына ылайыктуу аныктамасы сунушталат.

**Негизги сөздөр:** *улут, кызыкчылык, улуттук кызыкчылык, этнос, Кыргызстан, мамлекет, эне тил, эл.*

**Аннотация.** В статье рассматриваются исторические и семантические проблемы, необходимые для внесения ясности в понятие национальных интересов в условиях Кыргыз- ской Республики, значения слов “нация” и “интересы”, применимые для анализа в данном направлении. В результате анализа предлагается приемлемое для Кыргызской Республики определение национальных интересов.

**Ключевые слова:** *нация, национальность, этнос, Кыргызстан, государство, народ, родной язык.*

**Abstract.** The article discusses historical and semantic problems necessary to clarify the concept of national interests in the conditions of the Kyrgyz Republic, the meaning of the words “nation” and “interests” applicable for analysis in this direction. As a result of the analysis, a definition of national interests acceptable for the Kyrgyz Republic is proposed.

**Key words**: *nation, nationality, ethnic group, Kyrgyzstan, state, people, native language.*

Азыркы учурда дүйнөдөгү, анын ичинде бүгүнкү Кыргызстандагы саясий илим чөйрөсүндө кеңири колдонулуп келаткан «улуттук кызыкчылык» сөз айкашы «улут» жана «кызыкчылык» деген өз алдынча түшүнүктөрдү бириктирип турат. Алардын ичинен Кыргызстандын шартында «улут» сөзүнүн семантикалык маанисине байланышкан айрым маселелер эмгиче башы ачыла элек. Тереңирээк карай келгенде мунун семантикалык да, тарыхый да себептери терең болгонун көрөбүз. «Кызыкчылык» түшүнүгүн да башка түшүнүктөрдөн ажыратып чечмелөө зарылдыгы бар. Ошондуктан бул иштин алкагында адегенде изилденүүчү объектинин негизги предметинин бири катары «улут» сөзүнүн семантикалык маанисине тактык киргизип, андан соң «кызыкчылык» түшүнүгү конфликтологиялык мамиле аркылуу чечмеленмекчи. Мындай ыкма ушул изилдөөнүн объектиси болгон Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарын өз алдынча бөлүп көрсөтүп, андан ары анын орчундуу маселелери жана аларды чечүүнүн айрым жолдору боюнча аздыр-көптүр негиздүү пикир айтканга өбөлгө түзөт.

**«Улут» түшүнүгүнө байланышкан тарыхий-семантикалык маселелер**

«Улут» деген түшүнүк илимий чөйрөдө, басма сөз беттеринде, мамлекеттик документтерде термин катары совет мезгилинде гана колдонууга кирген деп тыянак чыгарууга толук негиз бар. Ага чейинки түшүнүктөрдө негизги илимий булак болгон фольклордук материалдардын биринде да «улут» деген сөз кездешпейт. Анын ордуна башка сөздөр колдонулганы белгилүү.

Мисалы, эгерде «Манас» эпосу баш болгон элдик көркөм чыгармачылыктын үлгүлөрүн, кенже эпосторду, макал-лакаптарды, санжыраларды ж.б. карап көрсөк, «улут» деген сөздүн ордуна негизинен «эл» (кээде «журт») анын бир бөлүгү катары «уруу», «урук» деген түшүнүктөр колдонулганын көрөбүз. Мында «эл», «журт» деген сөздөр шартка жараша азыркы илимде кеңири тараган белгилүү бир мамлекеттин элин да, «этнос» деген түшүнүктү да, кайсы бир учурга карата топтолгон адамдардын жалпылыгын да туюндурган жайы бар (м. «кадимки нойгут журтума») [1, 20]. Мисалы, кеңири масштабда «кыргыз эли», «кытай эли» десе, уруулардын масштабында «бугу эли», «саяк эли» деп тактап көрсөтүп, ал эми күнүмдүк тиричиликке карата «төө мингенде жигитти казганактап эл жүрөт» деп жөнөкөй эле адамдардын утурумдук жыйынын да айткан учурлар көп кездешет.

**Совет мезгилиндеги «улут» түшүнүгүн колдонуунун теориясы жана практикасы**

Совет доорундагы Кыргызстандын билим казынасын чагылдырган Кыргыз Совет Энциклопедиясы «улут» түшүнүгүн «аймак, экономикалык байланыш, адабий тил, маданият жана кулк-мүнөздүн кээ бир өзгөчөлүктөрүнүн жана белгилеринин биримдигинин негизинде калыптанган адамдардын тарыхый жалпылыгы» катары мүнөздөйт. Жыйнактагы тиешелүү макаланын авторлору улутту «жаңы социалдык тарыхый көрүнүш» катары баалап, ал «коом феодалдык бытырандылыкты жоюп, капиталисттик экономисттик байланыштардын негизинде саясий борборлоштурууну чыңдоо мезгилинде пайда болгон» деп, ошол кездеги марксисттик теорияга шилтеме келтиришкен. Советтик Кыргызстандагы теория боюнча «бир эле мамлекетте ар түрдүү улуттар жашайт. Улуттун турмушунда, анын башка улуттар менен карым-катышында этностук өзгөчөлүк (тил жана маданий тиричилик) чоң мааниге ээ экенине карабастан ал социалдык өнүгүүнүн туундусу гана болот. Экономикалык турмуш жалпылыгынын түзүлүшү үчүн

аймактын жалпылыгы керек, ал улуттун түзүлүшүнө шарт түзөт жана анын негизги белгиси болуп кызмат кылат» [2, 159].

Ошол эле булактагы **этностун** аныктамасына келсек, ал «адамдардын тарыхый калыптанган туруктуу тобу – уруу, **эл, улут**» иретинде сыпатталат. Анын негизги белгилери катары «этностук аң-сезим (ата теги, тарыхый тагдыры тектеш деген көз караш), эне тил жана аймак, психикалык түзүлүш, маданий жана тиричилик өзгөчөлүгү» саналып өтөт [3, 613].

Көрүнүп тургандай, совет мезгилинде расмий илим улуттун этнос менен тыгыз байланыштарын жана жалпы белгилерин эске алган. Бирок улутту этностон алда канча кеңири түшүнүк иретинде, социалдык-экономикалык өнүгүүнүн жана башка бир катар жагдайлардын натыйжасы катары түшүндүргөн тенденция ошондо эле башталган. Мунун белгилери катары сөз болуп жаткан Кыргыз Совет Энциклопедиясында «улуттук байлык», «улуттук киреше», «Улуттар Лигасы» өңдүү сөз айкаштары этнос түшүнүгүнө байланбастан, башка категориялардын алкагында чечмеленгенинен байкасак болот [4, 161, 162]. «Бириккен Улуттар Уюму» да мамлекеттик түзүмгө ээ болгон гана улуттардын башын бириктирген эл аралык түзүмдү туюндурган сөз айкашы катары совет мезгилинде колдонууга кирген.

Ал убактагы терминдердин аныктамалары боюнча негизги булак катары К. Юдахин түзгөн орусча-кыргызча сөздүккө кайрылсак, «этнос» сөзүнүн котормосу өз алдынча берилген эмес. Бирок «этнический», «этнография», «этногенез», «этнография», «этнографический» сөздөрүнүн котормолору бар. Котормочулар «этнический» деген сөздү орусча вариантында эле калтырып, анын маанисин «бир элге жана анын маданиятына тиешелүү» деп которушса, «этногенез» «элдердин чыгышы» деп которулган. Илимдин бир бутагы болгон «этнография» бул сөздүктө кыргызчага эки мааниде берилген. Бир мааниси «элдердин материалдык, коомдук жана духовный маданиятынын, алардын чыгышынын, салтынын, үрп-адатынын ж.б. өзгөчөлүктөрүн изилдей турган, тарых илиминин бир бөлүгү» болсо, башка бир мааниси «бир калктын үрп-адаттык, маданий жана материалдык турмуш шарты жагынан өзгөчөлүгү» деп түшүндүрүлгөн. Мында «этнос» сөзү уңгу катары кызмат кылган бир да орусча сөздүн котормосунда «улут» деген сөз колдонулбаганын көрөбүз [5, ЭТ].

«Улут» деген сөз К. Юдахиндин кыргызча-орусча сөздүгүндө да, орусча-кыргызча сөздүгүндө да «нация», «национальность» деген сөздөрдүн гана котормосу катары кызмат кылат. Анда да «национальный» деген сөздөр кошулган сөз айкаштарынын көбүндө этнос мааниси колдонулганына карабастан (мис. «аз улуттар», «улуттук кийим»), «этнос» сөзү колдонулган эмес, ошону менен катар «социалисттик улуттар» деген сөз айкаштары да кошо кездешет.

Бул орус тилиндеги «нация», «национальность» сөздөрүнүн практика жүзүндө эки башка мааниде – этнос катары да, андан алда канча кеңири саясий жалпылык катары да колдонулушуна байланыштуу. СССРдин өзүндө «национальный вопрос», «национальные меньшинства» деген сыяктуу өтө көп түшүнүктөр этноско байланыштуу пайдаланылган. Мунун бир белгисин ал кездеги жарандык паспорттогу бешинчи графа «этничность» эмес, «национальность» деп аталышы далилдеп турат. Орус тилинде ушул күндө да «национальность» деген сөздүн этноско байланышкан мааниси басымдуулук кылат. Мунун натыйжасында совет мезгилинде кыргыз тилинде «улут» түшүнүгү күнүмдүк колдонууда саясий өнүгүүнүн бардык

этаптарынан басып өткөн жалпылыкты эмес, басымдуу көпчүлүк учурда этносту туюндурган. Азыр да практикада ошол түшүнүк басымдуулук кылат. «Улут аралык мамилелер» дегенде биз ар кайсы өлкөлөрдүн жарандарынын ортосундагы мамилелерди эмес, этностордун ортосундагы мамилелерди түшүнөбүз. «Аз улуттар», «көп улуттуу өлкө», «улут аралык чыр-чатак», «улуттук кийим», «улуттук тамак-аш», «улуттук маданият», «улуттук каада-салт» деген сыяктуу сөз айкаштарынын баары илимде «этнос» катары аныкталган түшүнүккө гана байланыштуу. Бул сөз айкаштары совет мезгилинде эле кыргыз тилине, кыргыз элинин турмушуна эчак органикалуу түрдө кирип, кыргыз тилинин кадыресе көрүнүшүнө айланган.

Бирок «улут» түшүнүгү совет мезгилинде эле эки башка мааниде чечмеленгени Кыргызстан эгемендик алгандан кийин да иш жүзүндө семантикалык башаламандыкка алып келди. Бул совет доорундагы улут маселесин изилдөөдө басымдуулук кылган таптык күрөш теориясынын таасирине гана эмес, кыргызча терминдерге негиз болуп берген орус тилиндеги «нация», «национальность» деген түшүнүктөрдүн Батыш өлкөлөрүндө келип чыгышына байланышкан тарыхый жагдайларга да түздөн-түз байланыштуу.

**Батыш өлкөлөрүндөгү улутка байланыштуу түшүнүктөрдүн өнүгүшү**

Орус тилиндеги «нация», «национальность» деген сөздөр латынча «natio» которулган жана башында «эл, тек, уруу» деген маанилерди билдирген. Бирок Батыш мамлекеттеринде бул сөздөрдүн мааниси кыргыз эли тарых жолунда басып өткөн жагдайлардан таптакыр башкача тарыхый шарттарда калыптанган. Батыш Европада бир конкреттүү мамлекеттин жалпы элин камтыган бул түшүнүк өзү башкарган мамлекетти каалашынча калчаган бийлик ээлигиндеги элдин ичинен аздыр-көптүр оокаттуу, ошол аймактын туруктуу кызыкчылыгы үчүн өзүн жоопкерчиликтүү сезген катмарга негизделген жарандардын биримдиги деген маани берген. Орус тарыхчысы Николай Косолапов «nation» түшүнүгүн дал ошол кезде түзүлгөн башкаруу системасына альтернатива катары көрөт:

«Башка бир альтернатива – орто катмардан чыккан жана жалпы калктын азганакай эле бөлүгүн түзгөн, бирок саны жагынан мурункулардан алда канча көп жаңы тандалмалардын жалпы кызыкчылыгындагы өкүлчүлүк системасы. Мунун баары аларды «the people» – эл деп атоого түрткү берген. Ошону менен ээлик кылуучусу эл болгон эгемендиктин жана өкүлчүлүк системасы аркылуу калыптанган бийликтин легитимдүүлүктүн маселелери эми оңой эле чечилген.

Мындай тандалмалар Европада «nation» – анык жана туруктуу эрежелер аркылуу жетишилген саясий компромисстер түбөлүк жарандык согуштан же аягы бүдөмүк куралдуу эрегиштен жакшы экенин түшүнгөн жарандардын; ошондой эрежелерди иш жүзүндө сактоого жана аларды камсыз кылган саясий түзүлүштү колдоого даяр турган жарандардын бирдиктүүлүгүнүн түйүлдүгү болуп чыккан. Ошентип, nation термини жана анын туундуларынын баары Европада биринчи иретте саясийукуктук мааниге ээ болгон. Этностук элемент аларга кийин, калыптанып калган улуттар (түп нускасында – сформировавшиеся нации) көнүмүш адат боюнча тиешелүү өлкөлөрдүн аты менен аталып кала берген кезде киргизилген» [6, №2 2016].

Европа менен Азиядагы улутчул кыймылдардын тарыхый тамырын изилдеген Бенедикт Андерсон «Элестетилген коомчулуктар: улутчулдуктун келип чыгышы жана жайылышы тууралуу ой толгоолор» аттуу китебинде улут

(нация) деген түшүнүктү көбүнесе абстракттуу көрүнүш катары карайт. Бул жагынан ал «нация» маанисиндеги улутту социалдык модель катары караган конструктивисттик мамилеге жалпысынан кошулса да, улут-мамлекет тууралуу заманбап түшүнүктөрдүн келип чыгышын династиялык башкаруунун жана диний аң-сезимдин арткы планга чегиниши менен байланыштырып, бул процесске китеп басып чыгаруу жана басма ишинин өнүгүшүнүн тийгизген таасирин кеңири талдаган [7, 41-42, 44].

Орус философу Константин Аршин «Нация» аттуу макаласында бул терминдин келип чыгышын орто кылымдарга байланыштырып, ал кезде «иаНо» деген сөз жалаң аймак аркылуу бири-бири менен байланышкан адамдардын чоң тобу аталганын белгилейт. Илимпоздун маалыматы боюнча, «Париж университетинде 1249-жылы норманд, пикардий, англис жана галл улуттарын айырмалап карашкан. Мында галл улутуна италиялыктар, испандыктар жана гректер да киргизилген, ал эми англис улутуна, англичандардын өзүнөн тышкары, немис, поляк жана скандинав студенттерин да кошуп жазышкан.

Кыязы, азыркы маанисинде «нация» деген сөз Францияда XV кылымда колдонула баштаса керек. Дал ошол учурда «нация» термини француз ойчулдарынын лексиконуна кирген. Француздар «нация», «аймак» жана «монарх» түшүнүктөрүнүн байланышына көңүл бурушкан... Улуу Француз революциясынын маалында бул үчилтик өзүнүн курамындагы бир бөлүгүнөн («королдон») ажырайт, ал эми «нация» түшүнүгү жаңы маани күтөт. Нация - бир аймактын жашоочуларынын бирдиктүүлүгү деген түшүнүктөн нация - мамлекеттин так өзү деген чечмелөөгө өтөт» [8].

Саясат таануучу Николай Баранов этнос факторун батыш саясий тарыхынан таптакыр чыгарып салбаса да, аны батыш таанымындагы улуттун калыптанышындагы көп факторлордун бири гана катары эсептейт: «... батыш улуттары (нации) саясий, социалдык-экономикалык, маданий жана этностук факторлордун тигил же бул катышынын негизинде түзүлгөн. Алардын калыптануу процесси өз кезегинде мурунку биригүүнүн көп кылымдык тарыхына ээ болгон үстөмдүк кылуучу этностук топтун маданиятына жана биримдигине таянган. Ошондуктан этностук жана саясий тарыхты этибарга албай коюуга болбойт, анткени кайсы гана көрүнүштүн тарыхында болсо да анын табиятын түшүнүүнүн ачкычы жатат». Ушул эле автор совет мезгилиндеги илимий практикага кайрылып жатып, «XX кылымда «нация» жана анын туундусу болгон «национальность» сөзү орус тилинде адатта этностук, мамлекеттүүлүктүн бар-жогуна байланышпаган маанide колдонулуп келген, бул бүгүн орус этнополитологиясынын түшүнүктөрүнүн мазмунун чек коюп ажыратуу маселесине башаламандык кошуп жатат» дегени бул теманын көп жагдайларын түшүндүрөт [9].

Бул тенденциянын уланышы кийинки кылымдарда ого бетер тереңдеп, «nation» түшүнүгү азыр да өтө көп Батыш мамлекеттериндеги саясий илимде этнос эмес, жарандык маанисинде түшүндүрүлөт. Мунун бир белгиси катары аталган өлкөлөрдө «nationaliti» деген графага этносу эмес, жарандыгы белгиленип жатканын мисал келтирсек болот.

Ошондуктан заманбап мамлекеттүүлүктүн моделине совет мезгилинде гана өткөн жаңы мамлекеттер менен Батыш өлкөлөрүндө улутка карата калыптанып калган теориялык база да, практика да өтө терең айырмаланат. Бул айрыкча капиталисттик этапты да басып өтпөгөн, Батыш Европадагыдай болуп жерге байланган мамлекеттин да тажрыйбасын күтпөгөн кыргыз элинин алдында улут маселеси боюнча

терминологиялык проблемаларды пайда кылып жатканы таң калыштуу эмес.

Маселе азыр да чечиле элек. Мисалы, ушу тапта Кыргызстанда колдонулуп жаткан «Юридика аталгылары менен түшүнүктөрүнүн орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү» да «улут» деген сөздүн эки башка маанисин берет:

**Улут** – 1) адамдын тилинин, маданиятынын, психологиясынын, каада–салттарынын, жашоо ыңгайынын өзгөчөлүктөрү менен айырмаланган кишилердин белгилүү бир этностук жалпылыгына таандыктыгы. 2) бир катар роман мамлекеттеринде (исп. nacionalidad ) жарандыкты же букаралыкты (Испания), же адамдын өзүнүн мазмуну боюнча жарандык мамилеге толук дал келбесе да (алып айтсак, Мексикада мексика У-на ээ, жашы жеткен жана «татыктуу жашоо ыңгайын алып жүргөн» гана адам жаран катары таанылат), белгилүү бир улуттук мамлекетке таандыктыгын билдирүү үчүн колдонулуучу аталгы [10].

**«Улут» терминин кыргыз саясий турмушунда колдонуудагы маселелер**

Жогоруда кеп болгон советтик доордогу практикадан улам, азыркы биз жашап жаткан убакта да «улут» деген сөз басма сөздө, күнүмдүк тиричиликте негизинен «этнос» катары чечмеленет. Мындан тышкары, «этнос» деген термин кыргыз тилине «улут» дегенден башка сөз менен адекваттуу которулбай тургандыгы да бул маселени татаалдаштырат. Азыркы учурда колдонууга киргизүү аракети жүрүп жаткан «тек», «уруу» деген сөздөр иш жүзүндө этностон алда канча чакан бирикмелерди билдирет, алар бир этностун курамындагы бөлүктөр гана болушу мүмкүн.

Мисалы, этностун котормосу катары сунушталып жаткан «тек» сөзүнүн котормосун карап көрөлү:

-ата теги или тек жай или тек социальное происхождение;

-тек составы социальный состав;

-ата тегин жашырып скрыв своё социальное происхождение;

-ата тегинен бери манап потомственный манап;

-тек жагынан чет элемент социально чуждый элемент;

-теги жаман уст. низкого происхождения, простолюдин;

- тек сура- спрашивать о происхождении (какого племени, рода, кто предки по мужской линии и т.д.). [11]

Көрүнүп тургандай, «уруу» да, «тек» да «этнос» түшүнүгүн толук чагылдырбайт. Бирок учурда эгемендик алгандан тартып мамлекеттик ишкана-мекемелердин баарына «улуттук» деген статус ыйгаруу тажрыйбасы күч алган (мисалы Улуттук илимдер академиясы, Улуттук университет, Улуттук банк, Улуттук гвардия, Улуттук статистика комитети ж.б.). Бул бир эсе совет мезгилинде эле калыптанып калган орус тилинен алынган котормого таянуунун натыйжасы болсо, башка жагынан дүйнө мамлекеттериндеги тенденцияларды тууроо болгон деп жыйынтык чыгарса болот. Бирок кыргыз элинин аң-сезимине «этнос» маанисинде кыйла терең сиңген «улут» сөзүн «мамлекеттик» деген мааниде статус иретинде колдонуу семантикалык жактан туура эмес. Иш жүзүндө алардын баары мамлекеттик эле ишкана-мекемелер.

Мындан тышкары, ошол көбүнчө батыш маанисинде кабыл алынган улут (нация) деген түшүнүктүн деле бир нече аныктамасы бар жана ал боюнча эмгиче дүйнөлүк илимий чөйрөдө бир кылка пикир жок.

Ушундай жагдайларды эске алганда, бир караганда улуттук кызыкчылык тууралуу маселе козголгондо кызыкчылыкты алып жүрүүчү субъектини так аныктап алуу өтө татаал, кээде мүмкүн эмес сыяктуу көрүнүшү мүмкүн. Бирок эгерде тышкы дүйнөнүн көп мамлекеттеринде

кабыл алынган түшүнүктөрдүн эмес, Кыргызстандын өзүнүн реалдуулугуна таянып ой жүгүртсөк, кызыкчылыкты алып жүрүүчү субъект логикалык жактан өзүнөн өзү аныкталат. Ал – кыргыз улуту (негизги саясий мазмун) түзгөн мамлекет (бирден-бир саясий форма). Буга бир нече жүйө бар.

Биринчиден, жок эле дегенде ушу тапта, демографиялык жагдайга байланыштуу кыргыз элин негизги субъект деп эсептей алабыз. Анткени Улуттук статистика комитетинин маалыматына ылайык өлкө калкынын 73,8% кыргыздар түзөт. Демек, өлкөдөгү калктын басымдуу көпчүлүгү деген сөз [12].

Экинчиден улут (нация) боюнча эл аралык илимде коюлган талаптарга деле кыргыз эли толугу менен туура келет, себеби кыргыз элинде анын бир катар маанилүү белгилери кездешет. Атап айтканда, салыштырмалуу кеч болсо да жамандыр-жакшыдыр адабий тили калыптанган, маданий өнүгүүнүн бир нече этаптарын басып өткөн, конкреттүү аймакка ээлик кылат. Тарыхчылардын маалыматы боюнча кыргыз эли азыркы Кыргызстандын аймагында жашап келатканына көп кылым болду. Кийинки, жаңы тарыхты ала турган болсок деле, репрессиянын курмандыгы болгон улуттук интеллигенция өкүлдөрүнүн иш-аракеттеринин аркасында СССР убагында эле өз алдынча республика болууга жетишкен жана өз административдик аймагы болгон. Үчүнчүдөн кыргыз эли мурдагы тарых жолунда мамлекеттүүлүк түзүү тажрыйбасына ээ болгон, чачкын убакта да биригүү аракеттеринде жүргөн, бүт көркөм дөөлөттөрүндө эркиндик, өз алдынчалык идеялары илгертен чагылдырылган эл. Канчалык башаламан, стихиялуу болбосун, эгемендик алгандан берки жылдар аралыгында да бийликке кайсы бир маселелер боюнча талап коюу, аларды аткара албаган бийликти алмаштыруу сыяктуу саясий окуялардын да негизги кыймылдаткыч күчү кыргыз эли болгон. Буга өлкө эли СССР тарагандан кийин эгемендикти аң-сезимдүү тандап алганы да, 2005-жылдагы, 2010-жылдагы окуялар да күбө боло алат.

Төртүнчүдөн Кыргызстан формасы боюнча да унитардуу мамлекет болуп саналат. Эч кандай федеративдик түзүмү жок, автономиялары жок, аталышына СССР убагында да, андан бөлүнүп чыккан эгемендик маалында да кыргыз эли бирден-бир негиз болгон. Эгерде кыргыз эли негиздеген жана көпчүлүгүн түзүп турган жалпы Кыргызстандын жарандарын саясий мазмун, ал негиздеген мамлекетти саясий форма катары кабыл ала турган болсок, анда форма мазмунга көз каранды болушу керек. Ушундан улам кыргыз эли бул мамлекетте башка улуттарга салыштырмалуу азайып же таптакыр жок боло турган болсо, анда бул мамлекеттин аталышы эч кандай мааниге ээ болбой калат.

1-схема



Эгерде Кыргыз Республикасын саясий форма менен саясий мазмундун айкалышы катары карасак, ортосунда кыргыз эли турганын көрөбүз.

Сунушталган схемада сары түстөгү эллипс менен кыргыз эли, кара түстөгү эллипстер менен башка улуттар, булардын баарын бириктирип турган тик бурчтук алкак катары мамлекет, көк түс менен анын институттары, мыйзамдары жана конституциялык түзүлүшү белгиленген.

Бул модел саясий илим чөйрөсүндө канчалык талаш жаратышы мүмкүн болсо да, кийин улуттук кызыкчылыктарды талдоодо объект-субъект маселеси Кыргызстан үчүн канчалык актуалдуу экенин көрсөткөнгө жардам берет.

**Субъектиге таандык категориялардын ичинде кызыкчылыктын орду**

Конфликтология саясат таануу илиминин бир бөлүгү болуп эсептелет. Анын талдоо ыкмаларын пайдалануу ар кандай субъектилердин, анын ичинде мамлекеттердин да өз ара мамилелеринин ар кандай категорияларын так бөлүп көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Алардын бири – шарттуу түрдө «Пияз» деп аталган ыкма. Ага ылайык, кайсы гана субъектинин болбосун жүрүш-турушунун негизинде анын муктаждыктары жатат. Аларды канааттандырыш үчүн субъект муктаж болгон жагдайлар жана зарыл аракеттер анын кызыкчылыктарын түзөт. Алардын сырткы чөйрөнүн көз караштарын эске алуу менен башка субъектилерге туюндурулушу позиция болуп эсептелет [13, 52].

2-схема



Мында чийменин эң ортосу – муктаждыктар, анын сыртында – кызыкчылыктар, эң сыртында – позициялар жайгашкан. Көрүнүп тургандай, кызыкчылыктар субъектини сырткы дүйнө менен байланышууга түрткөн негизги күч болуп саналат.

Кыргызстандын шартында бул ыкма «Эл аралык сабырдуулук үчүн» коомдук фондунун «Зомбулуктун алдын алыш үчүн эртелеп эскертүү» долбоорунда кеңири колдонулган. Анын айрым практикалык мисалдары аталган долбоордун алкагында иштелип чыккан «Кыргыз Республикасындагы массалык жана жаатташкан чыр-чатактардын зомбулук коркунучун азайтуу боюнча колдонмодо» (Бишкек, 2008) сүрөттөлгөн [14].

Анда айтылгандарга ылайык, жер басып алуучулардын муктаждыктары алардын түзүмүндөгү субъектилерге жараша болот. Башкача айтканда катардагы жер басып алуучулар турак жайга муктаж, аларды уюштургандар болсо акчага муктаж.

Алардын кызыкчылыгына өз аракеттерин мыйзамдаштыруу, массалык башаламандыктар, жер ээлеринин жапырт көчүп кетиши кирет.

Бирок эл алдына чыкканда алар бир нече жыл бою жер тилкесине кезекке турса да маселе чечилбегенин, башка-

лар бийликти басып алып жатканын ж. б. жүйөлөрдү келтиришет. Бул алардын эл алдында туюндурган позициясын түзөт.

Улуттук кызыкчылыктарды талдоодо дал ушул конфликтологиялык ыкманы колдонуп жатканыбыздын бир нече себеби бар.

Биринчиден, бул ыкма кызыкчылыктарды муктаждыктар менен позициядан так ажыратып, бул багыттагы талдоодо түшүнүктөрдүн аралашып кетүүсүнөн сактайт жана себеп-натыйжа байланыштарын ырааттуу түзгөнгө жардам берет.

Экинчиден, ыкманын өзү универсалдуу. Анын колдонулушу субъектинин көлөмүнөн же масштабынан көз каранды эмес. Демек, ири саясий субъект катары мамлекеттин жана улуттун кызыкчылыктарын аныктап чыгууда да жардам берет деп айтууга толук негиз бар.

Үчүнчүдөн, конфликтология жаатындагы айрым адистер субъектинин мотивациясын талдоодо муктаждыктар менен эле чектелип тим болбой, ал муктаждыктарды баалуулуктар, өз кезегинде баалуулуктарды иденттүүлүк менен шарттаган учурлар да кездешет. Бул түшүнүктөр улуттун субъект катары сакталып калышынын жана өнүгүшүнүн негизги шарттарынын бири, демек, мамлекеттин негизин түзгөн улуттун кызыкчылыктарын талдоого алда канча жакын деп эсептейбиз.

Кызыкчылыктар объективдүү жана субъективдүү эки компоненттен турат. Тиешелүү түрдө аларга карата жигердүү жана жигерсиз мамиле болот.

Объективдүү компонент субъектинин кийлигишүүсү болбостон, жагдайлар өзүнөн өзү субъектиге керектүү же керексиз багытта өзгөрүшүн билдирет. Мисалы, А. аттуу мамлекетке кол салганы жаткан Б. жана В. аттуу башка эки мамлекет анын ордуна бири-бири менен согушуп кирсе жана ага А. мамлекети эч кандай формада кийлигишпесе, башкача айтканда жигерсиз, тек гана байкоочулук мамиледе болсо, бул объективдүү жагдайлар баары бир А. мамлекетинин кызыкчылыгында болот.

Субъективдүү компонент жагдайларды ар кандай аракеттер менен субъект өзү өзгөртүп жатканын же өзгөртүүгө аракет кылып жатканын билдирет. Мисалы, А. мамлекетине Б. жана В. аттуу эки мамлекет кол салганы жатса, А. мамлекети аларды өз ара чабыштырууга жетишип, коркунучту өзүнөн алыстатса, бул кырдаалга жигердүү кийлигишип, жагдайларды өзгөртүү болуп эсептелет.

Жогоруда айтылгандардын баарын эсепке алганда, **Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчылыктары – бул биринчи иретте кыргыз элинин муктаждыктарына негизделген мамлекеттин кызыкчылыктары** деп жыйынтык чыгарганга толук негиз бар.

**Колдонулган адабияттар:**


1. “Манас” эпосу. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. Бишкек, “Турар” басмасы, 2010.
2. Кыргыз совет энциклопедиясы, 6-том. 1980-ж.
3. Кыргыз совет энциклопедиясы, 6-том. 1980-ж.
4. Кыргыз совет энциклопедиясы, 6-том. 1980-ж.
5. https://tamgasoft.kg/dict/index.php?page=list_words&dic_id=1&alf1=%D1%8D&alf2=%D1%8D%D1%82

6. Россия в глобальной политике. Николай Косолапов. Общсистемные интересы вместо национальных. https://globalaffairs.ru/articles/obshhesistemnye-interesy-vmesto-naczionalnyh-2/
7. Бенедикт Андерсон. Воображаемые сообщества. Пер. с английского В. Г. Николаева. Москва, “КАНОН-ПРЕСС-Ц”, 2001.
8. Константин Аршин. Нация. https://cyberleninka.ru/article/n/natsiya/viewer
9. Николай Баранов. Лекция 3. Нация. https://nicbar.ru/politology/study/kurs-etnopolitologiya/288-lektsiya-3-natsiya
10. https://ky.wikipedia.org/wiki/%D0%A3%D0%BB%D1%83%D1%82
11. https://el-sozduk.kg/tek-4/
12. Национальный статистический комитет Кыргызской Республики. 30 лет независимости Кыргызской Республики. Цифры и факты. Бишкек, 2021. https://www.gov.kg/files/news/froala/1414587ce8a3208483d86e378d48e3668185f53f.pdf
13. Саймон Фишар, Дека Ибрагим Абди, Джавед Лудин, Ричард Смит, Стив Уиллиамс, Су Уиллиамс. Работа с конфликтом. Работа с конфликтом.pdf
14. Кыргыз Республикасындагы массалык жана жаатташкан чыр-чатактардын зомбулук коркунучун азайтуу боюнча колдонмо. Бишкек, 2008.

***Абдымомунов Улан Бактыгулович***
*аспирант*
*Института государства и права НАН КР*
***Abdymomunov Ulan Baktygulovich***
*graduate student Institute of State and Law NAS KR*

***Абдымомунов Улан Бактыгулович***

*аспирант, КР УИАнын Мамлекет жана укук институту*

## НАРОДНЫЙ КУРУЛТАЙ - КАК ПРАВОВОЙ ИНСТИТУТ

## ЭЛДИК КУРУЛТАЙ - УКУКТУК МЕКЕМЕ КАТАРЫ

## PEOPLE'S KURULTAI - AS A LEGAL INSTITUTION

**Аннотация**. Данная статья рассматривает и проводит анализ правовых основ института курултая, его правовую регламентацию в современной политико-правовой системе Кыргызской Республики. Определяет понятие, сущность курултая.

**Ключевые слова**: *народовластие, народ, демократия, выборная власть, сходы граждан, курултай, система народовластия, представительная демократия. Кыргызский курултай, Ассамблея народа Кыргызстана.*

**Аннотация.** Бул макалада курултай институтунун укуктук негиздери, Кыргыз Республикасынын азыркы саясий-укуктук системасында анын укуктук жөнгө салынышы каралат жана талданат. Курултайдын концепциясын, маңызын аныктайт.

**Негизги сөздөр:** *демократия, эл, демократия, шайланган бийлик, жарандардын чогулуштары, курултай, демократия системасы, өкүлчүлүк демократия. Кыргыз Курултайы, Кыргызстан элинин ассамблеясы.*

**Abstract**. This article examines and analyzes the legal framework Kurultai institution, its legal regulation in modern political - legal system of the Kyrgyz Republic. It defines the concept, the essence of Kurultai.

**Keywords**: *democracy, the people, democracy, electoral power, gatherings of citizens, kurultai, democracy system, representative democracy, kyrgyz kurultai, the Assembly of Peoples of Kyrgyzstan, the world kurultai of the Kyrgyz people, Kurultai representatives of the local community.*

В 2021году Кыргызской Республике на референдуме была принята новая конституция где в статье седьмой указано что курултай — это общественное собрание, которая даёт рекомендации по вопросам общественного развития и его деятельность определяется конституционным законом. И после вступления в

силу новой конституции в обществе начался правовой резонанс. Зов предков, сколько бы времени не прошло, оказывается современного кыргыза взбудораживало внутреннее сознание кыргыза, чтобы построить подлинно кыргызское государство опираясь духовное правосознание (Руханий долот) которые зарождены тысяча летия вперед и остались зачатками в нашем кыргызском правосознании. Всех заинтересовало, каким он будет в будущем и каким образом будет регулироваться действия, курултая. Какие полномочия будут делегированы, если курултай будет созван. Что привело тому что правоведы должны были обратится истории и дать разьяснение по институту курултая. Важно было рассмотреть в каких случаях проводился курултай в кыргызском народе какая была правовая основа.

Существование курултая как государственного института, позволяло на протяжении многих веков принимать оптимальные и эффективные решения коллегиального характера, которые в свою очередь является неотъемлемым составным элементом народовластия. Институт народного курултая имелся во всех кочевых и оседлых народах в различных формах, однако содержание у всех было одинаковое – это народовластие. Кыргызстан имеет вековую традицию народовластия. Одной из самых древнейших и действенных, эффективных форм народовластия в нашей стране является курултай. События последних лет были трудными для кыргызского народа и, для того, чтобы общество смогло преодолеть кризис и выжить как национальное и гражданское целое, оно должно реагировать на происходящее. Вот почему так актуальна тема национального диалога, понимаемого широко как общенациональное обсуждение актуальных проблем общества. Кыргызский курултай – это система участия общества в управлении своими делами, в государственной работе. [1.С-23-31] Поэтому, на сегодняшний день становится очевидным, что курултай становится одним из важных институтов демократического государства. Так, после распада Советского Союза кыргызское общество подверглось существенным изменениям, и перешло в то состояние, которое называется кризисом идентичности. Были утеряны прежние цели, резко произошла смена общественных ценностей. Сама структура общества потеряла прежнюю определенность и качество. В 1990 году был первый толчок в создании основ курултая и в понимании его сущности где большая работа была проделано курултаевцами Кадыром Кошалиевым и Баяз Тураловым, но их задумки, создания в государстве подлинного народовластие как увидим в последующем, не доведены были до конца, и каждый президент исходя из своих интересов на тот момент урывал ту часть понятий курултая которая была ему выгодна. В 1992 году начался процесс формирования национальных организаций, ставивших своей целью защиту интересов этнических групп и обеспечение их 50 языковой и культурной идентичности. К 1994 году было создано свыше 20 таких организаций. Руководители 11 национальных организаций 7 декабря 1993 года обратились к Президенту Кыргызской Республики с предложением созвать Курултай народа Кыргызстана для обсуждения общих проблем и выработки решений и поиску путей выхода из кризисного состояния в интересах дальнейшего укрепления межнационального согласия в стране. Президент поддержал эту инициативу, утвердив своим Указом организационный комитет по проведению Курултая народа Кыргызстана для рассмотрения вопросов укрепления межнационального согласия и дружбы между народами Кыргызской Республики. Состоявшийся 22 января 1994 года первый Курултай народа Кыргызстана принял решение

о создании Ассамблеи народа Кыргызстана - массовой общественной организации, призванной выражать национальные интересы этносов, образующих народ Кыргызстана, обеспечивать общенародную солидарность в Кыргызской Республике. Создание Ассамблеи народа Кыргызстана стало новаторским и, как показывает время, эффективным путем к формированию общественно-государственной системы поддержания межэтнического согласия и гражданского мира в республике. По сути дела, Ассамблея народа Кыргызстана стала уникальным народным Парламентом, обеспечивающим представительные права всем и каждой этнической группе, проживающей на кыргызской земле, настоящим Домом Дружбы народов. В целях содействия укреплению единства Кыргызстана и межнационального согласия, развитию и взаимообогащению духовных ценностей и традиций каждого этноса, входящего в народ Кыргызстана, в декабре 1995 года был издан Указ Президента КР о проведении Второго Курултая народа Кыргызстана [2-С-56-63]. Далее, в целях дальнейшего укрепления единства и межнационального согласия народа Кыргызстана, активного содействия развитию и взаимообогащению духовных, культурных ценностей и традиций всех населяющих республику этносов были проведены более пяти Курултаев народа Кыргызстана с участием Ассамблеи народа Кыргызстана. Как мы видим, с момента приобретения Кыргызской Республикой суверенитета институт курултая был возрождён, но он не был должным образом внедрен в правовую систему, не понятно и не отрегулировано было его правовое положение. Ассамблея народа Кыргызстана в свой роли укрепила дружбу и единство народов. Итак, в соответствии с п.2 ст.52 новой Конституции Кыргызской Республики 2021 года, по вопросам, имеющим государственное и общественное значение рекомендуется практиковать проведение народных курултаев. Решение народного курултая носит рекомендательный характер и направляется в соответствующие органы государственной власти и местного самоуправления. В ст. 52 Закона КР «О местном самоуправлении» отмечается, что для принятия решений по важнейшим делам местного значения, требующих обсуждения с членами сообщества, местные сообщества могут проводить курултаи, собрания, сходы и другие формы прямого волеизъявления. С целью учета широкого спектра общественного мнения и участия населения в решении важнейших вопросов организации его жизнедеятельности могут проводиться курултаи местных сообществ, районов, областей (Ст. 53) [5]. В 1996 году было издано Положение о сельском курултае, утвержденное Указом Президента Кыргызской Республики от 24 октября 1996 года N УП-309 , в котором говорилось, что для принятия коллективных решений по важнейшим вопросам местного значения, требующим обсуждения с членами сообщества, согласно принципам местного самоуправления в сельских местностях созываются сельские курултаи, на которых могут обсуждаться вопросы принятия Устава местного сообщества, внесения изменений и дополнений в него, проблемы социально-экономического развития сообщества, создания коммунальной собственности и ее управления, а также не противоречащие законам Кыргызской Республики иные 51 вопросы, касающиеся внутренней жизни сообщества. Тем не менее, данный акт не определял статус института курултая, не уточнялась значение и сила решений, принятых на курултае и т.д.

В целях дальнейшего укрепления основ народовластия и совершенствования местного самоуправления, повышения роли местных сообществ в управлении делами местного значения и установлении действенного демокра-

тического контроля за деятельностью исполнительно-распорядительных органов местной власти принимается новое положение о народном курултае представителей местного сообщества в 2001 году. Где отмечается, что народный курултай – это представительная форма участия членов местного сообщества в управлении делами местного значения, осуществляемом путем избрания ими делегатов курултая в соответствии с Положением, и обсуждении на курултае важных вопросов жизнедеятельности местного сообщества. Здесь говорится, что Народный курултай вправе рассматривать все жизненно важные вопросы местного сообщества. Значительной, на наш взгляд, с правовой точки зрения является норма о том, что решения народного курултая, не противоречащие законодательству Кыргызской Республики и Уставу местного сообщества, обязательны для исполнения на всей территории соответствующей административно-территориальной единицы. Данный акт является революционным, так как вшивает институт курултая в правовую материю и структуру государственного управления, в частности, на уровне местного самоуправления Кыргызской Республики. [3.С.-27-32]. В результате исследования правового положения института Курултая в нашей стране, мы видим, что, пожалуй, единственным нормативным актом, регламентирующим статус курултая в Кыргызской Республике, является Положение о народном курултае представителей местного сообщества, утвержденное Указом Президента КР от 2 мая 2001 года УП N 152 «О мерах по повышению роли народных курултаев представителей местных сообществ Кыргызской Республики в управлении делами местного значения». Стало очевидным, что правовое положение института курултая в свете усиления его роли в жизнедеятельности Кыргызской Республики требует значительных доработок. Кроме того, в 2012 году депутатами парламента Кыргызской Республики инициируется проект Закона Кыргызской Республики «О курултаях», который представляет собой более или менее правовую регламентацию всех видов курултаев. Анализируя развитие института курултая, можно выявить три типа курултаев: Всемирный курултаи кыргызов, где собираются активисты, влиятельные люди кыргызского общества со всех уголков мира, которые поднимают судьбоносные вопросы, по результатам которого принимается решение рекомендательного характера; народные курултаи, где решаются важные вопросы жизни населения, определяется внешняя политика, решаются вопросы войны и мира; курултай представителей местного сообщества для управления делами местного значения; четвертый вид курултаев, которые еще не получили правовую регламентацию со стороны законодательства Кыргызстана – курултаи представителей различных конфессий и профессиональных деятелей. В современном определении институт курултая понимается в двух аспектах: первое регламентируется согласно законодательству Кыргызской Республики как народный курултай - представительная форма участия членов местного сообщества в управлении делами местного значения, осуществляемом путем избрания ими делегатов курултая в соответствии законодательством; второе - курултай – консультативный орган всенародного представительства в форме участия членов местных сообществ по всей республике в управлении делами государственного значения, осуществляемом путем избрания ими делегатов курултая и обсуждении на курултае важных вопросов жизнедеятельности государства, включая отчеты государственных органов власти и органов местного самоуправления.

**Литература**

1. *Акаев А.* Раздумья на судьбоносном этапе [Текст]: монография / А. А. Акаев.– Бишкек: Илим, 1994. – 51 с.

2. *Чотонов У. Ч.* Кыргызстан по пути суверенитета. Историко-политический анализ / У. Ч. Чотонов. – Бишкек, 2007. – 384 с.

3. Указ Президента КР от 1 декабря 1995 года УП N 329 «О проведении Второго Курултая народа Кыргызстана».

4. Конституция Кыргызской Республики от 27 июня 2010 года // «Эркин-Тоо», № 61 от 06.07.2010. 5. Закон КР от 15 июля 2011 года № 101 «О местном самоуправлении» // «Эркин - Тоо», №59 от 22.07.2011. 6. Положение о сельском курултае, утвержденное Указом Президента Кыргызской Республики от 24 октября 1996 года N УП-309. 7. Положение о народном курултае представителей местного сообщества (Утверждено Указом Президента Кыргызской Республики от 2 мая 2001 года N 152).

5. Устав о сибирских киргизах, 2005 – Устав о сибирских киргизах // Казактын ата зандары. Древний мир права казахов. Т.V. Алматы: Жетi жаргы, 2005.г.

УДК 345

***Эркебаев Айбек Манасович***
*аспирант, института государства и права НАН КР*

***Эркебаев Айбек Манасович***

*Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтунун аспиранты*

**Erkebaev Aibek Manasovich**

*postgraduate student, Institute of State and Law of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic*

# АНАЛИЗ СПОСОБОВ ПРАВОВОЙ ЗАЩИТЫ ПРАВ ПОТРЕБИТЕЛЕЙ В БАНКОВСКИХ ПРАВООТНОШЕНИЯХ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ БАНКТЫК УКУКТУК МАМИЛЕЛЕРДЕ КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨРДҮН УКУКТАРЫН УКУКТУК КОРГОО ЫКМАЛАРЫН ТАЛДОО

# ANALYSIS OF METHODS OF LEGAL PROTECTION OF CONSUMER RIGHTS IN BANKING LEGAL RELATIONS IN THE KYRGYZ REPUBLIC

**Аннотация.** Совершенствоание законов, регулирующие правоотношения является основным фактором развития экономическом плане нашей страны. Этот фактор отвечает не только за благополучие каждого гражданина но и играет большую роль для развития в целом экономики. В этой статье были рассмотрены совершенствование законов регулирующие права потребителей на банковском рынке. Так же проделан научно-сравнительный анализ действующих законов в этой сфере. Предложены ряд идей, обоснованных научными исследованиями в частности методами юридической науки.

**Ключевые слова:** *потребитель, банковские услуги, нормативно-правовые акты, права, защита прав, общество, государство, Кыргызская Республика, правовой анализ.*

**Аннотация.** Укуктук мамилелерди жөнгө салуучу мыйзамдарды өркүндөтүү өлкөбүздүн экономикалык өнүгүүсүнүн негизги фактору болуп саналат. Бул фактор ар бир жарандын бакубаттуулугу үчүн гана жооп бербестен, жалпы экономиканын өнүгүшү үчүн чоң роль ойнойт. Бул макалада банк рыногунда керектөөчүлөрдүн укуктарын жөнгө салуучу мыйзамдарды өркүндөтүү каралып, бул чөйрөдөгү колдонуудагы мыйзамдарга илимий-салыштырмалуу талдоо жүргүзүлгөн.Илимий изилдөөлөр менен, атап айтканда, банктар тарабынан негизделген бир катар идеялар сунушталган. юридикалык илимдин методдору.

**Негизги сөздөр**: *керектөөчү, банктык кызматтар, ченемдер, укуктар, укуктарды коргоо, коом, мамлекет, Кыргыз Республикасы, укуктук талдоо.*

**Annotation**. Improving the laws governing legal relations is the main factor in the economic development of our country. This factor is responsible not only for the well-being of every citizen, but also plays a big role for the development of the economy as a whole. This article examined the improvement of laws regulating the rights of consumers in the banking market. A scientific and comparative analysis of current laws in this area was also carried out. A number of ideas were proposed that were substantiated by scientific research, in particular by the methods of legal science.

**Key words:** *consumer, banking services, regulations, rights, protection of rights, society, state, Kyrgyz Republic, legal analysis.*

Если мы рассмотрим римское право, то можно разглядеть что развитие в целом общества и государства неукоснительно ведёт к принятию и формированию новых институтов в юридической сфере. Это можно сделать путём укрепления частного права через призму совершенствования законов.

Быстрое развитие новейших и новых технических аппаратов совершенствовании оказание государственных так же банковских услуг цифровом формате привело тому, что простые потребители столкнулись новыми нарушениями своих прав. Как правило, с течением времени всё меняется и появляются новые риски и угрозы в отношении государства и общества. С изменением времени, так же должны меняться нормативно-правовые акты, регулирующие взаимоотношения государства и общества. И к таким нормативно-правовым актам относятся нормативно-правовые акты, регулирующие взаимоотношения потребителей банков в Кыргызской Республике. Как правило, времена требуют перемен и поэтому в Кыргызской Республике связи тем, что все государственные и банковские услуги переходят к цифровому оказанию услуг, важно внести изменения в нормативно-правовые акты регулирующих взаимоотношения потребителей с банками.

5. *Черных В. А., Арсланов Р. Ф.* Основные проблемы теории военного управления и пути их решения. –Военная мысль №5 2006 г. –С. 46-53.

6. Постановление Правительства Кыргызской Республики от 9 марта 2021 года № 84 «О вопросах Министерства обороны Кыргызской Республики».

**ЮБИЛЯРЫ**



# 70 лет

28 декабря 2023 года исполняется 70 лет и 48 лет трудовой, научной, педагогической и общественной деятельности Президента Национальной академии наук Кыргызской Республики, члена-корреспондента НАН КР, директора Института сейсмологии НАН КР, доктора геолого-минералогических наук, профессора

**АБДРАХМАТОВА КАНАТБЕКА ЕРМЕКОВИЧА!**

Абдрахматов Канатбек Ермекович родился 28 декабря 1953 года в п. Каджи-Сай, Тонского района Киргизской ССР в семье рабочего. После окончания в 1976 г. Фрунзенского политехнического института, был направлен в город Уральск в Институт «Каззапгипроводхоз». В 1978 году поступил в очную аспирантуру АН Киргизской ССР, которую окончил 16 ноября 1981 года. Начал свой трудовой путь в опытно-методической партии сейсмологической экспедиции Института сейсмологии АН Киргизской ССР 16 октября 1982 года в качестве инженера партии. 15 декабря 1983 года был избран на должность младшего научного сотрудника лаборатории «Новейшей тектоники». 12 марта 1984 года по решению совета во Фрунзенском политехническом институте Абдрахматову К.Е. была присуждена ученая степень кандидата геолого-минералогических наук. В 1988 году 2 декабря по решению Ученого совета Института сейсмологии АН Кирг. ССР и Постановлением отделения физико-технических, математических наук АН Кирг. ССР был назначен заведующим лабораторией «Сейсмотектоники». В 1995 году Абдрахматов К.Е. защитил докторскую диссертацию, а в сентябре 2005 г. избирается директором Института сейсмологии НАН КР.

Доктор геолого-минералогических наук с 1995 г., в 2021 году был избран членом-корреспондентом Национальной академии наук Кыргызской Республики.

Имя Абдрахматова К.Е. широко известно геологической и сейсмологической общественности ближнего и дальнего зарубежья как крупного учёного и ведущего специалиста в области современной геодинамики Тянь-Шаня, сейсмотектоники и оценки сейсмической опасности. Результаты исследований опубликованы в более 200 научных работах, из которых 10 монографий, и 30 научно- производственных отчётах, докладывался на многочисленных международных и республиканских симпозиумах и конференциях. В 2015 году награжден Сертификатом как лучший автор работ научных журналов Спрингер (Springer Top Author).

Абдрахматов К.Е. является одним из ведущих специалистов Республики в области сейсмотектоники и сейсмического районирования. Он автор и соавтор Карт сейсмического районирования территории Кыргызской Республики, вышедших в свет в 1995 г., 2012 г. и 2018 г. и принятых в качестве нормативного документа для проектно-изыскательских и строительных организаций. Он принимал участие в составлении карт детального сейсмического районирования Чуйской впадины (1995), Иссык-Кульской впадины (1985), карт детального сейсмического микрорайонирования ряда важнейших промышленных сооружений и городов Республики.

На разных этапах своей трудовой деятельности К.Е. Абдрахматов использует различные методы оценки сейсмической опасности, начиная от традиционных, принятых в странах СНГ и современных, применяющихся в настоящее время в развитых странах дальнего зарубежья. В 2009, 2011, 2018 гг. им, совместно с коллабораторами из США, Франции, Бельгии, Германии и коллегами из Казахстана, Таджикистана и Узбекистана составлены новые вероятностные карты сейсмической опасности территории Центральной Азии в терминах пиковых грунтовых ускорений (PGA), которые являются новым словом в практике сейсмического районирования различных территорий.

Абдрахматов К.Е. являлся руководителем Программы научных наблюдений за крупномасштабным взрывом по созданию плотины Камбаратинской ГЭС-2. В результате указанного взрыва группой научных коллективов из разных стран (Кыргызстан, Россия, Бельгия, Словения, Италия, Англия) получены уникальные научные материалы, которые послужат основой для оценки сейсмической опасности района строительства и сейсмостойкости основных сооружений Камбаратинских ГЭС-1 и ГЭС-2.

Однако его научные интересы затрагивают не только указанные вопросы, но и проблемы современной геодинамики, новейшей тектоники, геоморфологии, структурной геоморфологии, стратиграфии четвертичных отложений, гляциологии и географии, палеогеоморфологии и палеогеографии. Только за последние 5 лет К.Е. Абдрахматов опубликовал около 56 научных статей, из которых 27 – в зарубежной печати на английском языке.

В последние годы в условиях дефицита бюджетных средств Абдрахматов К.Е. добивается получения внебюджетных ассигнований на научные исследования путём активного участия в конкурсах на получение зарубежных грантов. Он являлся менеджером и основным исполнителем многих международных проектов, финансируемых различными фондами.

Абдрахматов К.Е. имеет весьма тесные и плодотворные научные контакты как с учёными и специалистами из стран СНГ (Россия, Казахстан, Узбекистан, Таджикистан, Молдова, Грузия, Армения, Азербайджан), так и из стран дальнего зарубежья (США, Бельгия, Германия, Швейцария, Канада, Япония, Италия, Новая Зеландия и др.)

В последние годы К.Е. Абдрахматов представил научные доклады на международных конференциях в России, США, Бельгии, Италии, Германии, Швеции, Австрии, Норвегии, Узбекистане, Таджикистане, Казахстане, Армении, Грузии.

В результате плодотворной работы К.Е. Абдрахматова Международный консорциум по изучению оползней трижды присуждал Институту сейсмологии НАН КР звание «Мировой центр по изучению оползней».

Большое внимание К.Е. Абдрахматов уделяет подготовке молодых специалистов. Под его руководством защищены две докторские и шесть кандидатских диссертации. К.Е.Абдрахматов является научным руководителем семи соискателей.

К.Е.Абдрахматов ведёт обширную общественную работу. Он является инициатором принятия Закона «О сейсмической безопасности», Долгосрочной Государственной программы снижения сейсмического риска территории Кыргызской Республики, внесения изменения в СНиП КР 31-02:2007 «Проектирование и застройка территорий, примыкающих к Иссык-Атинскому разлому г. Бишкек», в «Жилищный кодекс Кыргызской Республики». Институт сейсмологии НАН КР включён в список организаций, разрешение которых требуется при выборе мест при строительстве и трансформации земель. Он активно пропагандирует правила поведения при землетрясениях на радио, телевидении и в прессе.

***С уважением,***
***Коллектив Института сейсмологии***
***Национальной академии наук***
***Кыргызской Республики***



# 70 лет

25 декабря исполняется 70 лет со дня рождения и 46 лет научно-практической, научно-организационной и общественной деятельности известному советскому и кыргызскому хирургу-клиницисту, заслуженному врачу Кыргызской Республики, доктору медицинских и философских наук, профессору, академику Национальной академии наук Кыргызской Республики

**АШИМОВУ ИСАБЕКУ АШИМОВИЧУ!**

Ашимов И.А. уроженец с. Кара-Даван Ляйлякского района Ошской области. Родился 25 декабря 1953 г. Среднее образование получил в средней школе им. Ю.А. Гагарина в с. Исфана.

В 1970 г. поступил на лечебный факультет Кыргызского Государственного Медицинского Института и после окончания интернатуры по хирургии в 1977 г., в течение 1978-1980- х годов занимал должность главного хирурга Ляйлякской ЦРБ. В 1980 г. поступил в клиническую ординатуру на кафедре хирургии ФУВ КГМИ, которую закончил досрочно и был избран ассистентом кафедры.

За годы учебы в клинической ординатуре, а затем в заочной аспирантуре по хирургии Ашимов И.А. занимался научными исследованиями в направлении «Клиническая морфо-физиология» (обязательный поиск морфологического эквивалента функционально-физиологических поломок в организме и, наоборот, поиск функционально-физиологического эквивалента морфологических поломок). По окончании аспирантуры в 1990 г. им была защищена кандидатская диссертация на тему «Нарушения и коррекция региональной гемодинамики и функции легких при остром холецистите», а в 1992 г был избран доцентом доцентского курса хирургии ФУВ при кафедре госпитальной хирургии КГМИ. Хирург высшей категории (с 1986 г. по н.в.), имеющий на личном счету более 3000 сложных операций, ему принадлежит приоритет лапароскопической аппендэктомии, холецистостомии в клинике и пересадки почки в эксперименте.

После защиты докторской диссертации в 1995 г. был избран заведующим кафедрой хирургии ФУВ, а в 2004 г. - проректором по учебно-научной работе Кыргызского государственного медицинского института переподготовки и повышения квалификации (КГМИПиПК). Его кандидатская и докторская диссертации выполнены с позиции фундаментальной и физиологической науки с выявлением и обоснованием двух патофизиологических феноменов: «Перекрестное альвеолярно-сосудистое шунтиро-

вание в легких» и «Протекционное регионарное перераспределение циркулирующей крови». Цифровые данные его диссертаций (более 60000 показателей реографии, спирографии) были приняты для создания экспериментальных моделей в Институте искусственного интеллекта (США).

Исабек Ашимович прошел все ступени клинико-педагогической деятельности: ассистент (1982-1993 гг.), доцент (1993-1995 гг.), профессор (1995 г. - по н.в.), зав. кафедрой хирургии (1995-2004 гг.), проректор по научно-учебной работе КГМИППК (2004-2006 гг.), а в сфере хирургии – от сельского хирурга до Вице-президента Ассоциации хирургических обществ Кыргызстана, доктора медицинских и философских наук, академика НАН КР. Имеет ряд профессиональных и научных достижений: клиническая ординатура (1980-1982 гг.), аспирантура (1984-1988 гг.), докторантура по хирургии (НХЦ, 1991-1994 гг.), научная стажировка по философии (НАН КР, 2000-2002 гг.), главный ученый секретарь Президиума НАН КР (2006-2013 гг.), главный научный сотрудник лечебно-оздоровительного объединения Управделами Правительства КР (2013-2016 гг.), Председатель ОХТМБиСХН НАН КР 2017-2021 гг.).

Получив звание доктора наук в 1995 г. и профессора в в 1997 г., Ашимов И.А.., уже как известный ученый-клиницист, продолжал научные исследования в области функционально-физиологической оценки пределов компенсации организма хирургического больного, а также экспериментальной гистохимической оценки жизнеспособности печеночной, почечной и тестикулярной тканей в различных условиях консервации и пересадки. Им подготовлена научная школа физиологической хирургии, печеночно-почечной гистохимии и криоконсервации в лице 7 докторов и 18 кандидатов медицинских наук.

По материалам многолетних научных исследований им написаны и опубликованы более 420 научных трудов из них 35 научных монографий, 11 учебников, пособий и рекомендаций, 23 научно-художественные книги и брошюры, 27 редактированных трудов, 32 изобретения, патентов и рацпредложений, 293 научные статьи, тезисов и депонированных статей, более половины из которых на страницах научно-практических журналов по тематике биомедицины и биофилософии ближнего и дальнего зарубежья (42 – РИНЦ, Scopus, Web of Science, индекс h – 4).

Универсальный ученый-клиницист и физиолог, высококвалифицированный специалист в области биомедицины, трансплантологии, философии медицины, Ашимов И.А. дважды удостоен докторской ученой степени: доктор медицинских наук («Хирургия», «Патологическая физиология», 1995 г.), доктор философских наук («Онтология и теория познания», 2002 г.), Имеет высокие научные достижения и признание как автор научного открытия «Закономерность формирования и изменения состояния научно-мировоззренческой культуры индивида (Теория Ашимова)» (Диплом № 67-S на открытие Российской академии естественных наук, международной академии авторов научных открытий и изобретений, Международной ассоциации авторов научных открытий, 9 января 2018 г.) и установил научную идею «Триадный синтез научно-мировоззренческой культуры индивида» (Свидетельство № 25-1 о регистрации научной идеи Российской академии естественных наук, международной академии авторов научных открытий и изобретений, Международной ассоциации авторов научных открытий, 28 апреля 2017 г.).

Таким образом, выдающимися научными достижениями Ашимова И.А. являются, во-первых, развитие биомедицинской науки на метатеоретическом, методологическом и философском уровнях, во-вторых, развитие биофилософии на примере клинической физиологии, трансплантологии и конкретных физиологических феноменов и в-третьих, разработка и обоснование научной идеи, гипотезы и теории («Теория Ашимова»). Он является проводником биомедицины (физиологического направления в хирургии) и биофилософии (постнеклассической науки) в Кыргызской Республике.

В работах Ашимова И.А. очевидна разработка междисциплинарных, транстеоретических научных тем с интеграцией отраслей наук (физиология, биомедицина, биофилософия) с концептуальной разверткой результатов физиологических исследований в плоскости биомедицинской науки и практики, а также философско-методологическое обобщение результатов многоаспектных медико-физиологических исследований.

Выдающиеся научные достижения Ашимова И.А. по достоинству оценены научным сообществом страны: Решением ВАК при Правительстве КР Ашимову Исабеку Ашимовичу присуждена ученая степень доктора медицинских наук (01.06.1995 г);

Решением ВАК при Правительстве КР - присуждено ученое звание профессора по специализации «Хирургия» (25.09.1997 г.);

Решением НАК КР ему присвоена ученая степень доктора философских наук (27.06.2002 г.);

В декабре 2000 г. избран член-корреспондентом Национальной академии наук Кыргызской Республики;

В июле 2021 г. Ашимов И.А. избран академиком Национальной академии наук Кыргызской Республики.

Следует отметить большую организаторско-методическую и общественно-практическую работу професора Ашимова И.А. Ашимов И.А. - основатель и руководитель Проблемной лаборатории клинико-экспериментальной хирургии НХЦ (с 1997 г. по н.в.), а также научного отдела Клинической больницы Управделами Президента и Правительства КР (с 2009 г.), Вице-президент (1995-2002 гг.), член Президиума АХО КР (с 2002 г. по н.в.), основатель и президент ОБФ «Смирение и Достоинство» (с 2005 г. по н.в.), член Евразийской ассоциации гастроэнтерологов (с 2004 г. по н.в.), член Правления «Инновационного центра нанотехнологий стран СНГ (с 2009 г. по н.в.).

Ашимов И.А. обладает 29-летним опытом научно-экспертной деятельности: ученый секретарь диссертационного совета при НХЦ (1994-1999 гг.), эксперт (1999-2001 гг.), зам. председателя (2001-2003 гг.), председатель экспертной комиссии по медицинским наукам (2003-2005 гг.), начальник отдела медико-биологических, химических, гуманитарных наук НАК КР (2005-2008 гг.), зам. председателя (2012-2015 гг.), председатель секции Комитета по Госпремиям КР в области науки и техники (с 2017 г. по н.в.). Автор и модератор научного сайта www.Cassandra-reflection.ru (2013 г. по н.в.).

Кроме того, профессор Ашимов И.А. сумел наладить связь с трансплантологическими центрами Турции, Египта, России, Казахстана, Китая, Индии, принимал участие в разработке закона Кыргызской Республики «О пересадке органов и/или тканей

(2001 г.), способствовал созданию Кыргызского НИИ хирургии сердца и трасплантации органов (2004 г.), которую возглавляет проф. Ашимов Ж.И. – выходец из научной школы профессора Исабека Ашимовича, ими осуществлено 10 успешных пересадок почки.

Несмотря на большую научную, педагогическую и лечебную работы, И.А. Ашимов вел большую редакторскую общественную нагрузку. В разные годы он являлся ответственным секретарем журнала «Известия НАН КР» (2008-2013 гг.), «Жизнь науки (2009-2013 гг.), основателем и зам. главного редактора журналов: «Хирургия Кыргызстана (1998-2010 гг.); «Медицинские кадры XXI века» (2003-2016 гг.); «Социология медицины» (2009-2012 гг.), членом редколлегии журналов: «Известия ВУЗов» (2008-2013 гг.), «Инновационные разработки НАН КР», «Доклады НАН КР» (2017-2021 гг.).

Ашимов И.А. как профессионал высокого уровня награжден государственными наградами и званиями: за существенные достижения в развитии медицинской науки и подготовку врачебных кадров в республике ему присвоено почетное звание «Заслуженный врач Кыргызской Республики» (1995 г.), за выдающиеся труды в области гуманитарных наук присуждена «Государственная премия Кыргызской Республики в области науки и техники (2020 г.). Имеет классный чин Советника 3-го класса.

Достигнутые результаты характеризуют его, как зрелого современного ученого и организатора перспективных научных исследований. Ашимова И.А. отличает огромная работоспособность, аналитический ум и широкий научный кругозор, инициативность, деловая хватка и настойчивость в достижении цели, а также всегда ровное отношение к людям, сотрудникам, он справедлив, участлив и терпелив. Он отличается также демократичностью взглядов, системностью мышления и системным подходом к делу.

Ашимов Исабек Ашимович в настоящее время является профессором Национального хирургического Центра, заведующим Проблемной лабораторией клинической и экспериментальной хирургии НХЦ.

Исабек Ашимович отличный семьянин. Женат, имеет четверых детей, двоих сыновей и двух дочерей, семерых внуков.

*Уважаемый Исабек Ашимович! Примите самые сердечные поздравления и пожелания новых научных свершений и дальнейших творческих успехов, вдохновения, долголетия, сил и энергии для Вашей продуктивной и многогранной деятельности!*

*Желаем Вам крепкого здоровья и благополучия!*

***Президиум Национальной академии наук Кыргызской Республики,***

***Отделение химико-технологических, медико-биологических и сельскохозяйственных наук Национальной академии наук Кыргызской Республики***



**МУСАЕВ СЫРТБАЙ ЖОЛДОШОВИЧ**
**70 ЖАШТА**

Филология илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү (2006), Улуттук илимдер академиясынын академиги (2021), Кыргыз Республикасынын илим жана техника жаатындагы Мамлекеттик сыйлыгынын (2002), "Натыйжалуу башкаруу жана ишке чыгармачыл мамиле" номинациясында Эл аралык "SPI Алтын медалынын" (Париж 2003), Эл аралык биографиялык "Дүйнөлүк билим берүүнүн лидери" (Кембридж, 2008) наамдарынын ээси, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер (2011), Кыргыз Республикасынын "Манас" ордени менен (2018) сыйланган.

Мусаев Сыртбай Жолдошович 1953-жылы Ысык-Көл облусунун Тоң районуна караштуу Көл-Төр айылында туулган. 1971-жылы орто мектепти, 1976-жылы КМУнун филология факультетин аяктаган. 1977-78-жылдары СССР Илимдер академиясында стажёр-изилдөөчүсү, аспиранты, 1982-86-жылдары КР УИАнын Тил жана адабият институтунда илимий кызматкер, 1986-90-жылдары бөлүм башчы, 1990-98-жылдар аралыгында КУУнун доценти, кафедра башчысы, докторанты, 1998-2000-жылдарда журналистика факультетинин деканы, 2000-2002-жылдар аралыгында Ысык-Көл мамлекеттик университетинин илимий жана окуу иштери боюнча проректору, 2003-2004-жылдары К. Карасаев атындагы БГУнун ректору, 2004-2005-жылдары Коомдук телерадио берүү корпорациясынын Президенти, 2005-2006-жылдары Чүй университетинин 1-проректору, 2006-жылдан тартып, И. Арабаев атындагы КМУнун Лингвистика институтунун директору, 2021-2022-жылдары Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасы кызматтарын аркалаган. Азыркы учурда КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институтунун азыркы кыргыз тили бөлүмүндө жетектөөчү кызматта иштеп келет.

С. Ж. Мусаевдин илимий, илимий-популярдуу, илимий-публицистикалык, илимий методикалык мүнөздөгү 500гө жакын илимий изилдөөлөрү бар. 250дөн ашык илимий макала, 25 илимий монография, 7 окуу-методикалык курал, орто мектептер үчүн 3 "Кыргыз тили" окуу китеби, ЖОЖдор үчүн 4 окуу китеби ж.б. илимий эмгектери жарык көргөн.

Академик С.Ж.Мусавдин «Кеп маданиятынын маселелери» (1993), «Кеп маданияты жана норма» (1999), «Текст: Прагматика.Структура» (2000), «Вопросы кыргызского языкознания» (2010), «Кыргыз адабий тили: улуттук доорго чейин жана улуттук доор мезгилинде (авторлош)» (2020) аттуу көлөмдүү монографиялык эмгектери ошондой эле жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттери, магистранттары, аспиранттары үчүн жазылган «Тил илимине киришүү» (2001), «Жалпы

тил илими» (1998), «Тил илими: илимий таанып-билүү жана тил илиминин тарыхы 1-бөлүк (авторлош)» (2020), «Тил илими: 2-бөлүк, тил илиминдеги жаңы багыттар (авторлош)» (2020) аттуу окуу китептери кыргыз тил илиминин ар түрдүү тармактары боюнча жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөрдө, магистрлик, кандидаттык, докторлук диссертацияларды жазууда теориялык жана методологиялык жактан таяныч болуп берүүчү, багыт берүүчү оригиналдуу эмгектер болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын илимине кошкон салымы үчүн бир катар сыйлыктарга татыган. КР Президентинин Ардак грамотасы, КР илим жана техника жаатындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, КТРКнын отличниги төш белгиси, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, КРнын илимине эмгек сиңирген ишмери, КРнын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы, КРнын “Манас” ордени ж.б.

Академик С.Ж.Мусаев докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоо боюнча ведомстволор аралык диссертациялык кеңештин төрагасы катары илимий-уюштуруучулук иштерди жигердүү алып баруу менен, илимий кадрларды даярдоого зор салым кошкон. Ал илимий кеңешчи, жетекчи катары илимдин 32 кандидатын, илимдин 8 докторун даярдап Академик С.Ж.Мусевдин академиялык мектебин түзгөн.

Сыртбай Жолдошович Мусаев акыйкаттыкты алдыга сүрөгөн, чындыкты бетке айта билген, куулук-шумдук жан дүйнөсүндө жашабаган, ак пейил, айкөл сапаттарга ээ бийик адам экендиги бардыгына маалым. Анын чечкиндүүлүгү, өткүрлүгү, эрктүүлүгү, ар кандай тоскоолдуктарга муюбаган кайратмандыгы, кыска жана таасирдүү сүйлөгөн кептери анын прагматик, чыныгы илимпоз-педагог экендигин көрсөтөт.

**Ардактуу Сыртбай Жолдошевич!** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын президенти жана жалпы жамааты Сизди 70 жылдык маарекеңиз менен чын жүрөктөн куттуктайт. Сиздин илимий-чыгармачылык, илимий-уюштуруучулук, илимий-жетекчилик, илимий-коомдук дараметиңиз арта берсин. Сизге бекем ден соолук тилейбиз.  Башыңыздан бакыт, колуңуздан дөөлөт кетпесин. Сиздин мээнетиңиз, үзүрлүү эмгегиңиз дайыма бизди келечекке шыктандырып турсун. Кийинки байсалдуу жолуңуз да кыргыз тил илимине чоң жаңылык киргизген баалуу эмгектер менен коштолсун! Сизге бекем ден соолук жана үй-бүлөлүк бакубат жашоо каалайбыз.

**КЫРГЫЗДЫН АТАКТУУ ИНСАНДАРЫ**

# УЛУУ АКЫН ТЕМИРКУЛ – УЛУТТУК ТАБЫЛГА



## КЫРГЫЗ ЭЛИНИН УЛУУ АКЫНЫ

## ТЕМИРКУЛ ҮМӨТАЛИЕВГЕ

## 115 ЖЫЛ

Темиркул Үмөталиев – кыргыз адабиятынын классиги, Кыргыз элинин улуу акыны, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери, элдин сыйына ээ болгон көрүнүктүү коомдук ишмер. Акындын чыгармачылык өмүрү кыргыз элинин тагдыры менен ажырагыс байланышта болгон.

Темиркул Үмөталиев Жаңы-Жол районуна караштуу Тоо-Жар айылында 1908-жылы туулган. 1925-жылы Темиркул Үмөталиев Ак-Суудагы жетим балдар үйүндө тарбияланып, андан кийин 1929-жылы Жалал-Абаддагы педагогикалык окуу жайын бүтүргөн. Ноокат районунда эки жыл мугалим болуп иштеп, кызыл үйдүн башчысы жана райком комсомолдун бөлүм башчылык кызматтарын аткарган.

1928–1929-жж. техникумда окуп жүргөндө Т.Үмөталиевдин кабарлары «Ленинчил жаш», «Кызыл Кыргызстан» гезиттерине үзбөй чыккан. 1931-жылы Фрунзеге келип, обком комсомолдун аппаратында бөлүм башчы болгон. 1932-ж. акын КПССтин мүчөлүгүнө өтөт. 1934–1935-жж. Араван МТСинде саясий бөлүмдүн начальнигинин комсомол иштер боюнча жардамчысы болот. Бул иште акын 1935-жылга чейин иштеп, андан кийин «Кыргызстан пионери», «Ленинчил жаш», «Кызыл Кыргызстан» газеталарында редактор, редактордун орун басары, бөлүм башчылык кызматтарды аткарат.



*Темиркул Үмөталиев жана Жоомарт Бөкөмбаев, 1928-ж.*

Акындын биринчи ырлары 1931-ж. басмадан чыккан жана биринчи китеби 1935-ж. жарык көргөн. Темиркул Үмөталиев өзүнүн балалык учурундагы оор күндөрдү, алгачкы билимге умтулган мезгили жөнүндө «Туура тарбия — турмушка жол», «Кылчайып артка карасак», «Өткөн өмүр, баскан жол» деген эскерүүлөрүндө кеңири баяндап кеткен.



*Темиркул Үмөталиев жана Алыкул Османов, 1934-ж.*

Эмгекчилердин көргөн күнүн, тарткан азабын кыйла ачык көрсөткөн. 1935-1936-жж. Т.Үмөталиевдин эки ырлар жыйнагы жарык көрөт. Акын басма сөздөргө жарыяланган алгачкы эле ырларында жаңы замандын эркин эмгегин, жаңылыктарын даңазалоого аракеттенген. 1930-жылдардагы поэзиясында эмгек темасы басымдуу орунду ээледи.




**Ырлар сырлары (1935ж.)**




**Темиркулдун ырлары (1936ж.)**




**Ырлар сырлары III китеп (1938ж.)**




**Суу боюнда (1939ж.)**




**Туратбай (1938ж.)**



**Гүлдөр өскөсү (1938ж.)**



**Өсөс өмүр 1939ж.)**



**Суу боюнда (1939ж.)**

1932-ж. Темиркул Үмөталиев Ташкентте, андан кийин 1936-ж. Москвадагы журналистика боюнча Коммунисттик институтун бүтүп келген. 1934-ж. жаш акын **Максим Горькийден СССР Жазуучулар Союзунун мүчөсү деген күбөлүгүн колуна алат.** Алгандардын арасында - *Касым Тыныстанов, Жоомарт Бөкөнбаев, Темиркул Үмөталиев, Кубанычбек Маликов, Касымалы Жантөшев,* ж.б. болгон. Фрунзеге келгенден кийин Темиркул Үмөталиев республикалык журнал-гезиттер менен чыгармачылык менен иштеше баштайт.

1935-жылы Темиркул Үмөталиев Ысык - Көл облусун кыдырып, элдик талант-манасчыларды, дастанчыларды, төкмө акындарды издеп жүрөт. Ысык-Көл облусунун Тоң районунда Саякбай Каралаев менен таанышат. Ал учурда Тоң районунун айыл башчысы болуп иштеген. Ошол мезгилден баштап Темиркул Үмөталиевдин жетекчилиги астында «Манас» эпосунун Каралаевдин толук вариантын жазуу башталат. 1938-жылы Темиркул Үмөталиев Саякбай Каралаевди

Кыргыз ССРинин Жазуучулар Союзунун катарына кабыл алган.

**1937-1941-жж. чейин Темиркул Үмөталиев Кыргыз ССР Жазуучулар союзунун төрагасы болуп иштейт.** Ошол жылы акын Москвадагы СССР Литфондунан бир нече акча каражат бөлүштүртүп Фрунзеге алып келет. Акындын демилгеси менен республикада биринчи жолу ***«Манас»*** эпосу менен көп деген кенже эпостор жыйналып-жазылып басмадан чыгарылат. Алардын арасында - ***«Курманбек», «Жаныш – Байыш», «Эр Төштүк», «Саринжи-Бөкөй», «Олжобай менен Кишимжан», «Кедейкан»*** ж.б. Эгерде бул иштер өз убагында жасалбаса, анда Улуу Ата Мекендик согуш башталып өтүп кеткенден кийин дастандарыбыздын тагдыры белгисиз болмок.

Ушул жылдарда Темиркул Үмөталиев Кыргыз ССР Жазуучулар союзуна бир топ манасчылар, акындар жана таланттуу кыргыз жазуучуларды кабыл алып республиканын жазуучулар уюмун бир далай кеңейтип сапатын да байытат. Жазуучулар уюмуна *Алыкул Осмонов, Мидин Алыбаев, Райкан Шүкүрбеков, Тазабек Саманчин, Мукай Элебаев, Абдрасул Токтомушев, Касымбек Эшмамбетов, Жусуп Турусбеков, Ясыр Шиваза ж.б. акындар менен драматургдар кабыл алынат. Ошондой эле Осмонкул Бөлөбалаев, Алымкул Үсөнбаев, Саякбай Каралаев, Атай Огонбаев, Калык Акиев, Абдыкалык Чоробаев* ж.б. төкмө-акындар, манасчылар, дастанчылар жана комузчулар алынган.



*Темиркул Үмөталиев Кыргыз ССР Жазуучулар союзунун төрага убагындагы (1939ж.)*

*1-чи катар (астында, сол жактан оң жакка): Саякбай Каралаев, Абдрасул Токтомушев, Темиркул Үмөталиев, Алымкул Үсөнбаев. 2-чи катар: (үстүндө, сол жактан оң жакка): Калык Акиев, Атай Огонбаев, Жусуп Турусбеков, Кубанычбек Маликов, Ясыр Шиваза. 1939 год.*

Отузунчу жылдардын экинчи жарымында Темиркул Үмөталиевдин чыгармачылык ишинде акындык чеберчилик жагынан жемиштүү болгон. Акындын “Туратбай” (1938ж.), “Айсулуу” (1941ж.), “Махабат” поэмалары, “Гүлдөрдүн өлкөсү” (1938ж.) деген ыр жыйнагы чыгат. Ошол мезгилде балдар үчүн да чыгармалар жаралат - ”Алп каракуш” (1940ж.), “Токумаш мерген” (1940ж.), “Күч бирдикте” (1954ж.) ж.б. Ушул сыяктуу ырлар жыйнагы, поэмалары, балдарга арналган чыгармалары согушка чейин эле журтчулукка кеңири белгилүү болуп калды.


Айсулуу поэмасы



Туратбай поэмасы


Гүлдөр өлкөсү


Алп каракуш


Күч бирдикте



Токтомуш мерген

**Улуу Ата Мекендик согуш** башталганда Темиркул Үмөталиев брону болсо да душман менен салгылашууга фронтко кеткен. Темиркул Үмөталиев <u>Калинин, Түндүк Кавказ, Кавказдын ары жагындагы, 2-чи, 3-чү, 4-чү Украина фронтторунун</u> курамында согушкан. Ал **Калинин (Тверь) облусу, Түндүк Кавказ, Түштүк Украина, Молдавия, Румыния, Болгария, Югославия, Венгрия, Австрияны** бошотконго катышкан, жарадар, контузия болгон. Темиркул Үмөталиев **“Кызыл Жылдыз” ордени, “Кавказды коргоо үчүн”, “Будапештти алуу үчүн”, “Германияны жеңип чыгуу үчүн” медалдары менен, “Улуу Ата Мекендик согуш ордени” менен сыйланган.**

Улуу Ата Мекендик согуш башталгандан аяктаганга чейин акын калемин таштаган жок. Аягы бүтпөгөн «Баатыр» поэмасын алаамат күндөрү бүтүп, басмага тапшырган. Согуштагы кыргыз жоокерлеринин эрдиктерин даңазалаган «Үч баатыр жөнүндө ыр», «Болотбек», «Акыркы ок» деген сыяктуу ырларды жана фронттук турмушту ачык чагылдырган лирикаларды жазган. Согуштун катаал күндөрү акындын чыгармачылыгына өчпөс изин калтырган.







*Темиркул Үмөталиев Украина фронтунда. 1944 жыл.*



*Фронт, 1944-ж.*

**ЖЕР КҮЙҮП ЖАТАТ**

Жердин бетин кызыл жалын каптады,
Койдой жайнап, танк тебелеп таптады.
Баарынан да батып кетти жаныма
Биздин жерде, биздин кандын акканы..,

Уккун жердеш, уста болсоң ок жаса,
Ким болсоң да билгин жоого көр каза.
Самолёт, танк, кийим, тамак баарын бер,
Жерди сакта душман менен кармаша.

Аскер болсоң: ар бир окту түз аткын,
Найзаңды сун, алга карай узаткын.
Куу душманды, жеткир аркы Берлинге,
Артка жылба, акса мейли, кан аксын!...

Өзүң издеп тапкын дагы дабасын,
Айыктыргын жүрөгүмдүн жарасын!
Бошот жерди, күйүп жаткан өрттү өчүр,
Тындыр, жердеш, энебиздин санаасын!

1942-ж.




1953ж.




1954ж.



1956ж.




1960ж.



*Москвада 1958-ж.*



*Москва. Кыргыз искусствосунун жана адабиятынын экинчи декадасы. 1958-ж.*
*Темиркул Үмөталиев сол жактан экинчиси; оң жактан экинчиси белгилүү котормочу Татьяна Стрешнева*



*Москва. 1958-ж.*



*Темиркул Үмөталиев кыргыз жазуучулары менен (Сооронбай Жусуев, Мидин Алыбаев, Байдылда Сарногоев, Муса Жангазиев, Качкынбай Осмоналиев, 1950-жж.)*



*Сол жактан биринчи катарда: Темиркул Үмөталиев төртүнчү, Касымалы Жантошев, Абдрасул Токтомушев, Аалы Токомбаев, Төрөбай Кулатов, Муратбек Рыскулов, Күлүйпа Кондучалова, Токтоболот Абдумомунов, Сооронбай Жусуев Сол жактан экинчи катарда: Мухтар Борбугулов, Чыңгыз Айтматов, Саткын Сасыкбаев, Байдылда Сарногоев ж.б. (1960-чи жж.).*



*Темиркул Үмөталиев Касымалы Жантошев, Мухтар Борбугулов менен китепканада. (1950-чи жж.)*

1946–1947-жж. жана 1951 – 1952-жж. Темиркул Үмөталиев Кыргыз Республикасынын Жазуучулар партия уюмунун секретары болуп иштеген. Ошол жылдары акын «Советтик Кыргызстан» журналында (акырында «Ала-Тоо» журналы) жигердүү иштеп, коомдук ишти да чыгармачылык менен катар ала жүргөн.

Улуу Ата Мекендик согуштан кийин акындын үч томдук жана эки томдук жыйнактары чыгып, анын арасында "Мекен күүсү", "Гүл турмуш жөнүндө ырлар", "Жүрөк эргүүсү" жана "Кубат", "Ак алтын", "Жыпар", "Каныбек" поэмаларында Советтик Кыргызстандын эмгекчилеринин, жумушчуларынын, колхоздук дыйкандарынын жана интеллигенциянын талыкпай иштеген эмгегин даңазалаган.

1952-ж. июль айында Фрунзе шаарында **"Манас"** эпосун изилдөө боюнча Бүткүл Союздук конференцияда Темиркул Үмөталиев активдүү катышкан. Акын кыргыз элинин улуу эпосун эзелки чыгарма катары сактап калуу жагынан эң чоң салымын кошкон. Бул конференцияда белгилүү казак элинин жазуучусу, илимпоз жана "Манас" эпостун кызуу жактоочусу **Мухтар Ауэзов** да катышкан эле. Натыйжасында Темиркул Үмөталиев менен Мухтар Ауэзовдун аралыгында достук мамиле жаралган.



*Россиядан келген эпос изилдөөчүлөр менен чогуу Темиркул Үмөталиев жана Саякбай Каралаев. Фото: 1962-чи ж.*



*Темиркул Үмөталиев жана Саякбай Каралаев. Фрунзе, 1967- ж.*

1954-ж. декабрь айында Фрунзе шаарында СССР Илимдер Академиясындагы Кыргыз филиалынын негизинде Кыргыз ССРнин Илимдер Академиясы түзүлгөн, анда “Манас” эпосун изилдөө жагынан биринчи жолу илимий борбор ачылган. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин Биринчи катчысы Исхак Раззаков Темиркул Үмөталиевге академик болгонго сунуш берген: “Темиркул Үмөталиевич, сизди академик болсун деп сунуштайбыз”, - десе, ал: “Ырахмат, мен акынмын, акын боюнча эле калайын, бирок Илимдер Академиясында “Манас” изилдөө борбору ачылсын, деп сурайт элем”. Ошентип, **Манастаануу сектору** деп атап, Темиркул Үмөталиев Кыргыз ССРнин Илимдер Академиясында бөлүмдүн ачылышына себепкер болгон. “Кыргыз Академиясынын фондусунда Саякбай Каралаевден жазылып алынган жарым миллион сапка жакын “Манас” эпосунун үч бөлүмү бар”.[1]

Темиркул Үмөталиев Токтогул Сатылгановдун атын түбөлүккө калтырыш үчүн зор салымын кошуп улуу акындын мурасын сактоого жана изилдөөгө көп эмгегин жумшаган. 1964-ж. **Токтогул Сатылгановдун 100-жылдыгына** карата Кыргыз ССРнин Өкмөтү Токтогулдун мурасын жыйноо-сактоо боюнча ССРнин Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы Төрөбай Кулатовдун жетекчилиги менен Темиркул Үмөталиев анын орун басары болуп дайындалган. 1967ж. Темиркул Үмөталиев Республиканын Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгын уюштурууга да демилгечи болгондордун бири эле. Андан соң Темиркул Үмөталиев Кыргызстандагы негизги ГЭС Токтогулдун атына ыйгаруу боюнча демилгечилердин башында турган.



*Токтогул Сатылгановдун 100 жылдык мааракесинде. Трибунада: Темиркул Үмөталиев. Президиумда: Кубанычбек Маликов, Алымкул Үсөнбаев, Гүлсара Сатылганова (Токтогулдун кызы), Касымалы Жантошев. (1964-ж.)*

[1]*Манас. I китеп. Кыргызмамбас. Фрунзе, 1958, 14-б.*



*Токтогул ГЭС курулушунда, 1967-ж.*

Элдик оозеки-поэтикалык мурастын таланттуу пропагандисти жана көрүнүктүү коомдук ишмер катары Темиркул Үмөталиев Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана маданий, илимий ишмерлердин сыйына ээ болгон. **Исхак Раззаков, Турдакун Усубалиев, Ахматбек Сүюмбаев, Төрөбай Кулатов, Абды Сүөркулов, Кулийпа Кондучалова, Абсамат Масалиев, Иса Ахунбаев, Болот Юнусалиев, Курман-Гали Каракеев, ж.б. Темиркул Үмөталиевдин** кыргыз адабияты, поэзиясынын жана биздин өлкөбүздүн маданий турмушунун өнүгүшүнө кошкон салымын жогору баалашкан. Кыргыз ССРинин Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин Биринчи катчысы Турдакун Усубалиев мындай жазган эле: "*Темиркул Үмөталиев өз заманынын, совет доорунун чыныгы эр жүрөк, патриот уулу эле. Ошондуктан, акын Темиркул жүрөгү сокпой калганга чейин улуу өлкө деп эсептелген көп улуттуу советтик түзүлүштү, элдердин ортосундагы интернационалдык достукту, ынтымакты, эл-жерди сүйүүнү, ак эмгекти, тазалыкты жана ар-намыстуулукту даңктап жүрүп өттү*". (Темиркул. "Журт агасы Темикем". Бишкек, 2003, 8-б.).




*Сол жактан: Түгөлбай Сыдыкбеков, Темиркул Үмөталиев, Касымалы Баялинов, Аалы Токомбаев, Ясыр Шиваза*

Темиркул Үмөталиев совет жана орус классикалык адабиятынын таланттуу котормочусу болгон. Ал А.С. Пушкиндин, М.Ю. Лермонтовдун, Н.А. Некрасовдун, В.В. Маяковскийдин, Н.С. Тихоновдун, Я.В. Смеляковдун, Я. Купала, Н.П. Бажандын ж.б., ошондой эле дүйнөлүк классика поэзиясы - Алишер Навои, Абулькасим Лахути, Мирзо Турсун-заде, Эми Сяо ж.б. жазуучулардын чыгармаларын кыргыз тилине которгон.



*Темиркул Үмөталиев иш үстүндө*



*Темиркул Үмөталиев жаш окурмандардын арасында, 1970- жж.*

Темиркул Үмөталиев балдар үчүн да көп чыгармаларды жараткан. Анын чыгармалары кыргыз мектептер үчүн хрестоматияларга киргизилген. Акын адабияттагы жарым кылымдык ишмердүүлүгүндө кыркtан ашык ыр жана поэмалардын жыйнактарын чыгарган. Анын китептери орус, өзбек, казак, тажик, литва тилдерине которулган. Темиркул Үмөталиевдин ырлары немец, англис, испан, француз, венгер, поляк тилдерине которулуп, антологияларга кирген.










1968ж. 1974ж. 1977ж. 1978ж. ж.б.



*Темиркул Үмөталиев иш үстүндө 1980- жж.*

Темиркул Үмөталиев көптөгөн жаш жазуучуларга, адабиятчыларга китептерин чыгарганга жардам берип, премия, сыйлыктарды сунуштап, жашоо-тиричилигине да жардам берип турган, алардын арасында - *Түгөлбай Сыдыкбеков, Сүйүнбай Эралиев, Соoронбай Жусуев, Токтоболот Абдымомунов, Муса Жангазиев, Түмөнбай Байзаков, Камчыбек Джунусов, Мухтар Борбогулов, Төлөгөн Касымбеков, Төлөн Шамшиев, Асанбек Стамов, Смар Шимеев, Майрамкан Абылкасымова, Турар Кожомбердиев* ж.б. Кийин көбү кыргыз адабиятынын классиктери болуп калышкан. Акын кыргыз көркөм адабиятынын сынчыларын, публицисттерин да тарбиялап, даярдаган - *Камбаралы Бобулов, Дженбай Самаганов, Мухтар Борбугулов, Салижан Жигитов* ж.б.

**Темиркул Үмөталиев** менен **Чынгыз Айтматовдун**, эки таланттын ортосундагы болгон алака-катыш өзгөчө достук мамиледе жана бийик адамгерчиликте болгон.

Чынгыз Айтматовдун «Жамийла» повести көпчүлүк кыргыз жазуучулары тарабынан кабыл алынбай калганда акын Темиркул Үмөталиев жаңыдан жазып келаткан жазуучуну көкүрөк керип коргогон! 1959-ж. Фрунзеге казак адабиятынын классиги Мухтар Ауэзов келгенде Темиркул Үмөталиев Ч.Айтматовду казак элинин улуу жазуучусу менен жолугуштуртуп, тааныштырган. Ошол окуялардан кийин Темиркул Үмөталиев менен Чынгыз Айтматовдун ортосунда бекем достук мамиле жаралган.



*Темиркул Үмөталиев, Расул Гамзатов, Чыңгыз Айтматов Ала-Арчада, 1968-ж.*



*Темиркул Үмөталиевдин 80 жылдык мааракесинде. Салтанаттуу чогулушту Чыңгыз Айтматов өзү алып бара жатат. 1988-жыл.*

XX к.1970 – 1980-жж. Темиркул Үмөталиев үчүн чыгармачылык жагынан эң эле жемиштүү болгон. Ошол жылдары «Тоо гүлдөрү», «Таңшы комуз», «Тегене», «Башталыш», «Кубултуу», «Ырлардын кечки уясы», «Кыш өмүрү», «Алпкаракуш», «Кыргыз кайрыктары» ж.б. жыйнактар жаралган. Ушул жылдары акындын 115 китеби басылып чыккан!




Чыгармалар жыйнагы I-том, 1971ж.




Чыгармалар жыйнагы II-том, 1971ж.




Тандалмалар I-том, 1989ж.




Тандалмалар II-том, 1989ж.




Темиркул 2003ж.

1968-ж. Темиркул Үмөталиев "Кыргыз эл акыны" деген ардактуу наамга ээ болгон. 1982-ж. "Тоо гүлү" ыр жыйнагы үчүн акын Кыргыз Республикасынын Токтогул Сатылганов атындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты болгон.

Кыргыз улуттук адабиятын өнүктүрүүдөгү зор эмгеги үчүн Темиркул Үмөталиев **"Ленин", "Эмгек Кызыл Туу", "Элдердин достугу", "Октябрь революциясы", эки жолу "Ардак белгиси" ордендери, ошондой эле майдандагы эрдиги үчүн "Кызыл Жылдыз", "Улуу Ата Мекендик согуш ордени", "Кавказды коргоо үчүн", "Будапештти алуу үчүн", "Германияны жеңип чыгуу үчүн" медалдар менен сыйланган, мурдагы Союздун жана республиканын бир нече Ардак грамоталары менен сыйланган.**



*Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы Төрөбай Кулатов Темиркул Үмөталиевге Эл достугу орденин тапшырып жатат, 1970-жж.*

1988-ж. Темиркул Үмөталиевдин 80-жылдык маарекесине карата Кыргыз ССРинин Жазуучулар Союзунун атынан акын **Социалисттик Эмгектин Баатыры** деген наамга көрсөтүлгөн.

Турдакун Усубалиев жазган: "*Темиркул Үмөталиевдин акындык талантына зор маани берип, анын Ата Журт алдында сиңирген эмгегин жогору баалап, ага сонун монумент эстелик тургузуп, Ош шаарындагы университетти анын ысымына ыйгарып отурганы үчүн биз Кыргыз Республикасынын тунгуч Президенти Аскар Акаевич Акаевге зор ыраазычылыгыбызды билдиребиз. Темикенин арбагы эли - жерине ыраазы болсун. Улуу акын, касиеттүү карыябыз эли жеринин эси - көөнүнөн эч качан кетпей, тарых барагынан өчпөй, кылымдан кылым карытарына ишенебиз.* (Темиркул. "Журт агасы Темикем". Бишкек, 2003, 10-б.).

Эл катмарынан кайнап чыгып, өмүрү өткүчө эл турмушун ырдаган эң сонун акын, замандын таккан сыноолоруна сергек поэзиясы, граждандык кажыбастыгы менен татыктуу жооп берген улуттук адабиятыбыздын көрүнүктүү өкүлү узакка созулган чыгармачылык ишмердигинде өзү үчүн өлбөс-өчпөс эстелик тургузду. Ал Тынчтыкты коргоо комитетинин мүчөсү, Республиканын китеп сүйүүчүлөр коомунун алмашуусуз төрагасы болуп ийгиликтүү иштеген. Улуттук маданиятыбыздын өнүгүшүнө орошон салымын кошкон улуу инсандын өрнөгү азыр да уланып жатат.



**Арбагы ыраазы болсун!**

***Карасам кыргыз жерин шашылбай жай:***
***Гүлгө бай, шиберге бай, сууларга бай.***
***Көлү көп, кар жамынган тоолору көп,***
***Кызыгып карайт көктөн күн менен ай.***
***Карасам кыргыз элин шашылбай жай:***
***Ойго бай тоонун таза абасындай.***
***Ырга бай айтып бүткүс “Манасындай”,***
***Таалайын сактайт көздүн карасындай.***

***Темиркул Үмөталиев***



# СВЕДЕНИЕ ОБ АВТОРАХ
# АВТОРЛОР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ

**Аманов К. А.,** кандидат геолого-минералогических наук, заслуженный работник Национальной академии наук Кыргызской Республики, ветеран труда

**Амирова Э.Дж..,** главный специалист кафедры «Терапия» УНПК «Международный университет Кыргызстана»., e-mail: elmiraamilova00@gmail.com

**Араев Ч.,** преподаватель Азиатского медицинского института

**Атабекова Н. К.,** к.ю.н., к.ф.н., доцент, и.о. проф. кафедры международного, предпринимательского права и политологии, Международный университет Кыргызской Республики

**Бактыбекова А. Б.,** аспирант НАН КР., e-mail: aygerim.baktybekovna@bk.ru

**Досумбетов Д. К.,** аспирант института государства и права НАН КР

**Кадыркулова Н.К.** к.и.н., ОшТУ, доцент

**Джумалиева А. Т.,** декан факультета Журналистики и Массовых Коммуникаций АУЦА, аспирант DBA (Doctor of Business Administration) РАНХиГС ВШКУ, e-mail: dzhumalieva_a@auca.kg

**Иманбеков У. Т.** кандидат политических наук, доцент Кыргызский национальный университет имени Жусупа Баласагына Кыргызская Республика, город Бишкек

**Калканбаев Н.Б.,** генеральный штаб Вооруженных Сил Кыргызской Республики

**Каратаев О.К.,** профессор, доктор исторических наук

**Козубаев Ө.,** доктор философских наук, профессор заведующий отделом Института философии имени академика А.Алтмышбаева

**Мансуров К. Т.,** к. ф.-м.н профессор ОшТУ имени М.М. Адышева

**Мирсайитов И. Э.,** старший научный сотрудник, кандидат политических наук

**Молдогазиева Г. Т.,**научный работник

**Молдокадыров А.,** директор компании “Tida international”, Чешская Республика

**Музапар Д.Ж.,** аспирант Института государства и права Национальной академии наук Кыргызской Республики, магистр юридических наук, преподаватель Евразийского технологического колледжа

**Оморов Р. О.,** доктор технических наук, профессор, член-корр. НАН КР, академик Международной и Национальной инженерной академий, Институт машиноведения и автоматики Национальной академии наук Кыргызской Республики (ИМА НАН КР)

**Омурбек кызы К.,** младший научный сотрудник Институт сейсмологии НАН КР

**Омуралиев М.,** кандидат геолого-минералогических наук Институт сейсмологии НАН КР

**Омуралиева А.,** кандидат геолого-минералогических наук Институт сейсмологии НАН КР

**Ракимбаев Э.Н.,** доктор юридических наук, профессор кафедры Конституционного, международного права и таможенного дела университета Кунаева, Председатель Народного Конгресса местных сообществ Казахстана

**Сапиева Н.Э.** аспирант, e-mail: nuria84kg@mail.ru 0779 389-659

**Сулайманов А.,** научный сотрудник Института философии имени академика А.Алтмышбаева

**Табылды кызы Н.,** аспирант, Института философии им. академика А.А. Алтмышбаев НАН КР

**Текенова С. Ж.,** старший научный сотрудник, кандидат исторических наук Центр социальных исследований, Институт философии им. А. Алтмышбаева НАН КР

**Урусова И.Р.,** к.ф.-м.н., доцент
**Урусова Т. Э.,** д.ф.-м.н., профессор
**Эркебаев А. М.,** аспирант, института государства и права НАН КР
**Эшназарова З. Б.,** Южный филиал НАН КР

**УТВЕРЖДЕНО**
**Постановлением Президиума НАН КР**
**от 25 мая 2016 года № 25**
**(В редакции постановлений от 28 октября 2020 года № 43)**

# ПАМЯТКА ДЛЯ АВТОРОВ И ПРАВИЛА ОФОРМЛЕНИЯ МАТЕРИАЛОВ ДЛЯ ПУБЛИКАЦИИ

Редакция журнала «Известия НАН КР» убедительно просит авторов руководствоваться приводимыми ниже правилами и ознакомить с ними, прежде чем предоставят статьи в редакцию. Работы, оформленные без соблюдения этих правил, возвращаются без рассмотрения.

1. Журнал публикует сообщения об исследованиях в области технических, естественных и общественных наук, авторами которых являются академики, члены-корреспонденты, научные сотрудники, иностранные члены НАН КР и другие.

Статьи публикуются в электронных и бумажных вариантах. Электронная версия журнала будет размещаться на сайте **www.ilim.naskr.kg.**

2. Для опубликования статьи в журнале необходима рецензия, представленная доктором наук по соответствующей специальности в печатном и электронном варианте.

3. Письмо в произвольной форме на имя главного редактора журнала «Известия НАН КР», Президента НАН КР Абдрахматова К.Е.

4. Авторы должны предоставить индекс по Универсальной десятичной классификации **(УДК).** К статье прилагаются фамилии авторов на трех языках **(русском, кыргызском, английском)**, а также электронные версии текста статей и рисунков.

5. В начале статьи нужно указать полное название учреждения, в котором выполнено исследование, фамилии, имена, отчества, научные звания и регалии всех авторов. В конце статьи продублировать указанные данные, добавив почтовый индекс, **номера телефонов (служебный, домашний, мобильный), факс и электронную почту, место работы, адрес (страна, город), каждого автора на трех языках (кыргызский, русский и английский).** Необходимо также указать лицо, с которым редакция будет вести переговоры и переписку.

6. Авторы в обязательном порядке прописывают названия темы статей, аннотации и ключевые слова на русском, кыргызском и английском языках. Носитель – Диск или флеш-карта.

7. Возвращение рукописи автору на доработку не означает, что она принята к печати. После получения доработанного текста рукопись вновь рассматривается редколлегией. Доработанный текст автор должен вернуть вместе с исходным экземпляром, а также с ответом на все замечания. Датой поступления считается день получения редакцией окончательного варианта.

8. Редакция журнала «Известия НАН КР» принимает сообщения объемом до **15 печатных листов, размер шрифта – 14-й через 2 интервала.** Рисунки должны быть выполнены четко, в формате, обеспечивающем ясность передачи всех деталей. Каждый рисунок должен сопровождаться подписью независимо от того, имеется ли в тексте его описание. Страницы должны быть пронумерованы. В тексте нельзя делать рукописные вставки и вклейки. Математические и химические формулы и символы в тексте должны быть набраны и вписаны крупно и четко. Следует избегать громоздких обозначений. Занумерованные формулы обязательно включаются в красную строку, номер формулы ставится у правого края. Желательно нумеровать лишь те формулы, на которые имеются ссылки.

9. Ссылки в тексте на цитированную литературу даются в квадратных скобках, например [1]. Список литературы приводится в конце статьи. **Для книг:** фамилия и инициалы автора, полное название книги, место издания, издательство, год издания, том или выпуск и общее количество страниц. **Для периодических изданий:** фамилия и инициалы автора, название журнала, год издания, том, номер, первая и последняя страницы статьи. Ссылки на книги, переведенные на русский язык, должны сопровождаться ссылками на оригинальные издания с указанием выходных данных.

10. Электронный вариант статей и предоставленных рецензий высылаются авторами на почту **ilimbasma@mail.ru.**

11. Не принятые к публикации работы авторам не высылаются.

12. Статьи и материалы, отклоненные редколлегией, повторно не рассматриваются.

13. Для покрытия расходов на публикацию материалов сумма оплаты за публикацию статьи составляет для авторов, не являющихся членами НАН КР – 1000 сомов; для авторов из стран СНГ – 50 долларов США; для авторов из стран дальнего зарубежья – 60 долларов США.

Издательская группа:
*директор М.А.Токтоболотов (руководитель),*
*Ж.И. Кочкорбаева, Табылды к. Н., Таштанбек к. Б., Сариев А., Кабилов К.*

Подписано в печать 20.12.2023 г. Формат 60×84 $^{1}/_{8}$.
Печать офсетная.
Тираж 100 экз.

Издательский центр «Илим» НАН КР
720071, г. Бишкек, пр. Чуй, 265а